КЫРГЫЗ БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2017

Бишкек-2018

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2017-жыл үчүн жылдык отчету**

Улуттук банктын 2017-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-декабрындагы №206 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамынын 54 жана 55-беренелерине ылайык даярдалган.

Жылдык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 14-мартындагы №2018-П-15/8-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

2017-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн финансылык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2018-жылдын 14-мартындагы №2018-П-15/8-2-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

Төрага Н. Жениш

Кеңештин мүчөлөрү: Сыдыков А.К
Айдарова А.К.
Алыбаева С.К.
Карабаева А.М.
Каракожаев А.М.
Чалбаев С.А.

Жооптуу катчы Сырдыбаева Н.М.

Жылдык отчет Улуттук банктын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун кызматкерлери тарабынан мамлекеттик тилге которулган.

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын Басылмалар тобуна кайрылуу зарыл.
телефону: (996 312) 61 08 59
факсы: (996 312) 61 09 92
электрондук почта: nsyrdybaeva@nbkr.kg
расмий интернет-сайт: www.nbkr.kg

Сандардын тегеректелишинен улам, акыркы катарда чагылдырылган суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга жол берилет, ал эми шилтеме келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2018-жыл

Корректор: Доолоталиева Г.С.
Бишкек шаары, К. Тыныстанов атындагы көчө, 197/1 дареги боюнча жайгашкан
«M-MAXIMA» ЖЧКсы тарабынан басып чыгарылган
Басып чыгарууга 2018-жылдын 24-апрелинде кол коюлган
2018-жылдын 27-апрелинде 250 нускада чыгарылган

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү ..................................................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2017- ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ..........8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ....................................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору ..................................10
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (балансы)..............................................................................11
1.4. Банк сектору ..............................................................13
1.5. Банктык эмес финансы-кредит уюмдары сектору .....18
1.6. Финансы рыноктору ....................................................22
1.6.1. Валюта рыногу ........................................................22
1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу............................24
1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу .........................................25
1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар жана Улуттук банктын ноталары рыногу..............................................25
1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери ...................25
1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары ............27
1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары ............................28
1.6.3.1.4. Мамлекеттик жана башка баалуу кагаздар....29
1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу ...........29
1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу .....................30

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ.............................36

2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо ...................................36
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу ......................38
2.2.1. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар ....................................................................40
2.2.2. Ноталар менен ишке ашырылган операциялар...41
2.2.3. Банктарды кайра каржылоо..................................41
2.2.4. Милдеттүү камдык талаптар................................42
2.3. Эл аралык камдарды тескөө........................................44
2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ....................45

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ......48

3.1. Банктык көзөмөл .........................................................48
3.1.1. Лицензиялоо ..........................................................48
3.1.2. Тышкы көзөмөл ....................................................49
3.1.3. Инспектордук текшерүүлөр .................................51
3.1.4. Таасир этүү чаралары ............................................52
3.2. Банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине көзөмөл ...................................................................53
3.3. Керектөөчүлөр укугун коргоо....................................55
3.4. Көзөмөлдүккө алуу жана жөнгө салуунун усулдук ыкмалары ...........................................................................55

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ..................................59

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү.....................................59
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр .........................................59
4.1.2. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары...............................................................63
4.1.3. Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт) ........................................................................63
4.1.4. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар.....................................................................64
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ...............................................65

5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ ...................71

5.1. Эл аралык кызматташуу ..............................................71
5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу .........................73

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР .......77

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү..................................................................................77
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын иши........................................................85
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү..................................87
6.4. Финансылык маселелер боюнча консультант милдетин аткаруу ..............................................................88
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы ..........92

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ .........96

7.1. Көз карандысыз аудитордун отчету (корутундусу)...................................................................97
7.2. 2017-жылдын 31-декабрына карата түптөлгөн финансылык абал жөнүндө отчет...............................100
7.3. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчет .............................................................101
7.4. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет....................102
7.5. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет .........103
7.6. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет .....................105
7.7. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр.............107

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2017- жылы акча-кредит чөйрөсүндө орун алган негизги окуялар тизмеги ....................................166
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).......................................175
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары .............................200
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси.............205

**Урматтуу окурмандар,**

Улуттук банктын 2017-жыл үчүн жылдык отчету Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" жаңы мыйзам талабына ылайык даярдалган. Учур талабына жооп берген банк ишинин жана алдыңкы эл аралык тажрый-банын талаптарына жооп берген бул мыйзамдын күчүнө кириши банктык мыйзамдарда орун алган дал келбестиктерди четтетип, аларды бири-бирине шайкеш келтирүүгө шарт түзгөн.

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукка жетишүүгө жана анын сактап турууга багытталган ишти уланткан. Жүргүзүлгөн акча-кредит саясаты инфляцияны белгиленген көрсөткүч чегинде чектеп туруу үчүн шарт түзүүгө, ошол аркылуу орто мөөнөттүк мезгил ичинде туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылууга өбөлгө түзгөн. Калктын улуттук валютага карата ишенимин арттырууда олуттуу илгерилөө жетишилип, долларлаштыруу деңгээли тарыхый минимумга жеткен. Улуттук банк кабыл алган чаралардын таасирдүүлүгүн күчөтүү үчүн акча-кредит саясатынын каражаттары өркүндөтүлгөн.

2017-жылы акча-кредит чөйрөсүндө экономиканын реалдуу секторун колдоого алуу үчүн шарт түзүлгөн. Улуттук валютада ресурстарды сунуштоо чөйрөсү кеңейтилген, бул түпкү керектөөчүлөр үчүн кредиттер боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүүгө жана бүтүндөй экономиканын өнүгүшүнө дем берген.

Банктык жана банктык эмес финансы-кредит секторунун негизги көрсөткүчтөрү отчеттук жылы алардын арымдуу өнүгүүгө ык койгондугун тастыктайт. Улуттук банк мыйзамдарда белгиленген талаптарды аткаруунун алкагында, башка кабыл алынган чаралар менен катар эле, айрым банктарды капиталдаштырууну көбөйтүү жагында чараларды көргөн, бул негизинен, банк тутумунун финансылык туруктуулугун бекемдөөгө жана ишенимдүү иштөөсүнө жетишүүгө багытталган.

Улуттук төлөм системасы да туруктуу жана коопсуз шартта иштеген. Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча (2012-2017-жылдарга каралган) мамлекеттик программанын экинчи баскычы аягына чыгарылып, анын жыйынтыгы боюнча нак эмес төлөмдөр саны жана көлөмү олуттуу өскөндүгү катталып, социалдык төлөөлөрдү жана бюджетке төлөмдөрдү нак эмес формага өткөрүү жагында долбоорлор ишке ашырылган.

Улуттук банктын негизделишинин 25 жылдыгы 2017-жылдагы маанилүү окуядан болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 1992-жылдын 6-мартында Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкын Улуттук банкка өзгөртүп түзүү чечими өз алдынча акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн, улуттук валютаны жүгүртүүгө чыгаруунун, өлкөнүн банк жана төлөм системаларын калыптандырып, алардын өнүгүшүнө түрткү берүүнүн негизин түптөгөн.

Улуттук банк ушул отчетту даярдоодо ачык-айкындуулук, тактык жана маалыматтарды толук чагылдыруу принцибине таянган. Жылдык отчет өлкөнүн борбордук банкынын ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруусу жагында ишти чагылдырып, көз карандысыз эл аралык аудитор тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт.

**Ишиңиздерге ийгилик каалап,**

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫ

2017-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын экономикасында алгылыктуу өсүш ыргагы сакталып турган. Инфляция орточо деңгээлде катталып, Улуттук банктын максаттуу көрсөткүчүнөн жогорулаган эмес.

Экономикалык өсүш, тышкы жана ички суроо-талаптын жогорулоосу, акча которуу агымынын өсүшү өнүгүүгө өбөлгө түзгөн акча-кредит саясаты менен колдоого алынган. Өнөр жайы, соода, курулуш жана айыл чарба секторлору экономиканын өсүшүнө олуттуу салым кошкон.

Мындан тышкары, финансы-кредит уюмдарынын иш багытынын негизги көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу байкалган. Банк секторунун капитал шайкештигинин алгылыктуулугу финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу үчүн кудуретке ээ экендигин тастыктаган, ал эми тобокелдиктерди орточо чекте чектеп турууга мүмкүн болгон. Банктык эмес финансы-кредит уюмдары отчеттук жыл ичинде арымдуу өнүгүүгө жетише алган.

Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжасында 2017-жылы банк секторунун долларлашуу деңгээлин кыскартуу иши улантылган.

Бүтүндөй алганда, финансы секторунда жагдай туруктуу катталып, банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунун иш жигеринин арткандыгы байкалган. Жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын сомго карата курсу 0,6 пайызга төмөндөгөн.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

Өлкө экономикасында отчеттук жылы алгылыктуу өсүш арымы сакталган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (КР УСКсынын маалыматы боюнча, ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) ошол учурдагы баадагы көлөмү

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмдүн түзүмү[2]

| | 2016-жыл | | | 2017-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100** | **4,3** | **4,3** | **100** | **4,6** | **4,6** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 12,8 | 2,9 | 0,4 | 12,3 | 2,2 | 0,3 |
| Өнөр жай | 18,2 | 5,9 | 1,0 | 18,2 | 10,3 | 1,9 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | 0,6 | 27,0 | 0,2 | 1,0 | 78,4 | 0,5 |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | 15,4 | 5,8 | 0,8 | 15,1 | 7,6 | 1,2 |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | 1,9 | -2,6 | -0,04 | 1,9 | 10,1 | 0,2 |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | 0,2 | 3,3 | 0,01 | 0,2 | 6,6 | 0,02 |
| Курулуш | 8,4 | 9,3 | 0,8 | 8,2 | 7,1 | 0,6 |
| Кызмат көрсөтүү | 47,5 | 3,4 | 1,7 | 48,0 | 2,6 | 1,2 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | 17,9 | 8,0 | 1,5 | 17,9 | 3,5 | 0,6 |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | 3,8 | 0,1 | 0,002 | 3,9 | 7,6 | 0,3 |
| *Маалымат жана байланыш* | 3,5 | -9,1 | -0,4 | 3,6 | -0,6 | -0,02 |
| *Жана башкалар* | 22,3 | 2,4 | 0,5 | 22,6 | 1,5 | 0,3 |
| Азык-түлүктөн таза (субсидияларды эсептен алып салуу менен) салыктар | 13,1 | 4,3 | 0,5 | 13,3 | 4,6 | 0,6 |

*Булагы: КР УСК*

[1] Алдын ала маалыматтар боюнча.
[2] Маалыматтар дүң кошумча нарк боюнча келтирилген.

алдын ала айкын туюндурууда 4,6 пайызга көбөйүп, 521,0 млрд сомду түзгөн (2016-жылы өсүш 4,3 пайыз чегинде катталган эле). ИДӨ дефлятору 2016-жылдагы 6,1 пайызга караганда 4,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Экономикалык өсүш жогоруда белгиленип кеткендей эле, өнөр жайы, соода, курулуш жана айыл чарба сектору тарабынан колдоого алынган. "Кумтөр" ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 4,7 пайызды түзгөн (2016-жылы – 4,3 пайыз).

*Өнөр жай өндүрүшү*

Жыл жыйынтыгы боюнча өнөр жай секторунда олуттуу өсүш катталган. Өнөр жай ишканалары 230,8 млрд сом суммасына продукция өндүрүп, анын физикалык көлөмү бир жыл мурдагыга салыштырганда 11,6 пайызга көбөйгөн. Мындан тышкары, өнөр жай секторунда "Кумтөр" ишканаларындагы өндүрүш көлөмүнүн үлүшү 43,8 пайызга жакынды түзгөн. Мында, "Кумтөр" ишканаларын эске албаганда, өнөр жай продукциясын өндүрүү көлөмү жыл жыйынтыгы боюнча 18,6 пайызга көбөйгөн. Өнөр жай секторунун экономиканын өсүшүнө салымы алгылыктуу болуп, 1,9 пайыздык пункт чегинде катталган (2016-жылы бул көрсөткүч 1,0 пайыздык пунктту түзгөн эле).

Өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн артышы металл кендерин казып алуу, иштетилбеген мунайды жана жаратылыш газын өндүрүү, тазаланган мунай заттарын, резинадан жана пластмассадан буюмдарды жасоо, башка металл эмес буюмдарды чыгаруу, тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошо алганда), тамекини, негизги металлды даярдоо көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

ИДӨнүн түзүмүндө өнөр жайдын салыштырма салмагы кароого алынган жыл ичинде 18,2 пайызды түзгөн.

***<u>1.1.1-график.</u>***

ИДӨнүн экономикалык иш багыттары боюнча түзүмү[1]




*Айыл чарбасы*

Айыл чарба продукциясынын дүң көлөмү отчеттук жылы номиналдык туюндурууда 207,4 млрд сомду түзгөн, ал эми айкын өсүш 2016-жылдагы 2,9 пайызга каршы 2,2 пайыз чегинде катталган. Бул сектор ИДӨнүн өсүшүнө алгылыктуу салым кошуп, 0,3 пайыздык пункт чегинде калыптанган.

Айыл чарба продукциясынын дүң көлөмүнүн өсүшүнө өсүмдүк өстүрүүнүн сыяктуу эле, мал чарба продукцияларынын көбөйүүсүнүн эсебинен жетишилген.

ИДӨнүн түзүмүндө айыл чарбанын салыштырма салмагы 12,3 пайыз чегинде түптөлгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү*

2017-жылы чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр көлөмү 2016-жылга салыштырганда 2,6 пайызга өскөн. Бул тармактын ИДӨнүн өсүшүнө салымы негизинен, дүңүнөн жана чекене соода жүргүзүү, автоунааларды жана мотоциклдерди ремонттоо (3,5 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен колдоого алынып, 1,2 пайыздык пунктту түзгөн. Мында, байланыш кызматтарын сунуштоо көлөмүнүн кыйла төмөндөшүнөн улам, маалымат жана

[1] Маалыматтар дүң кошумча нарк боюнча келтирилген.

байланыш чөйрөсүнүн төмөндөшү (0,6 пайызга) кызмат көрсөтүүлөр секторунун өсүшүнө ооздуктоочу таасирин тийгизген.

Дүңүнөн жана чекене сатуу, автоунааларды жана мотоциклдерди ремонттоо көлөмүнүн өсүшү, эң оболу, ушул тармакты түзүүчүлөр боюнча атап айтканда, дүңүнөн жана чекене сатуу көлөмүнүн артышынын эсебинен жетишилген.

*Курулуш*

Курулуш секторунун продукциясынын дүңүнөн алгандагы жалпы көлөмү жыл ичинде номиналдык туюндурууда 140,2 млрд сомду түзгөн, бул айкын туюндурууда 2016-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 7,1 пайызга көп. Сектор ИДӨнүн калыптанышына 0,6 пайыздык пункт деңгээлинде алгылыктуу салым кошкон, бул негизги капиталга инвестиция көлөмүнүн артышы менен шартталган.

*Инвестициялар*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде негизги капиталга багытталып, өздөштүрүлгөн инвестициялар көлөмү салыштырма баада 6,2 пайызга көбөйүү менен 144,7 млрд сом чегинде катталган (2016-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 5,8 пайызды түзгөн эле). Негизги капиталга инвестициялардын өсүшү пайдалуу кен байлыктарын казып алуу, кайра иштетүү, электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу), дүң жана чекене сатуу, мейманканалар жана тойканалар кызмат көрсөтүүсү, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка тейлөө жана турак жай куруу объекттери боюнча байкалган.

Каржылоо булактарынын түзүмүндө негизги капиталга инвестициялардын артышы (тышкы булактардын эсебинен каржылоо 1,5 пайызга) чет өлкө кредиттеринин (1,6 пайызга) жана гранттардын (9,3 пайызга) өсүшү менен шартталган. Ички каржылоо булактарынын эсебинен инвестиция көлөмүнүн 10,0 пайызга өсүшү ишканалардын жана уюмдардын (19,5 пайызга), калктын жана Кыргыз Республикасынын резиденттеринин кайрымдуулук жардамынын (7,0 пайызга), жергиликтүү бюджеттин (5,3 пайызга) жана банктардын кредиттик каражаттарынын (3,5 эсеге) эсебинен инвестициялардын өсүшү менен шартталган.



## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Өлкөдө орун алып турган ички жана тышкы экономикалык шарттар мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлерине да алгылыктуу таасир эткен. Бюджеттин киреше бөлүгү, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн күч алышы жана импорт көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу салыктык түшүүлөрдүн кыйла жогорулашынын эсебинен сыяктуу эле, салыктык эмес кирешелер жана расмий трансферттердин өсүшүнүн эсебинен да жогорулаган. Бюджет-салык саясаты мамлекеттик чыгашалардын социалдык багыттуулугунун сакталышы менен мүнөздөлгөн. Натыйжада, бюджет тартыштыгы 2016-жылдагы ИДӨгө карата 4,4 пайыздан 2017-жылы 3,2 пайызга чейин кыскарган. Номиналдык туюндурууда бюджет тартыштыгы 16,5 млрд сом чегинде катталган.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иш багытынан кирешеси жыл ичинде 14,4 пайызга өсүү менен 149,4 млрд сом же ИДӨгө карата 28,7 пайыз чегинде калыптанган (2016-жылы киреше 1,9 пайызга көбөйгөн эле). Бюджеттик кирешелер түзүмүндөгү негизги үлүштү ээлеген салыктык түшүүлөр 2016-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 10,2 пайызга көбөйүү менен 103,4 млрд сомду түзгөн. Салыктык кирешенин 66,9 пайызы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынан түшүүлөр жана 33,1 пайызы – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы кызматынан түшүүлөр менен камсыздалган (2016-жылы бул катыш тиешелүүлүгүнө жараша, 68,7 жана 31,3 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык 2017-жылы мамлекеттик бюджетке Улуттук банктын пайдасынын 70 пайызы чегерилген, ал 2,6 млрд сомду түзөт.

[1] Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары боюнча.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү




Отчеттук жыл ичинде мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке жалпы чыгашасы 7,7 пайызга көбөйүү менен 124,9 млрд сомго жеткен (2016-жылы чыгашалар 10,2 пайызга өскөн).

Бюджеттик чыгашалардын экономикалык классификациясына ылайык чыгашалардын өсүшүнө олуттуу салымды товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана пайдаланууга (4,8 пайыздык пункт), эмгекке төлөөгө (1,5 пайыздык пункт), ошондой эле субсидияларды жана жөлөк пулдарды төлөөгө (1,5 пайыздык пункт) сарптоолор кошкон.

Отчеттук мезгил ичинде бюджеттик чыгашалардын функционалдык классификациялоосуна ылайык төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өсүшү катталган: саламаттыкты сактоо – 21,1 пайызга, мамлекеттик жалпы маанидеги кызмат көрсөтүүлөр – 9,4 пайызга, социалдык коргоого алуу – 7,3 пайызга, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр – 6,6 пайызга, билим берүү – 6,3 пайызга, экономикалык маселелер – 5,1 пайызга, коргонуу, коомдук тартип жана коопсуздукту сактоо – 3,4 пайызга. Курчап турган чөйрөнү коргоого чыгашалар – 8,9 пайызга, эс алуу, маданият жана диний иш-чараларга чыгашалар – 5,0 пайызга төмөндөгөн.

Жыл ичинде финансылык эмес активдерди таза сатып алуу 41,0 млрд сомду же ИДӨгө карата 7,9 пайызды түзгөн (2016-жылы – ИДӨгө карата 7,5 пайыз).

2017-жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыз 4,1 млрд АКШ долларын же ИДӨгө карата 53,9 пайыз (2016-жылы – 3,7 млрд АКШ доллары же ИДӨгө карата 54,4 пайыз), ички карыз – 30,9 млрд сом же ИДӨгө карата 5,9 пайыз чегинде катталган (2016-жылы – 22,3 млрд сом же ИДӨгө карата 4,7 пайыз). Мамлекеттик карызды тейлөөгө кеткен чыгашалар 20,8 млрд сомду же ИДӨгө карата 4,0 пайызды, анын ичинен пайыздык төлөөлөр 5,9 млрд сомду же ИДӨгө карата 1,1 пайызды түзгөн (2016-жылы мамлекеттик тейлөөгө чыгашалар 20,8 млрд сомду же ИДӨгө карата 4,4 пайызды түзгөн).

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (балансы)

Алдын ала маалыматтар боюнча отчеттук жылы күндөлүк операциялар эсебинин абалы жакшыргандыгы байкалган, анын терс сальдосу 232,1 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 3,1 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2016-жылы күндөлүк эсептин ИДӨгө карата тартыштыгы 11,5 пайызды түзгөн эле).

МАЗМУНУ

***1.3.1-график.***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө суроо-талаптын калыбына келиши жана экономикалык жигердүүлүк Кыргыз Республикасынын тышкы соода боюнча ишине дем берген. Мында абсолюттук мааниде алганда товарлар импортунун экспорттук берүүлөргө салыштырганда алда канча олуттуу өсүшү соода балансы тартыштыгынын 9,8 пайызга көбөйүшүн шарттаган (2,3 млрд АКШ долларына чейин).

Отчеттук жыл ичинде товарлар экспорту (ФОБ баасында) 14,5 пайызга өсүп, 1,8 млрд АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн[1]. Экспорттун ири статьясынан болгон алтындын экспорттук көлөмүнүн наркы отчеттук мезгил ичинде сунуштоонун орточо баасынын төмөндөшүнөн улам 0,2 пайызга азайган. Алтынды эске албаганда, экспорт 25,8 пайызга өсүп, 1,1 млрд АКШ долларын түзгөн. Кийим-кечени, бут кийимди, электр тогун, жемиштерди жана жаңгактарды, тапталган айнекти, сыр жана быштакты, бир катар башка товарларды сунуштоо көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген. Ошону менен бирге жашылчаны, жарык берүүчү лампаларды, тамекини жана товарлардын башка категориясын экспорттоо көлөмүнүн кыскарышы байкалган.

Отчеттук жыл ичинде товарлар импорту 11,8 пайызга жогорулап, 4,2 млрд АКШ долларын түзгөн. Импорттун өсүшү, сунуштоонун орточо баасынын жогорулоосу эсебинен сырттан алынып келинген мунай зат көлөмүнүн 22,5 пайызга артышы менен шартталган. Отчеттук мезгил кездемени, бут кийимди, дары-дармектерди, электр линия аппараттарын, тамекини жана бир катар башка товарларды сунуштоо көлөмүнүн өсүшү менен мүнөздөлгөн. Ушуну менен катар эле, жеңил автоунааларды жана эл ташуу үчүн каралган унааларды, дан эгиндерин, ийне жалбырактуу дарак жыгачтарын, буу казандарын, суу жылытуучу казандарды, кантты жана бир катар башка товарларды импорттоп алуу көлөмүнүн кыскарышы белгиленген.

2017-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмүнүн 0,3 пайызга, кызмат көрсөтүүлөр импортунун 17,1 пайызга азаюусу байкалган. Натыйжада кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы 86,3 пайызга кыскарып, 27,9 млн АКШ долларын түзгөн.

*Акча которуулар*

Күндөлүк трансферттердин таза агымынын көлөмү 2,4 млрд АКШ долларын түзүп, 2016-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 24,3 пайызга көбөйгөн. Күндөлүк трансферттер түзүмүндө түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү эмгек мигранттарынын акчалай которуулары менен камсыз кылынган. Жыл жыйынтыгы боюнча жеке

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

адамдардын акча которуу системалары аркылуу которууларынын таза агымы 2,0 млрд долларды түзгөн (2016-жылы – 1,6 млрд АКШ доллары).

Кирешелер терс сальдосу 37,2 пайызга төмөндөгөн (223,3 млн АКШ долларга чейин), бул резидент эместерге төлөө үчүн чегерилген тике инвестициялар боюнча кирешелердин төмөндөшүнүн натыйжасында келип чыккан.

*Капиталдын жылышы эсеби*

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу отчеттук жыл ичинде 78,4 пайызга төмөндөп, 154,8 млн АКШ долларды түзгөн. Өлкөгө тике чет өлкө инвестицияларынын таза агымы 78,7 пайызга азайгандыгына карабастан (123,1 млн АКШ долларына чейин), тике чет өлкө инвесторлорунун каражаттары финансылык эсеп боюнча түшүүлөрдүн олуттуу бөлүгүн камсыз кылган.

"Башка инвестициялар" статьясынын сальдосу 2016-жылдагы 26,5 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдого караганда 78,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде калыптанган, бул Кыргыз Республикасынын резиденттеринин активдеринин жана милдеттенмелеринин өсүшү менен шартталган.

*Жалпы баланс*

2017-жыл жыйынтыгы боюнча "каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясынын оң сальдосу 224,5 млн АКШ долларын түзгөн, бул операциялардын толук камтылбагандыгына же болбосо ар башка булактан алынган маалыматтарды пайдаланууга байланыштуу статистикалык айырмачылыктар бар экендигин тастыктайт.

Төлөм теңдеминин сальдосу оң мааниде 147,1 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн (2016-жылы 338,5 млн АКШ доллары).

Отчеттук жылдын акырына дүң эл аралык кам көлөмү 2 176,5 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун болочоктогу көлөмүнүн 4,8 айынын ордун жабууга жетиштүү.



## 1.4. Банк сектору[1]

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча 2016-жылга салыштырмалуу банк секторунун активдер, кредит портфели жана ресурстук база сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү байкалган.

Банк секторунда системалуу тобокелдиктер жыл жыйынтыгы боюнча чектөөгө боло тургандай деңгээлде бааланган. Сектору капитал шайкештигинин жогорку деңгээлине ээ, бул финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу, банк секторунун натыйжалуу иш алып баруусу жана келечекте туруктуулукту камсыз кылуу үчүн жетиштүү потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

2017-жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 25 коммерциялык банк иштеп турган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктын ичинен 18 банк чет өлкө капиталын тартуу менен иш алып барган. Жыл акырына карата чет өлкө капиталынын үлүшүнө банктардын капиталынын 49,8 пайызы туура келген (2016-жылы – 44,0 пайыз).

*Банк секторунун активдери*

Отчеттук мезгил ичинде банк секторунун суммардык активи 11,1 пайызга көбөйүп, 198,0 млрд сомду түзгөн. Банктык активдердин негизги үлүшү – 54,7 пайызы сунушталган кредиттерге туура келген, ал 2016-жылга салыштырганда 2,2 пайыздык пунктка жогорулаган.

Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүк активдерге жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогору ликвиддүү каражат көлөмү отчеттук мезгил ичинде 2,1 пайызга көбөйүп,

[1] Коммерциялык банктардын өткөн мезгилдер үчүн отчетторго киргизген оңдоолорун эске алуу менен сунушталган мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттордун маалыматтары колдонулган.

жыл акырына карата 50,2 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 25,3 пайызын түзгөн.

***1.4.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрдсом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 93,5 | 52,5 | 108,3 | 54,7 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 23,5 | 13,2 | 25,6 | 12,9 |
| Баалуу кагаздар портфели | 13,0 | 7,3 | 17,7 | 8,9 |
| Акча каражаттары | 13,3 | 7,5 | 13,1 | 6,6 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 12,3 | 6,9 | 11,5 | 5,8 |
| Негизги каражаттар | 9,2 | 5,1 | 10,6 | 5,4 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 1,2 | 0,7 | 1,1 | 0,6 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,2 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,3 | 0,2 | 0,3 | 0,2 |
| Атайын РППУ* | -7,6 | -4,3 | -8,1 | -4,1 |
| Башка активдер | 19,4 | 10,9 | 17,5 | 8,8 |
| **Бардыгы болуп** | **178,2** | **100,0** | **198,0** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү жана жоготуу катары таанылган) боюнча жоготуулар жана чыгым тартуулар ордун жабууга каралган камды түшүнүү зарыл*

*Кредит портфели*

Кредит портфелинин көлөмү[1] 15,9 пайызга көбөйүп, 108,3 млрд сом чегинде катталган. Кредит портфелинин көлөмүнүн артышы улуттук валютада кредиттөөнүн 2016-жылга салыштырганда 29,6 пайызга өсүшү менен шартталган.

Жыл акырына карата банктардын карыз алуучуларынын саны 364 540 адамды түзүп, өткөн жылдагыга караганда 1,1 пайызга көбөйгөн.

***1.4.1-график.***

Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Бул жерде жана мындан ары маалыматтар банктарга жана башка финансы-кредит уюмдарына сунушталган кредиттерди эске алуусуз берилген.

Классификацияланбаган активдер көлөмү активдер суммасынын 92,7 пайызын (170,4 млрд сомду), ал эми классификацияланган активдер – 7,3 пайызын (13,4 млрд сомду) түзгөн. Кредит портфелинде классификацияланган кредиттер үлүшү бир жыл мурдагыга салыштырганда 1,2 пайыздык пунктка төмөндөп, 7,6 пайыз (8,2 млрд сом) чегинде түптөлгөн.

***1.4.2-таблица.***

Активдерди, балансатан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Активдердин категориясы | Активдер жана балансатан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **92,2** | **92,7** | **91,2** | **92,4** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Нормалдуу | 57,7 | 62,7 | 35,8 | 46,4 |
| Канааттандыраарлык | 18,9 | 15,0 | 29,8 | 21,7 |
| Байкоого алынган | 15,5 | 15,0 | 25,6 | 24,3 |
| **Бардыгы болуп классификацияланганддар** | **7,8** | **7,3** | **8,8** | **7,6** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 3,5 | 3,8 | 3,4 | 3,3 |
| Шектүү | 1,7 | 1,0 | 2,5 | 1,4 |
| Жоготуулар | 2,6 | 2,5 | 2,9 | 2,9 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

2017-жылы Улуттук банк менен Өкмөт тарабынан көрүлгөн таасирдүү чаралардын натыйжасында банк секторунда долларлашуу деңгээли улам кыскарып отуруп, тарыхый минимумга жеткен. Банк секторунун кредит портфелинин долларлашуу деңгээли жыл жыйынтыгы боюнча 2016-жылдагыга салыштырганда 6,6 пайыздык пунктка кыскарып, 38,0 пайызды түзгөн.

*Банк секторунун милдеттенмелери*

Коммерциялык банктардын милдеттенмелер көлөмү 10,8 пайызга, 165,8 млрд сомго чейин көбөйгөн. Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү 73,3 пайыз өлчөмүндө катталган. Жыл ичинде банк секторунун депозиттик базасы 13,6 пайызга көбөйүп, 121,6 млрд сом өлчөмүндө калыптанган. Анын көбөйүшү өткөн жылдагыга караганда улуттук валютадагы депозиттер көлөмүнүн 21,8 пайызга өсүшү менен шартталган.

***1.4.2-график.***

Банктардын милдеттенмелеринин жана депозиттик базасынын динамикасы



Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер 2016-жылдагыга салыштырганда 3,5 пайыздык пунктка төмөндөп, милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 45,5 пайызын түзгөн.

***1.4.3-таблица.***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 34,9 | 23,3 | 39,1 | 23,6 |
| Эсептешүү эсептери | 34,5 | 23,1 | 39,0 | 23,5 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 24,6 | 16,4 | 30,2 | 18,2 |
| Алынган кредиттер | 19,3 | 12,9 | 19,9 | 12,0 |
| Өкмөттүн депозиттери | 7,3 | 4,9 | 6,2 | 3,8 |
| Резидент эместердин депозиттери | 5,9 | 3,9 | 7,1 | 4,3 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 5,5 | 3,7 | 5,5 | 3,3 |
| Өкмөттүн кредиттери | 2,6 | 1,7 | 3,4 | 2,1 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 2,2 | 1,5 | 1,3 | 0,8 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,0 | 0,0 | 0,4 | 0,2 |
| Башка милдеттенмелер | 12,8 | 8,6 | 13,6 | 8,2 |
| **Бардыгы болуп** | **149,6** | **100,0** | **165,8** | **100,0** |

*Депозиттик база*

Банктардын депозиттик базасынын түзүмү дээрлик өзгөргөн эмес. Алсак, жыл акырына карата эсептешүү эсептерине жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге 56,9 пайыз, мөөнөттүү депозиттерге – 32,1 пайыз, ал эми Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерине – 10,9 пайыз туура келген. Бүтүндөй алганда коммерциялык банктардын депозиттер көлөмү 121,6 млрд сом чегинде катталган. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 3,5 млрд сомго же 8,2 пайызга көбөйгөн. Ал эми жеке адамдардын депозиттери 11,2 млрд сомго же 17,6 пайызга өскөн. Экономиканы доллардан арылтууга багытталган чаралар да депозиттик базанын долларлашуу деңгээлине таасир этип, ал 2016-жылдагыга салыштырганда 3,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 47,5 пайызды түзгөн.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталы[1] жыл ичинде 13,1 пайызга өсүп, 33,6 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капитал[2] 15,4 пайызга жогорулап, 21,9 млрд сомго чейин көбөйгөн.

[1] Банктын таза суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгымы), отчеттук жылдагы пайда (чыгым) жана банкта классификацияланбаган активдер боюнча түзүлгөн камдар камтылат.

[2] Бул категорияда жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар камтылат.

***1.4.3-график.***

Капитал базасында көрсөткүчтөр динамикасы




Банк секторунун капитал шайкештигинин индикаторлору туруктуулукту тастыктоодо. Мында, капитал шайкештигинин айкын деңгээли (К 2.1.) шайкештик деңгээлинин белгиленген ченеми сакталган шартта, тобокелдиктүү активдер көлөмүнүн кошумча көбөйүүсүнө түрткү берген.

***1.4.4-таблица.***

Кирешелер жана чыгашалар көлөмү

*(млрд сом)*

| Категориясы | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 19,6 | 19,5 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 9,5 | 7,7 |
| Таза пайыздык киреше | 10,1 | 11,8 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 1,4 | 0,6 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 8,7 | 11,2 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 14,6 | 10,0 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 10,6 | 5,7 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 11,2 | 12,5 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1,5 | 3,0 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 0,4 | 0,5 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1,0 | 2,5 |
| Пайдага салык | 0,2 | 0,3 |
| Таза пайда (чыгым) | 0,9 | 2,1 |

Жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун таза пайдасы 2016-жылга салыштырганда 2,5 эсеге өсүп, 2 138,4 млн сом чегинде катталган. Активдердин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) жыл ичинде 0,5 пайыздан 1,2 пайызга чейин жогорулаган, капитал кирешелүүлүгүнүн көрсөткүчү (ROE) 7,6 пайыз өлчөмүндө калыптанган.

***1.4.4-график.***
Банк секторунун рентабелдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү




## 1.5. Банктык эмес финансы-кредит уюмдары сектору[1]

2017-жыл жыйынтыгы боюнча банктык эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн, атап айтканда активдеринин, кредит портфелинин жана ресурстук базасынын көбөйүүсү байкалган.

2017-жылдын акырына Кыргыз Республикасынын аймагында адистештирилген финансы-кредит уюму (ФКУ) – “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсын (КСФК), микрофинансылык уюмдарды (МФУ), кредиттик союздарды (КС), алмашуу бюролорун жана кредиттик бюрону кошо алганда, 658 банктык эмес финансы-кредит уюму иштеп турган.

*БФКУ активдери*

Мезгил-мезгили менен берилип турган отчетторго ылайык, БФКУлардын[2] чогуу алгандагы активдери отчеттук мезгил ичинде 12,7 пайызга артып, жыл акырына карата 15,3 млрд сом чегинде катталган.

[1] Банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетторуна ылайык.
[2] Адистештирилген финансы-кредит уюму “КСФК” ААКсынын кредит портфелин эске алуусуз.

**1.5.1-таблица.**

БФКУ активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 10 191,1 | 74,9 | 12 204,4 | 79,6 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 1 486,2 | 10,9 | 1 232,7 | 8,0 |
| Башка активдер | 583,8 | 4,3 | 607,0 | 4,0 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 724,3 | 5,3 | 527,7 | 3,4 |
| Негизги каражаттар | 293,9 | 2,2 | 314,4 | 2,1 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 670,2 | 4,9 | 658,3 | 4,3 |
| Акча каражаттары | 226,5 | 1,7 | 201,3 | 1,3 |
| Баалуу кагаздар портфели | 2,6 | 0,0 | 54,0 | 0,4 |
| Атайын РППУ* | -576,2 | -4,2 | -465,5 | -3,0 |
| **Бардыгы болуп** | **13 602,3** | 100,0 | **15 334,4** | 100,0 |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү жана жоготуу катары таанылган) жоготуулар жана чыгым тартуулар ордун жабууга каралган камды түшүнүү зарыл.*

БФКУ тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү активдерге жана коммерциялык банктардагы эсептешүү эсептерине жайгаштырылган ликвиддүү каражаттар көлөмү отчеттук мезгил ичинде 16,3 пайыздык пунктка азайып, жыл акырына карата 1,4 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 9,2 пайызын түзгөн.

*Кредит портфели*

Банктык эмес финансы-кредит секторунун кредит портфели 2016-жыл жыйынтыгына салыштырганда 16,5 пайызга көбөйүп, 12,7 млрд сомду түзгөн. БФКУ активдеринде кредит портфелинин үлүшү бир жыл мурдагыга салыштырганда 2,8 пайыздык пунктка артып, 83,0 пайызды түзгөн. Сектордун карыз алуучуларынын саны жыл акырына карата 272 021 адамды түзүп, 2016-жылдын ушул мезгилиндегиге салыштырганда 43 539 адамга же 19,1 пайызга көбөйгөн.

**1.5.1-график.**

БФКУ активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Классификацияланбаган кредиттер көлөмү жыл ичинде 2,0 млрд сомго көбөйүү менен 12,1 млрд сомду, ал эми классификацияланган кредиттер жыл ичинде 186,4 млн сомго азаюу менен 0,6 млрд сомду түзгөн.

***1.5.2-таблица.***

БФКУлардын кредит портфелинин сапаты

| Категориясы | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | *пайыздар* | *млн сом* | *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **10 092,2** | **92,5** | **12 095,3** | **95,0** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **823,2** | **7,5** | **636,8** | **5,0** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| Субстандарттык | 322,6 | 3,0 | 221,9 | 1,7 |
| Шектүү | 126,6 | 1,2 | 94,2 | 0,7 |
| Жоготуулар | 374,0 | 3,4 | 320,8 | 2,5 |
| **Бардыгы болуп кредит портфел** | **10 915,4** | **100,0** | **12 732,1** | **100,0** |

БФКУнун чогуу алгандагы кредит портфелинде МФУлардын (микрокаржылоо компаниялар, микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер) үлүшү 91,4 пайыздан (10,0 млрд сом) 92,1 пайызга чейин (11,7 млрд сом) көбөйгөн, ал эми кредиттик союздардын үлүшү 8,6 пайыздан (0,9 млрд сом) 7,8 пайызга чейин азайган (1,0 млрд сом).

*Адистештирилген ФКУ*

Адистештирилген ФКУнун (КСФК) иши кредиттик союздарды кредиттөөнүн алкагында айыл жеринде өздөштүрүлүп жаткан каржылоо системасын колдоого алуу максатында кредиттерди сунуштоого багытталган. КСФКнын кредит портфели отчеттук жылдын акырына карата 444,4 млн сомду түзгөн, бул бир жыл мурдагы көрсөткүчтөн 6,4 пайызга аз.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 6,2 пайызга көбөйүп, отчеттук жыл акырына карата 1,0 млрд сом чегинде катталган. Кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 40,3 пайызы, соода жүргүзүү жана кызмат көрсөтүүгө – 22,9 пайызы туура келген (2016-жылы тиешелүүлүгүнө жараша 47,5 жана 23,9 пайыз). Жыл ичинде кредиттик союздун карыз алуучуларынын саны 2,3 пайызга кыскарып, жылдын акырына карата 9 182 адамды түзгөн.

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча жети кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Кредиттик союздун катышуучуларынан депозиттерди тартуу көлөмү 79,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 15,4 млн сомду түзгөн, ал эми башка ФКУ алдындагы милдеттенмелер 1,6 пайыздык пунктка кыскарып, 440,0 млн сом чегинде түптөлгөн.

*Микрокаржылоо уюмдары*

Микрофинансылык уюмдардын чогуу алгандагы кредит портфели 17,0 пайыздык пунктка жогорулап, жыл акырында 11,7 млрд сомго жеткен. Бүтүндөй алганда МФУлардын кредит портфели кыска жана орто мөөнөткө сунушталган кредиттерден турат. МФУлар негизинен кредиттерди айыл чарба тармагына сунуштап, алардын үлүшү чогуу алгандагы кредит портфелинин 24,6 пайызын ээлеген (2016-жылдын акырына – 27,7 пайыз), ал эми соода жана кызмат көрсөтүүлөр тармагына – 25,3 пайыз (2016-жылдын акырына – 28,3 пайыз) жана керектөө кредиттерине – 30,0 пайыз (2016-жылдын акырына – 25,3 пайыз) туура келген. Эл аралык финансылык институттардан жана чет өлкө уюмдарынан тартылган каражаттар жана алардан алынган капитал МФУлардын негизги кредиттөө булагынан болгон. Карыз алуучулардын саны 20,0 пайызга көбөйүп, жылдын акырына ал 262 839 адам чегинде катталган.

*БФКУлардын милдеттенмелери*

2017-жыл жыйынтыгы боюнча БФКУлардын милдеттенмелеринин көлөмү 11,5 пайызга, 5,8 млрд сомго чейин көбөйгөн.

***1.5.2-график.***

БФКУ милдеттенмелер түзүмү

*(пайыздар)*




БФКУлардын пассивдер түзүмүндө чет өлкө уюмдары алдында милдеттенмелеринин үлүшү 38,8 пайыз чегинде катталган. Мында, чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер алардын жалпы көлөмүнүн 29,8 пайызын түзгөн.

***1.5.3-таблица.***

БФКУ милдеттенмелер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Алынган кредиттер, анын ичинен: | 3 781,9 | 72,7 | 4 473,6 | 76,7 |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *877,7* | *16,9* | 778,6 | *13,4* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *1 000,4* | *19,2* | *944,9* | *16,2* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *88,1* | *1,7* | *86,5* | *1,5* |
| *эл аралык ФКУлардан* | *1 303,8* | *25,1* | *2 177,0* | *37,3* |
| *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн* | *511,9* | *9,8* | 486,6 | *8,3* |
| Башка милдеттенмелер | 1 311,8 | 25,2 | 1 224,5 | 21,0 |
| Субординацияланган милдеттенмелер | 100,8 | 1,9 | 118,7 | 2,0 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 8,1 | 0,2 | 14,5 | 0,2 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 0,5 | 0,0 | 1,0 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **5 203,0** | **100,0** | **5 832,2** | **100,0** |

*БФКУ капиталы*

БФКУлардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 3,9 млрд сомду түзгөн. Ал эми уставдык капиталдын жалпы өлчөмү өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча өзгөргөн эмес. Мында, БФКУлардын өздүк капиталы 10,1 пайызга же 0,7 млрд сомго көбөйүп, 7,6 млрд сомду түзгөн.

***1.5.3-график.***

Таза пайда жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Жыл жыйынтыгы боюнча БФКУлардын таза пайдасы 2016-жылдагыга салыштырганда 0,2 млрд сомго же 18,2 пайызга артуу менен 1,3 млрд сомду түзгөн.

***1.5.4-таблица.***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн сом)*

| Категориясы | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 3 490,0 | 3 859,4 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 670,9 | 651,3 |
| Таза пайыздык киреше | 2 819,1 | 3 208,0 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 172,8 | 72,0 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 2 646,3 | 3 136,0 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 306,7 | 226,5 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 1 496,1 | 1 484,8 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 248,4 | 398,0 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 208,4 | 1 479,7 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 15,7 | 11,5 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 192,7 | 1 468,2 |
| Пайдага салык | 116,1 | 137,7 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 076,6 | 1 330,5 |

Активдер кирешелүүлүгү көрсөткүчү (ROA) 2017-жыл ичинде 6,4 пайыздан 9,2 пайызга чейин, ал эми капитал кирешелүүлүгү көрсөткүчү (ROE) 15,2 пайыздан 18,3 пайызга чейин көбөйгөн.

## 1.6. Финансы рыноктору

### 1.6.1. Валюта рыногу

Кароого алынып жаткан мезгилде ички валюта рыногундагы жагдай салыштырмалуу туруктуу болгондуктан, Улуттук банктын ага катышуусу кыскарган. Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде АКШ долларынын сомго карата эсептик курсу 0,6 пайызга, бир доллар үчүн 69,2301 сомдон 68,8395 сомго чейин төмөндөгөн.

***1.6.1.1-график.***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарында операциялар көлөмү




*Валюталык интервенциялар*

Улуттук банк банктар аралык валюта рыногунда валюталык интервенцияларды алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн текшилөө максатында гана ишке ашырган. Негизинен, чет өлкө валютасын сатуу операциялары басымдуу болуп, алардын көлөмү 2016-жылга салыштырганда 107,2 млн АКШ долларын түзүү менен 34,2 пайызга азайган. Чет өлкө валютасын сатып алуу көлөмү 34,5 млн АКШ долларын (-82,0 пайыз) түзгөн. Натыйжада бул операциялар боюнча нетто-сатуу көлөмү 72,7 млн АКШ доллары чегинде катталган.

*Валюта рыногунун валюта түрлөрү боюнча түзүмү*

Валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча спот-операциялардын жалпы көлөмү[1] 39,3 пайызга өсүп, 566,2 млрд сомду түзгөн.

Операциялардын артышы негизинен россия рублинде (+60,1 пайыз), АКШ долларында (+31,1 пайыз) жана евродо (+6,1 пайыз) жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн көбөйүүсүнө байланыштуу болгон. Мында казак тенгесиндеги операциялар көлөмү жыл ичинде 2,6 пайызга азайган. Отчеттук мезгил ичинде валюталардын үлүштүк катышында олуттуу өзгөрүүлөр деле байкалган эмес. Алсак, АКШ долларында операциялардын үлүшү 58,1 пайыз (-3,6 пайыздык пункт), орус рублинде – 38,2 пайыз (+5,0 пайыздык пункт), евродо – 2,2 пайыз (-0,7 пайыздык пункт) жана казак тенгесинде – 1,5 пайыз (-0,7 пайыздык пункт) чегинде катталган. Башка валюталар менен ишке ашырылган операциялар көлөмү[2] 15,8 пайызга көбөйгөн, ал эми алардын үлүшү 0,03 пайызга чейин бир аз кыскарган.

*Своп-операциялар*

Коммерциялык банктар тарабынан ички рынокто жүргүзгөн своп-операциялары сыяктуу эле, банк-резидент эместер менен жүргүзгөн своп-операцияларынын чогуу алгандагы көлөмү сом эквивалентинде 44,2 млрд сомду түзгөн, бул 2016-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 34,5 пайызга көп. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк своп-операцияларды жүргүзгөн эмес.

*Алмашуу бюролорунда валюта курстарынын динамикасы*

2017-жылдын акырына карата алмашуу бюролорунда нак АКШ долларын сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 68,8490 сом/АКШ долларын түзүү менен 0,6 пайызга, казак тенгеси – 0,4 пайызга, 0,2084 сом/тенгеге чейин төмөндөгөн. Алмашуу бюролорунда еврону сатуунун орточо салмактанып алынган курсу жыл башынан тарта тескерисинче, 13,0 пайызга, 82,3181 сом/еврого жана орус рубли – 4,4 пайызга, 1,1902 сом/рублге чейин жогорулаган.

[1] Коммерциялык банктардын кардарлары менен нак эмес чет өлкө валютасындагы операцияларын эске алуусуз.

[2] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лирасы, өзбек сому, канада доллары, кытай юаны жана япон йени

### 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

2017-жылы банктар аралык карыз алышуу рыногунда коммерциялык банктардын үстөк камдарынын төмөндөшү алкагында катышуучулардын жигердүүлүгүнүн өсүшү байкалган.

Жыл ичинде банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда 7 күнгө чейинки бүтүмдөр боюнча чен Улуттук банк белгилеген пайыздык коридор чегинде сакталган.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Жыл жыйынтыгы боюнча ушул рынокто улуттук валютада ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү (Улуттук банк тарабынан берилген кредиттерди эске алуу менен) 2016-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 3,0 эсеге көбөйүү менен 29,7 млрд сом чегинде катталган.

Отчеттук жылы «овернайт» депозиттеринин көлөмү 1,9 трлн сомду түзүү менен 4,2 пайызга азайган.

***<u>1.6.2.1-график.</u>***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөр көлөмү

*(млн сом)*




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 3,4 пайызга чейин (жылдык мааниде -3,5 пайыздык пункт), репо операциялары боюнча – 1,8 пайызга чейин (-2,2 пайыздык пункт) төмөндөгөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен бир жыл мурдагы көрсөткүчкө салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка жогорулап, 2,6 пайызды түзгөн. Репо операцияларынын орточо мөөнөтү 7 күндөн 10 күнгө чейин, улуттук валютадагы кредиттер боюнча – 49 күндөн 66 күнгө чейин, чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча – 10 күндөн 97 күнгө чейин узартылган.

***<u>1.6.2.1-таблица.</u>***

Банктар аралык рыноктун орточо салмактанып алынган пайыздык чендери жана Улуттук банктын чени (бир мезгил ичинде)

*(пайыздар)*

| | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| **Банктар аралык рыноктогу чендер** | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 6,9 | 3,4 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 2,0 | 2,6 |
| Репо операциялары боюнча чен | 4,0 | 1,8 |
| **Улуттук банк менен операциялар боюнча чендер** | | |
| “Овернайт” кредити боюнча чен | 12,0 | 6,3 |
| “Овернайт” депозити боюнча чен | 1,2 | 0,3 |
| Кредиттик аукциондору боюнча чен | 8,7 | 5,0 |

## 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар жана Улуттук банктын ноталары рыногу

Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банк тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар рыногундагы иш баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү менен ишке ашырылган:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
- Улуттук банктын ноталары;
- казына милдеттенмелери (КМ);
- которулма векселдер.

*Жүгүртүүдөгү МБК*

Жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын чогуу алгандагы жалпы көлөмү МКОлор көлөмүнүн өсүшү (+59,1 пайыз) эсебинен 31,9 пайызга, 35,5 млрд сомго чейин өскөн.

***<u>1.6.3.1.1-график.</u>***
Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмү




#### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин күндөлүк тартыштыгын каржылоо максатында жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 ай болгон мамлекеттик казына векселдери чыгарылган. МКВларды алгачкы жайгаштыруу боюнча аукциондор, аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруучу агент болуп саналган Улуттук банк тарабынан жума сайын өткөрүлүп турган.

***1.6.3.1.1.1-график.***

МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




Жыл ичинде МКВ боюнча орточо салмактанып алынган жалпы кирешелүүлүк 5,0 пайызды түзүп, 2016-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 4,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Мөөнөттүүлүктүн бардык сегментинде МКВ кирешелүүлүгүнүн төмөндөшү жүргөн.

***1.6.3.1.1.2-график.***

МКВнын бардык түрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




*МКВ эмиссиясынын көлөмү*

МКВлардын аукциондо сунушталган көлөмү 5,1 млрд сомду түзгөн, бул 2016-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 5,9 пайызга төмөн. МКВ боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшү алкагында бул баалуу кагаздарга талап көлөмү отчеттук жыл ичинде 20,2 пайызга, 8,7 млрд сомго чейин азайган. Мындан тышкары, МКВларды айкын сатуу көлөмү кошумча жайгаштырууларды эске алуу менен 4,2 млрд сомго (-27,4 пайызга) чейин төмөндөгөн.

***1.6.3.1.1.1-таблица.***

МКВ эмиссия көлөмү жана жылдык орточо кирешелүүлүгү

| | 2016-жыл | | | 2017-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү, *млн сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **5 719,7** | **100,00** | **9,9** | **4 151,3** | **100,00** | **5,0** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| 3 айлык МКВлар | 456,0 | 7,97 | 3,6 | 420,0 | 10,12 | 2,1 |
| 6 айлык МКВлар | 1 800,0 | 31,47 | 8,1 | 1 033,0 | 24,88 | 4,1 |
| 12 айлык МКВлар | 3 463,7 | 60,56 | 11,3 | 2 698,3 | 65,00 | 5,7 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

Жыл жыйынтыгы боюнча МКВнын жүгүртүүдөгү көлөмү 32,2 пайызга төмөндөө менен 2,9 млрд сомду түзгөн. МКВ рыногунун катышуучулар түзүмүндө басымдуу үлүштү (МКВнын жүгүртүүдөгү жалпы көлөмүнөн 78,2 пайыз) коммерциялык банктар ээлеген. Коммерциялык банктардын үлүшү отчеттук жыл ичинде 12,4 пайыздык пунктка өскөн, ал эми институционалдык инвесторлордун үлүшү тескерисинче, 12,2 пайыздык пунктка, 21,1 пайызга чейин азайган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы олуттуу деле өзгөргөн эмес жана 0,7 пайызды түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде резидент эместер МКВларды жайгаштыруу боюнча аукциондорго катышкан эмес.

*МКВнын экинчилик рыногундагы операциялар*

Жыл ичинде МКВнын экинчилик рыногунда коммерциялык банктар репо-операцияларын жигердүү жүргүзүшкөн. Алсак, репо-операцияларынын көлөмү 2016-жылдагыга караганда 63,3 пайызга өсүп, 3,0 млрд сомго чейин жеткен. Ошону менен бирге, төлөөгө чейин кармалып туруучу МКВны сатып алуу-сатуу боюнча банктар аралык операциялар көлөмү (“аутрайт” шарттарында) экинчилик рыногунда 20,5 млн сом чегинде катталуу менен (-84,4 пайызга) олуттуу кыскарган.

### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

*МКО рыногунда суроо-талап жана сунуш*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде эмитент тарабынан жүгүртүү мөөнөтү 2, 3, 5, 7 жана 10 жыл болгон МКОлор сунушталган. Финансы министрлигинин финансылык инструменттер чөйрөсүнүн кеңейтилишине байланыштуу, жарыяланган эмиссия көлөмү 9,2 млрд сомго чейин өскөн, бул 2016-жылдагыга салыштырганда 38,5 пайызга көп. Жыл жыйынтыгы боюнча бул активге талаптын байкаларлык өсүшү (+47,0 пайыз) белгиленген. Жүгүртүүдөгү МКОлордун жалпы көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 73,4 пайызга, 23,7 млрд сомго чейин көбөйгөн.

Жүгүртүү мөөнөтү 2, 3 жана 5 жылдык МКОлор боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшү эсебинен орточо алынган жалпы кирешелүүлүк 2017-жылы 3,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 13,0 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Отчеттук жылы чет өлкө валютасында номинацияланган мамлекеттик казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча аукцион өткөрүлгөн эмес. Мында, отчеттук жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү МКОлор көлөмү 49,4 млн АКШ долларын түзгөн.

***1.6.3.1.2.1-график.***

МКОлорго карата талап жана аларды жайгаштыруу*




** – чет өлкө валютасында номинацияланган МКОну эске албаганда*



### 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын ноталар рыногун 7 жана 14, 28 жана 91 күндүк ноталар түзгөн. Ноталарды сунуштоо көлөмү жыл ичинде 113,5 млрд сом чегинде катталган, бул 2016-жылдагы көрсөткүчтөн 2,2 пайызга аз. Ноталарга суроо-талаптын көлөмү отчеттук жылы 42,1 пайызга, 120,3 млрд сомго чейин төмөндөгөн, ушундан улам аларды сатуу көлөмү, аларды кошумча жайгаштырууларды эске алганда, 23,0 пайызга, 84,9 млрд сомго чейин кыскарган.

***1.6.3.1.3.1-график.***

Ноталарга суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




2017-жылы ноталардын орточо салмактанып алынган жалпы кирешелүүлүгү, 2016-жылдагыга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка, 2,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

***1.6.3.1.3.2-график.***

Ноталардын бардык түрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




Отчеттук мезгил ичинде нотага ээлик кылуучулар түзүмүндө катышуучулардын саны 5 тен 13 банкка чейин көбөйгөндүгү катталган. Жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 5,2 млрд сомду түзүү менен 0,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Коммерциялык банктар (97,7 пайыз), институционалдык инвесторлор (2,3 пайыз) жана юридикалык жактар-резиденттер (0,1 пайыз) ноталарга негизги ээлик кылуучулардан болгон.

### 1.6.3.1.4. Мамлекеттик жана башка баалуу кагаздар

Жыл жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү казына милдеттенмелеринин көлөмү 257,5 млн сомду түзүп, 20,0 пайызга азайган. Мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндө казына милдеттенмелеринин үлүшү анчалык жогору болбогон 0,7 пайыз (-0,5 пайыздык пункт) деңгээлинде калган.

Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган, жүгүртүүдөгү которулма вексельдердин көлөмү финансы-кредит уюмдарынын аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздөө процессинде өзгөргөн эмес жана 34,5 млн сомду түзгөн.

Отчеттук жылы Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан муниципалдык баалуу кагаздар[1] чыгарылган эмес.

### 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу[2]

Кароого алынып жаткан жылы фондулук рынокто баалуу кагаздар менен ишке ашырылган тооруктардын жалпы көлөмү 56,7 пайызга төмөндөө менен 7,9 млрд сомду түзгөн. Баалуу кагаздар менен келишилген бүтүмдөр саны отчеттук мезгил ичинде бир жыл мурдагыга салыштырганда 19,6 пайызга, 3 137 бүтүмгө чейин азайган.

Тооруктардын негизги үлүшү биринчилик рынокко туура келген, мында бул көрсөткүч 44,9 пайызды, ал эми бүтүмдөр көлөмү 3,5 млрд сомду түзгөн. Биржадан тышкаркы рыноктун жана экинчилик рыноктун үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 40,9 пайыз (3,2 млрд сомду) жана 14,2 пайыз (1,1 млрд сом) чегинде катталган.

Отчеттук мезгил ичинде эмиссиясынын жалпы суммасы 5,5 млрд сомду түзгөн баалуу кагаздардын 59 чыгарылышы катталган, анын ичинде 11 чыгарылыш уюштуруу негизинде (487,0 млн сом суммасында), ал эми 48 чыгарылыш кошумча чыгарылгандар болуп эсептелинет (5,0 млрд сом суммасында).

[1] Бишкек шаарынын мэриясынын маалыматтары боюнча.

[2] Өкмөткө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын маалыматы боюнча.

Эмиссия жалпы көлөмүндө акциялар 4,7 млрд сомду, облигациялар – 540,0 млн сомду жана турак-жай сертификаттары – 200,0 млн сомду түзгөн.

2017-жылы Кыргыз фондулук биржасында 29 эмитент листингден өткөн, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн үч эмитентке көп.

### 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

Отчеттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасы[1] жыл башынан тарта 13,6 пайызга көбөйүү менен 121,6 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 21,8 пайызга, 63,8 млрд сомго чейин, чет өлкө валютасындагы депозит көлөмү 5,7 пайызга, 57,8 млрд сом эквивалентине чейинки өсүшкө ээ болгон.

***1.6.4.1-график.***

Депозиттик базанын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын түзүмү*

Депозиттик базанын түзүмүндө жеке адамдардын депозиттеринин үлүшү 52,6 пайыз (2016-жылы – 49,2 пайыз) чегинде катталган. Жыл ичинде калктын улуттук валютадагы аманаттары 41,2 пайызга, 37,6 млрд сомго чейин (2016-жылы бул көрсөткүч 26,6 млрд сомду түзгөн), ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер – 1,0 пайызга, 26,3 млрд сомго чейин (2016-жылы – 26,0 млрд сом) өскөн. Юридикалык жактардын, башка ФКУлардын жана мамлекеттик бийлик органдарынын депозиттер үлүшү жыл ичинде 45,3 пайыздан 41,6 пайызга чейин азайган. Юридикалык жактардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө чет өлкө валютасындагы аманаттардын 9,1 пайызга, 25,6 млрд сомго чейин өсүшү белгиленген. Ишканалардын улуттук валютадагы жыл ичинде аманаттары 0,3 пайызга, 25,0 млрд сомго чейин (2016-жылы – 25,1 млрд сом) төмөндөгөн.

Депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмү отчеттук жылы олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес: негизги бөлүгүн талап боюнча төлөнүүчү депозиттер жана эсептешүү эсептериндеги депозиттер ээлеген, булар биргеликте 63,7 пайызды түзгөн; мөөнөттүү депозиттер 36,3 пайыз чегинде катталган.

Узак мөөнөттүү депозиттер көлөмү 13,7 млрд сомго (+33,8 пайыз), кыска мөөнөттүү аманаттар – 30,5 млрд сомго (+2,5 пайыз) чейин өскөн.

[1] Өкмөттүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кредиттерин кошпогондо, Өкмөттүн жана башка финансы уюмдарынын депозиттерин эске алуу менен.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Отчеттук жыл ичинде банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозит көлөмү[1] 527,5 млрд сомду түзүп, жыл ичинде 13,7 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 16,3 пайызга, 289,7 млрд сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасында – 10,7 пайызга, 237,9 млрд сомго чейин өскөн. Мында, депозиттердин негизги агымы талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге каражаттардын түшүүсү менен камсыздалган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чен*

Жылдын акырында улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган пайыздык чени, жыл ичинде 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 6,2 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыгы боюнча чен 2,1 пайызга (-0,6 пайыздык пункт) чейин төмөндөгөн.

***1.6.4.2-график.***

Мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чен динамикасы




*Банктардын кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели жыл ичинде 15,9 пайызга өсүп, 108,3 млрд сом чегинде аныкталган. Кредит портфелинин өсүшү улуттук валютадагы кредиттердин 29,6 пайызга, 67,2 млрд сомго көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалган, ал эми чет өлкө валютасында 1,2 пайызга, 41,1 млрд сомго чейин төмөндөшү белгиленген.

***1.6.4.3-график.***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Жаңыдан тартылган депозиттер көлөмүндө эсептешүү эсебине келип түшкөн каражаттар эске алынган эмес.

Коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдын акырына карата улуттук валютада 18,8 пайызды (-3,4 пайыздык пунктту), чет өлкө валютасында – 11,3 пайыз (-2,2 пайыздык пунктту) түзгөн.

***1.6.4.4-график.***

Коммерциялык банктардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин динамикасы




*Банктардын кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмү*

Жыл акырына карата бир жылдан ашкан мөөнөткө берилген кредиттер көлөмүнүн бир аз жогорулоосу (23,7 пайызга) шартында кыска мөөнөттүү кредиттер көлөмү 12,3 пайызга азайган, бул кредит портфелинин дюрациясынын 29,3 айдан 31,3 айга чейин узартылышына (өсүшүнө) алып келген.

***1.6.4.5-график.***

Коммерциялык банктардын экономика секторлору боюнча кредит портфели

*(млн сом)*







Коммерциялык банктардын жаңыдан берилген кредиттеринин жалпы көлөмү 2016-жылга салыштырганда 10,5 пайызга өсүп, 106,0 млрд сомду түзгөн. Бул 70,0 млрд сомду түзгөн, улуттук валютада кредит берүүнүн 18,5 пайызга

көбөйүүсүнүн натыйжасынан болгон. Чет өлкө валютасында берилген кредиттер көлөмү 2,4 пайызга, 36,0 млрд сом эквивалентине чейин азайган.

***1.6.4.1-таблица.***

Кыргыз Республикасынын банк секторунун кредит портфелинин региондор боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 51 216,5 | 54,9 | 60 557,3 | 56,2 |
| Ош шаары жана Ош областы | 11 797,8 | 12,7 | 13 079,6 | 12,1 |
| Жалал-Абад областы | 9 509,3 | 10,2 | 10 419,3 | 9,7 |
| Чүй областы | 6 800,1 | 7,3 | 7 790,6 | 7,2 |
| Ысык-Көл областы | 5 227,1 | 5,6 | 6 237,4 | 5,8 |
| Баткен областы | 3 457,4 | 3,7 | 3 679,8 | 3,4 |
| Талас областы | 2 665,4 | 2,9 | 2 966,9 | 2,8 |
| Нарын областы | 2 558,6 | 2,7 | 3 046,3 | 2,8 |
| **Бардыгы болуп** | **93 232,2** | 100,0 | **107 777,2** | 100,0 |

**Кредит портфели чегерилген дисконтту эске алуу менен чагылдырылган.*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк секторунун кредиттеринин негизги бөлүгү Бишкек шаарында (56,2 пайызы), Ош шаарында жана Ош областында (12,1 пайызы) жана Жалал-Абад областында (9,7 пайызы) сунушталган.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен 19,8 пайызды түзүп, жыл ичинде 4,7 пайыздык пункта төмөндөгөн. Чет өлкө валютасындагы жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен мезгил ичинде 10,5 пайызды түзүп, 2,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

***1.6.4.2-таблица***

*Кредит портфели*

БФКУлардын экономика секторлору боюнча кредит портфели (мезгилдин акырына карата)

| Сектору | 2016 г. | | 2017 г. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Өнөр жай | 106,0 | 1,0 | 145,5 | 1,1 |
| Айыл чарба | 3 214,2 | 29,4 | 3 286,6 | 25,8 |
| Транспорт жана байланыш | 112,0 | 1,0 | 144,0 | 1,1 |
| Соода жана кызмат көрсөтүүлөр | 3 043,5 | 27,9 | 3 210,5 | 25,2 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 25,8 | 0,2 | 16,8 | 0,1 |
| Курулуш жана кыймылсыз мүлк сатып алуу (ипотека) | 801,8 | 7,3 | 1 161,5 | 9,1 |
| Керектөө кредиттери | 2 346,0 | 21,5 | 3 517,0 | 27,6 |
| Жана башкалар | 1 266,1 | 11,6 | 1 250,2 | 9,8 |
| **Бардыгы болуп** | **10 915,4** | **100,0** | **12 732,1** | **100,0** |

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде БФКУлардын кредиттеринин негизги көлөмү региондор боюнча Бишкек, Ош шаарларында жана Ош областы боюнча берилген.

***1.6.4.3-таблица.***

БФКУлардын областтар боюнча кредит портфелинин өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн сом)*

| | 2016-жыл | | 2017-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 3 180,4 | 29,1 | 3 471,2 | 27,3 |
| Баткен областы | 489,0 | 4,5 | 563,0 | 4,4 |
| Жалал-Абад областы | 1 072,6 | 9,8 | 1 397,2 | 11,0 |
| Ысык-Көл областы | 1 032,5 | 9,5 | 1 267,5 | 10,0 |
| Нарын областы | 718,5 | 6,6 | 891,5 | 7,0 |
| Ош областы жана Ош шаары | 2 297,9 | 21,1 | 2 712,6 | 21,3 |
| Талас областы | 330,3 | 3,0 | 347,7 | 2,7 |
| Чүй областы | 1 791,7 | 16,4 | 2 078,8 | 16,3 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | 2,6 | 0,0 | 2,6 | 0,0 |
| **Бардыгы болуп** | **10 915,4** | **100,0** | **12 732,1** | **100,0** |

Микрофинансылык уюмдардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган чен 2017-жылдын акырына карата олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес жана 31,1 пайыз (-0,3 пайыздык пункт), кредиттик союздар – 25,9 пайыз (-1,9 пайыздык пункт) чегинде катталган.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Кыргыз Республикасында 2017-жылы инфляция таасири орточо деңгээлде сакталып турган. Мындай шартта Улуттук банк пайыз саясатын өзгөртпөстөн, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүүнү уланткан. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү 5,00 пайыз деңгээлинде сакталып турган.

Экономиканын бардык тармактарын кредиттөөнү кеңейтүү жана алгылыктуу өсүш арымын колдоо максатында Улуттук банк жыл ичинде акча-кредиттик инструменттер аркылуу улуттук валютада ресурстарды сунуштоону уланткан.

Мындан тышкары, отчеттук жыл ичинде акча рыногун жана баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү үчүн монетардык саясат инструменттеринин кеңейтүү жана өркүндөтүү боюнча иш жүзөгө ашырылган. Өзгөрүүлөр акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин натыйжалуулугун, ошондой эле анын экономиканын финансы жана реалдуу секторуна таасир этүү деңгээлин жогорулатууга, бүтүндөй экономиканын долларлашуу деңгээлин кыскартууга багытталган.

Кыргыз Республикасында колдонулуп жаткан өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режиминин алкагында Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында валюталык интервенцияларды жүргүзгөн.

Эл аралык кам көлөмүн толуктоо максатында Улуттук банк ички рынокто алтынды сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Эл аралык камдарды тескөө ликвиддүүлүк жана коопсуздуктун негизги принциптерине ылайык жүргүзүлгөн.

МАЗМУНУ

## 2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо

*Акча-кредит саясатынын максаты*

Өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн макроэкономикалык туруктуулуктун ажыратылгыс шарты катары баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын акча-кредит саясатынын максаты болуп саналат.

Улуттук банк 2017-жылы акча-кредит саясатын Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында жана Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттарында[1] белгиленген стратегиялык милдеттерге жана биринчи кезекте көңүл бурулуучу маселелерге ылайык иштеп чыккан жана аны жүзөгө ашырган. Инфляцияны орто мөөнөттүк мезгил ичинде 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп туруу максаттуу көрсөткүч катары аныкталган.

Улуттук банк акча-кредит саясатын түптөлгөн макроэкономикалык шарттарга жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн, ички жана тышкы чөйрөнүн өнүгүү тенденцияларына баа берүүлөрдүн, ошондой эле инфляция боюнча болжолдоолордун негизинде аныктайт жана жүзөгө ашырат.

*Пайыздык саясат*

Эсептик чен (саясат чени) акча-кредит саясатынын негизги инструментинен болуп, ал боюнча чечимдер Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынып турган. Кыска мөөнөттүү рыноктук пайыздык чендерге таасир этүүнү жогорулатуу максатында Улуттук банк трансмиссиялык механизмдин пайыздык каналынын натыйжалуулугун күчөтүү жагында аракеттерди көргөн.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселелер боюнча отурумдары банктын расмий сайтында жарыяланган графикке ылайык өткөрүлүп турган. Акча-кредит саясаты маселелери боюнча тактикалык чечимдер Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (КДКР) тарабынан жума сайын кабыл алынган. Акча-кредит жана бюджет-салык саясаттарын макулдашууну камсыз кылуу максатында Улуттук банктын жана Финансы министрлигинин өкүлдөрү катышкан

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 17-декабрындагы №55/3 токтому менен жактырылган.

Ведомство аралык координациялык кеңештин жолугушуулары туруктуу негизде өткөрүлүп турган.

2017-жыл ичинде Улуттук банктын пайыз саясаты экономиканын өсүш арымын колдоого багытталган. Улуттук банктын эсептик чени жыл ичинде өзгөргөн эмес жана ал 5,00 пайыз деңгээлинде сакталып турган. Пайыздык чендердин чеги да өзгөрүүсүз калып, пайыздардын жогорку чеги (“овернайт” кредиттери боюнча чен) – 6,25 пайыз деңгээлинде, ал эми төмөнкү чек (“овернайт” депозиттери боюнча чен) – 0,25 пайыз деңгээлинде сакталган.

*Валюта саясаты*

Кыргыз Республикасында кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу режими улантылган. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында Улуттук банк 2017-жылы чет өлкө валютасын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу боюнча валюталык интервенцияларды жүргүзгөн. Бүтүндөй алганда АКШ долларын таза сатуу көлөмү 72,7 млн АКШ долларын түзгөн.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

2017-жылы банк тутуму өз ишин үстөк ликвиддүүлүктүн орун алышы шартында улантткан. Улуттук банк арылтуу операцияларын жүргүзүүгө чейин банк тутумундагы үстөк камдардын орточо күндүк көлөмү 13,0 млрд сом өлчөмүндө (2016-жылы – 11,6 млрд сом), ал эми арылтуу операциялары ишке ашырылгандан кийин – 1,3 млрд сом (2016-жылы – 1,4 млрд сом) чегинде катталган. Отчеттук жылдын акырына карата үстөк ликвиддүүлүк динамикасы төмөндөөгө ык койгон.

Акча рыногун андан ары өнүктүрүү максатында Улуттук банк акча-кредит саясатынын инструменттер чөйрөсүн кеңейтүү жана өркүндөтүү ишин улаткан. Ушул иш-чаралардын алкагында Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 364 күнгө чейинки ноталарын чыгаруу мүмкүнчүлүгү каралган өзгөртүүлөр киргизилген. Ошол эле учурда, коммерциялык банктарга ликвиддүүлүктү кыйла ийкемдүү жана натыйжалуу тескөөгө алуусу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо максатында Улуттук банктын бардык кайра каржылоо инструменттери боюнча күрөөлүк камсыздоо тизмеги кароого алынган.

Банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу үчүн отчеттук жыл ичинде банк ачык рынокто операцияларды (ноталар эмиссиясы) жана “овернайт” депозит операцияларын көбүрөөк ишке ашырган. Улуттук банктын арылтуу операцияларынын орточо күндүк көлөмү 2016-жылдагы 10,2 млрд сомдон 2017-жылдагы 11,7 млрд сомго чейин өскөн.

***2.1.1-график.***

Улуттук банктын үстөк камдары жана операциялары



Отчеттук жыл ичинде банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда катышуучулардын жигердүү иш алып баруусу катталган. Келишилген репо бүтүмдөрүнүн суммардык көлөмү 2016-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 2,3 эсеге жогорулаган. Акча-кредиттик шарттар акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендеринин Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чекте сакталышына өбөлгө түзгөн. Мында акча рыногунун чендеринин эсептик ченге жакындашуусу белгиленген.

***2.1.2-график.***

Улуттук банктын чендеринин жана банктар аралык репо операцияларынын динамикасы




*Коммуникациялык саясат*

Акча-кредит саясатынын таасирдүүлүгүн жогорулатуу максатында 2017-жылы коммуникациялык саясатты жигердүү жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Банк жетекчилигинин катышуусунда акча-кредит саясаты маселелери боюнча пресс-конференциялар туруктуу негизде уюштурулуп, эсептик чен (саясат чени) боюнча кабыл алынган чечимдер пресс-релиздерде, өлкөдө орун алып турган жана келечекте күтүлүп жаткан макроэкономикалык жагдайга баа берүүлөр мезгил-мезгили менен чагылдырылып турган акча-кредит саясаты боюнча отчеттордо жарыяланып турган.

Коммуникациялык саясатты жүргүзүүдө экономика субъекттеринин рынок шартына ыңгайлашып иш алып баруусу, анын ичинде рационалдуу инфляциялык күтүүлөрдү калыптандыруу жана кеңири коомчулукка акча-кредит саясаты маселелери боюнча маалымат берип туруу негизги артыкчылык катары каралган.

## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

Отчеттук мезгил ичинде акча-кредит саясаты банк секторунда үстөк ликвиддүүлүктүн сакталышы шартында ишке ашырылган. Аны натыйжалуу абсорбациялоо максатында 2017-жылдын экинчи жарымында рынок катышуучуларына Улуттук банктын 91 күндүк ноталары кошумча сунушталган. Жыл ичинде Улуттук банктын ноталары боюнча кирешелүүлүк жогорулоо тенденциясына ээ болуп, саясат ченине жакындаган. 2017-жылдын акырына карата ноталардын бардык түрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк 3,4 пайызды[1]

[1] 2017-жылдын 26-декабрындагы ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондор жыйынтыгы боюнча.

түзгөн (2016-жылдын акырына кирешелүүлүк 0,4 пайыз чегинде катталган эле[1]). Мында отчеттук жылы жүгүртүүдөгү ноталардын орточо күндүк көлөмү 4,0 млрд сом чегинде түптөлгөн (2016-жылдын – 2,3 млрд сом).

Ачык рынокто операциялар менен бирге эле, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операциялары коммерциялык банктардын бош турган каражаттарын Улуттук банктагы "овернайт" депозиттерине жайгаштыруунун эсебинен ишке ашырылган, алардын орточо күндүк көлөмү 7,7 млрд сомду түзгөн (2016-жылы – 8,0 млрд сом).

Өбөлгө түзүүчү акча-кредиттик шарттардын сакталышы ичтен керектөөнү жогорулатуу жана экономиканын алгылыктуу өсүш арымын колдоо боюнча чараларды калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берген. Ушул максатта 2017-жылы банк секторуна ресурстарды сунуштоо кредиттик аукциондордун жана Кыргыз Республикасы ЕАЭБнын алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзгөн эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин чегинде ишке ашырылган.

Мындан тышкары, коммерциялык банктарды улуттук валютадагы ресурстар менен камсыз кылуу үчүн Улуттук банк "овернайт" кредиттерин жана ликвиддүүлүктү колдоо үчүн кредиттерди берүү операцияларын жүргүзгөн.

***<u>2.2.1-график.</u>***

Улуттук банктын операцияларынын көлөмү




Баалуу металлдар менен операциялардын артышына түрткү берүү жана экономиканын долларлашуу деңгээлин кыскартуу максатында Улуттук банк 2017-жылы жаңы акча-кредит саясатынын инструментин иштеп чыккан, анда банктар аралык ички рынокто алтынды айкын сунуштоосуз эле сатуу жана кайра сатып алуу шарты каралган.

2017-жылы ички валюта рыногунда туруктуу жагдай сакталып турган. Улуттук банктын валюталык интервенциялары алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөөгө мүмкүндүк берген. Ички валюта рыногунда Улуттук банк чет өлкө валютасын сатып алуучу катары сыяктуу эле, сатуучу катары да катышкан. Кароого алынган мезгил ичинде АКШ долларын таза сатуу көлөмү 72,7 млн АКШ долларын, ал эми 2016-жылы таза сатып алуу көлөмү 29,1 млн АКШ доллары чегинде катталган эле.

Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде ички рынокто монетардык алтынды сатып алуу операциясын ишке ашырган, алардын көлөмү 4,4 млрд сомду түзгөн (2016-жылы – 982,2 млн сом).

[1] 2016-жылдын 27-декабрындагы ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондор жыйынтыгы боюнча.

### 2.2.1. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

Өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу иш ыргагынын алкагында Улуттук банк валюта тооруктарына рынок конъюнктурасына жараша катышкан жана ал алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөөгө багытталган.

Жыл ичинде валюта рыногунда салыштырмалуу туруктуу жагдай байкалган. Чет өлкө валютасына суроо-талап негизинен аны сунуштоо көлөмү менен канааттандырылган, ушундан улам Улуттук банк өткөн жылга салыштырганда валюта тооруктарында азыраак катышкан.

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинин баш жагында акча которуулар агымынын сезондук азаюусунун чегинде ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн кыскарышы байкалган, бул өз кезегинде, алмашуу курсунун өзгөрүлмөлүүлүгүнө таасир этекен. Кескин өзгөрүүлөрдү текшилөө максатында Улуттук банк ушул мезгил аралыгында 17,7 млн АКШ долларын сатууну ишке ашырган.

Экинчи чейректин баш жагында акча которуулар агымынын калыбына келиши менен башкача жагдай, б.а. чет өлкө валютасын сунуштоонун суроо-талап көлөмүнөн артышы байкалган, бул улуттук валютанын чыңдалышын шарттаган. Ушуга байланыштуу Улуттук банк 16,2 млн АКШ долларын сатып алган.

Үчүнчү чейректе чет өлкө валютасын сатуу боюнча операциялар көлөмү сатып алуу операциялары көлөмүнөн арткан. Жыйынтыгында 2017-жылдын үчүнчү чейрегинде таза сатуу 3,8 млн АКШ долларын түзгөн.

***2.2.1.1-график.***

Улуттук банктын 2017-жылы чет өлкө валютасы менен ишке ашырган операциялары




Төртүнчү чейректе чет өлкө валютасына суроо-талаптын өсүшү алмашуу курсуна таасирин тийгизген, ал Улуттук банктын операцияларынын эсебинен жеңилдетилген. Жыйынтыгында чейрек ичинде банк 67,4 млн АКШ долларын саткан.

Бүтүндөй 2017-жыл ичинде 107,2 млн АКШ доллары сатылып, 34,5 млн АКШ доллары сатылып алынган. Таза сатуу көлөмү 72,7 млн АКШ долларын түзгөн. Отчеттук жыл ичинде АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу 0,6 пайызга төмөндөө менен 1 АКШ доллары үчүн 68,8395 сом чегинде катталган.

## 2.2.2. Ноталар менен ишке ашырылган операциялар

Ноталар – бул, 7 күндөн 364 күнгө чейинки жүгүртүү мөөнөтүндөгү баалуу кагаздар. Улуттук банк ноталарды банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырат.

Банктар аралык рынокту өнүктүрүү жана банк тутумунда ликвиддүүлүктү кыйла натыйжалуу тескөө үчүн Улуттук банк 2017-жылдын август айынан тартып 91 күндүк жүгүртүү мөөнөтүндөгү ноталарды чыгара баштаган.

Ноталарды сатуунун жалпы көлөмү отчеттук жылы 84,9 млрд сомду түзгөн. Олуттуу сатуу көлөмү 7 күндүк жүгүртүү мөөнөтүндөгү ноталарга туура келген (64,4 пайыз), ал эми 14, 28 жана 91 күндүк жүгүртүү мөөнөтүндөгү ноталарды сатуу көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша 4,3, 24,7 жана 6,6 пайызды түзгөн.

***2.2.2.1-график.***
Ноталарды сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




## 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо

Кайра каржылоо ыкмасы коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын утурумдук өзгөрүү багытын жөнгө салуу үчүн каралган инструменттин бири болуп саналат.

Кайра каржылоо инструменттери төмөнкү түрдө сунушталган:

- төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде улуттук валютада пайызсыз негизде сунушталган “бир күндүк” кредит;
- банктардын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында бир күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган “овернайт” кредити;
- кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоо максатында күрөөлүк камсыздоо алдында жети күнгө акы төлөө негизинде улуттук валютада сунушталган 7 күндүк кредит;
- ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканын айрым тармактарын кредиттөө үчүн акы төлөө негизинде коммерциялык банктарга алты айга чейинки мөөнөткө улуттук валютада кредиттик ресурстарды сунуштоо максатында кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо боюнча кредиттик аукциондор;

- банк тутумунун бүтүндүгүн камсыз кылуу, ликвиддүүлүктү колдоого алуу жана аманатчылар таламын коргоо максатында, күрөөлүк камсыздоо алдында акы төлөө негизинде сунушталуучу ликвиддүүлүктү колдоо каралган үчүн кредиттер;
- Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБнын алкагында башка мамлекеттер менен биргелешип түзүлгөн эл аралык уюмдарга күрөөлүк камсыздоо алдында, акы төлөө негизинде сунушталуучу кредит;
- акыркы инстанциядагы кредит өзгөчө учурларда гана ишинде олуттуу финансылык проблемалар орун алган коммерциялык банктарга сунушталат.

2017-жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан "бир күндүк" кредитке талап болгон эмес.

Мындан тышкары, жыл ичинде сунушталган "овернайт" кредиттеринин көлөмү 13,8 млрд сом чегинде калыптанган, ал эми 2016-жылы ал 2,0 млрд сом чегинде катталган эле.

2017-жыл ичинде Улуттук банк кредиттик аукциондордун алкагында коммерциялык банктарга 4,8 млрд сом суммасына кредиттерди сунуштаган (2016-жылы – 1,4 млрд сом).

Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзүү жана аны колдоого алуу максатында Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасы тарабынан ЕАЭБнын алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга 72,5 млн сом өлчөмүндө кредиттерди сунуштаган.

Кароого алынган жылы Улуттук банк тарабынан ликвиддүүлүктү колдоо үчүн 538,3 млн сом суммасында кредит берилген.

***<u>2.2.3.1-таблица.</u>***

Улуттук банк тарабынан берилген кредиттер

*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|
| **"Овернайт" кредиттери** | | | | | |
| 2016-жыл | 2 045,6 | - | - | - | **2 045,6** |
| 2017-жыл | - | 50,0 | 538,2 | 13 228,3 | **13 816,5** |
| **Кредиттик аукциондор*** | | | | | |
| 2016-жыл | 1 070,0 | - | 370,0 | - | **1 440,0** |
| 2017-жыл | 500,0 | 4 130,0 | 180,0 | - | **4 810,0** |
| **Ликвиддүүлүктү колдоого кредиттер** | | | | | |
| 2016-жыл | - | - | - | - | **-** |
| 2017-жыл | - | - | - | 538,3 | **538,3** |
| **Эл аралык уюмдарга кредиттер** | | | | | |
| 2016-жыл | 350,0 | 130,0 | 61,0 | 137,2 | **678,2** |
| 2017-жыл | 49,5 | 23,0 | - | - | **72,5** |

**Көрсөтүлгөн мезгил ичинде айкын берилген кредиттердин көлөмү*

## 2.2.4. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана ал башка инструменттер менен катар эле, акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчүнө жетишүү үчүн колдонулат. Милдеттүү камдык талаптар – бул, коммерциялык банктар Улуттук банктагы корреспонденттик эсепке белгиленген талаптарга ылайык милдеттүү түрдө депондоштурууга тийиш болгон

акча каражаттарынын суммасын түшүндүрөт. Милдеттүү кам өлчөмү жана аларды аткаруу тартиби Улуттук банк Башкармасы тарабынан акча-кредит саясатынын максаттарына жараша белгиленет.

*Коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдык талаптар*

Отчеттук жылы милдеттүү камдык талаптар нормасы өзгөрүүсүз калып, улуттук валютадагы, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин валюталарындагы жана кытай юанындагы милдеттенмелер боюнча 4,0 пайыз, ал эми башка чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер боюнча 12,0 пайыз деңгээлинде сакталган. Милдеттүү камдык талаптарды сактоонун базалык мезгил аралыгы төрт календардык жуманы түзгөн. Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте камдык талаптарды аткаруу үчүн жайгаштырылган каражаттын минималдуу күндөлүк чектүү деңгээли банктын тиешелүү мезгилге карата аныкталган кам көлөмүнүн 90,0 пайыз деңгээлинде сакталган.

Коммерциялык банктарга милдеттүү камдык талаптарды сактоонун альтернативалуу мүмкүнчүлүгүн сунуштоо максатында, ошондой эле баалуу металлдар менен операцияларга андан ары түрткү берүү ниетинде милдеттүү камдык талаптарды сактоо үчүн камдык активдер курамына Улуттук банктагы ээси көрсөтүлбөгөн металл эсебиндеги алтын түрүндөгү активдердин 100 пайызын кошуу чечими кабыл алынган.

*Аманаттарды тартууну жүзөгө ашырган МФКлар үчүн милдеттүү камдык талаптар*

Өлкөнүн башкы банкы отчеттук жылы аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата милдеттүү кам түзүүгө карата дифференциацияланган ыкманы колдонууну баштаган. Мына ушул иш-чаралардын алкагында коммерциялык банктарга карата коюлган талаптар сыяктуу эле, төмөнкүдөй милдеттүү камдык талаптардын нормалары белгиленген: улуттук валютадагы, ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин валюталарындагы жана кытай юаныдагы милдеттенмелер боюнча – 4,0 пайыз деңгээлинде; башка чет өлкө валюталарындагы милдеттенмелер боюнча – 12,0 пайыз деңгээлинде.

Мындан тышкары, аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар үчүн базалык мезгилди узартуу, милдеттүү камдык талаптарды эсептөө жана сактоо тартибин өзгөртүү, эсептик базага кирген милдеттенмелер тизмегин аныктоо, милдеттүү камдарды депондоштуруу үчүн төлөм өлчөмүн жана аларды сактабагандык үчүн айыптык төлөмдү белгилөө боюнча түзөтүүлөр жана башка өзгөртүүлөр киргизилген.

***2.2.4.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн сом)*

| | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2016-жыл, бардыгы болуп** | **8 742,6** | **8 640,8** | **8 583,7** | **8 845,5** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 7 832,4 | 7 146,9 | 7 072,5 | 7 281,3 |
| үстөк камдар | 910,3 | 1 493,9 | 1 511,2 | 1 564,2 |
| **2017-жыл, бардыгы болуп** | **8 730,4** | **8 699,5** | **9 107,1** | **8 827,9** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 7 175,3 | 7 343,2 | 7 632,4 | 7 927,3 |
| үстөк камдар | 1 555,2 | 1 356,2 | 1 474,7 | 900,6 |

** - бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөр*

Отчеттук мезгил ичинде бардык коммерциялык банктар милдеттүү камдык талаптар ченемин сактоого жетишкен. Ошондой болсо да, милдеттүү кам көлөмүнүн күндөлүк минималдуу деңгээли сакталбаган бир учур катталган.

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк ликвиддүүлүк жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу жагындагы биринчи кезекте көңүл бурулуучу жагдайларды эске алуу менен эл аралык камды өз алдынча түзөт, ээлик кылат жана аларды тескөөгө алат.

Эл аралык камды тескөөгө алуу Инвестициялык саясатта, Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатында жана Эл аралык камдарды тескөөдө контрагенттер боюнча лимиттерди аныктоонун усулдук ыкмалары белгиленген.

*Эл аралык камдар көлөмү жана түзүмү*

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдар портфелинин түзүмүн, орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттер кирешелүүлүгү ортосунда катышты аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдер Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан кабыл алынат. Инвестициялык комитет ушул маселе боюнча 2017-жылы 23 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөө учурунда келип чыккан тобокелдиктерди кыскартуу максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, ошондой эле инвестициялоо инструменттеринин түрлөрү, алардын өлчөмдөрү, мөөнөттөрү белгиленген.

2017-жылдын акырына дүң эл аралык камдардын көлөмү жыл ичинде 207,4 млн АКШ долларына же 10,5 пайызга көбөйүү менен 2 176,5 млн долларды түзгөн. Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамында алтын түрүндөгү активдер, атайы карыз алышуу укугу жана чет өлкө валюталары портфели камтылган.

***<u>2.3.1-график.</u>***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы

*(млн АКШ доллары)*




Кароого алынып жактан жыл ичинде дүң эл аралык камдар көлөмүнө банктын өлкөнүн ички рыногунда ишке ашырган валюталык операциялары; республиканын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык камдар курамына кирген валюталар курсунун өзгөрүүсү; баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү; камдарды тескөөдөн алынган кирешелер; ички рынокто алтынды сатып алуу операциялары; Өкмөттүн жана Улуттук банктын пайдасына түшкөн валюталык каражаттар таасирин тийгизген.



МАЗМУНУ

***2.3.1-таблица.***

Эл аралык кам түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү*

| | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Валюта портфели | 82,1 | 78,9 |
| Алтын | 8,6 | 13,3 |
| Атайы карыз алышуу укугу | 9,3 | 7,8 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Эл аралык камдардын валюта портфели отчеттукн жыл ичинде өзүндө АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунт стерлингин, австралия жана канада долларын, япон иенин, орус рублин, кытай юанын, түштүк корея вонун, сингапур долларын, норвегия кронасын камтып турган.

***2.3.2-таблица.***

Эл аралык камдарды жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Борбордук банктар | 32,4 | 24,9 |
| Эл аралык финансы институттары | 16,6 | 29,5 |
| Коммерциялык банктар | 46,5 | 36,6 |
| Улуттук банк | 4,5 | 9,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын түзүмү*

Ликвиддүүлүктү тиешелүү деңгээлде колдоп туруу, ошондой эле эл аралык камдарды алда канча натыйжалуу тескөөгө алуу максатында камдык активдер менен иш портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялык портфелге бөлүштүрүү, камдар кирешелүүлүгүн оптималдуу деңгээлде колдоп турууга өбөлгө түзгөн.

*Жумушчу капиталын жайгаштыруу*

Жумушчу капитал активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган жана алар ички банктар аралык валюта рыногунда операцияларды, ошондой эле Улуттук банк менен Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрүн, анын ичинде мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнү ишке ашырууда колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык портфель бекитилген эл аралык камдардын эталондук портфелине ылайык тескөөгө алынган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк репо операцияларга жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфелинде айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, ошондой эле эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттери камтылган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарда, чет өлкө борбордук банктарында жана жогорку эл аралык рейтингге ээ коммерциялык банктарда жайгаштырылган.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция факторлору*

2017-жыл ичинде Кыргызстанда инфляция белгиленген максаттуу көрсөткүчтөн жогорулаган эмес жана ал орточо деңгээлде сакталып турган. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, орточо жылдык инфляция 3,2 пайыз, жыл акырына инфляция көрсөткүчү (2017-жылдын декабрь айы 2016-жылдын декабрь айына карата) 3,7 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Азык-түлүк товарларына баанын

өсүш арымы 2016-жылга салыштырганда жогорулап, оң мааниде калыптанган. Отчеттук жылы азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшү тескерисинче, басаңдаган.

***2.4.1-график.***
Инфляциянын түптөлүшүнө түрткү бергендер[1]




Жыл акырына карата азык-түлүк инфляция көрсөткүчү (2017-жылдын декабрь айы 2016-жылдын декабрь айына карата) 2,7 пайызды түзгөн. Азык-түлүктүн негизги түрлөрүнүн ичинен жашылчаларга жана эт азыктарына баа кыйла жогорулаган. Нан азыктарына жана тарууларга, майга жана тоң майларга, ошондой эле кантка баа индекстери 2016-жылдагыга салыштырганда төмөндөгөн, бул салыштырмалуу төмөн азык-түлүк инфляциясынын түптөлүшүнө таасирин тийгизген.

Азык-түлүктөн башка товарларга баа жылдык мааниде алганда 3,2 пайызга өскөн. Азык-түлүктөн башка товарлардын көпчүлүгүнө баа индексинин өсүшү төмөн же орточо деңгээлде катталган. Жогору өсүш арым көмүр жана КММга карата баадан байкалган. Ал эми электр энергиясына жана жылуулук энергиясына тарифтер өзгөрүүсүз калган.

2017-жылы ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси 6,9 пайызга өскөн, бул эң негизгиси, байланыш кызматтарына, тойканалар жана мейманканалар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөргө баанын өсүшү менен шартталган.

Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу мезгил аралыгында инфляциянын орточо мааниси жылдык туюндурууда 5 пайызга жакынды (4,9 пайыз) түзүү менен 5-7 пайыз деңгээлиндеги максаттуу көрсөткүчтөн ашкан эмес.

[1] УСКнын эсептөөлөрүнө ылайык КБИде төмөнкүлөр камтылат:
- азык-түлүк товарлары – тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бардык түрлөрүнө баалар;
- жөнгө салынуучу баалар – турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, электр энергиясына, газга, телефонго, почта байланышына, коомдук транспортко ж.б. кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер;
- акциздик товарлар – алкоголдук ичимдиктерге, тамекиге жана КММга баалар;
- инфляциянын рыноктук деңгээли – КБИнин калган бөлүгү.

**2.4.2-график.**
Кыргызстанда инфляция деңгээли




*Акча базасы*

Жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы 100,0 млрд сомду түзүү менен 16,9 пайызга же 14,4 млрд сомго өскөн (2016-жылы өсүш 27,6 пайыз чегинде катталган). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн операцияларынын эсебинен акча базасы 10,1 млрд сомго, ал эми Улуттук банктын операцияларынын эсебинен – 4,3 млрд сомго көбөйгөн.

*Акча топтомдору*

Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде бардык акча топтомдорунун өсүш динамикасы уланган, ал негизинен банктардан тышкаркы акчанын көбөйүүсү менен шартталган. М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акча) 2017-жылдын акырына карата 84,5 млрд сомду түзүү менен 15,1 млрд сомго же 21,8 пайызга өскөн (2016-жылы 30,5 пайызга көбөйүү байкалган). М2 акча топтомунун өсүшү (М0 + эсептешүү эсептерин кошо алганда, улуттук валютадагы депозиттер) 23,7 пайызды же 27,4 млрд сомду түзүү менен отчеттук жылдын акырында 142,9 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн (2016-жылы ал 40,3 пайызды түзгөн). Отчеттук жыл ичинде М2Х акча топтому 17,9 пайызга өсүп, 193,4 млрд сом чегинде калыптанган (2016-жылы өсүш 14,6 пайызды түзгөн эле). Банктардан тышкары акчаны эске албаганда, белгиленген акча топтомдорунун көбөйүшүнө улуттук валютадагы сыяктуу эле (26,7 пайыз), чет өлкө валютасындагы депозиттердин (4,0 пайыз) өсүшү таасирин тийгизген.

**2.4.3-график.**
Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу жана аманатчылардын, кредиторлордун таламдарын коргоо максатында Улуттук банк Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын (БФКУ) ишин көзөмөлдүккө алып, жөнгө салат.

Финансы-кредит уюмдардын ишине тышкы көзөмөлдүктү (аралыктан) комплекстүү жана максаттуу (зарылчылыкка жараша) текшерүүлөр менен айкалышта ишке ашыруу көзөмөлдүккө алууда жана жөнгө салуунун негизги иш ыкмасынан болуп саналат.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасында орто мөөнөткө каралган мезгил ичинде банк тутумун жана микрокаржылоо секторун өнүктүрүүнүн негизги багыттары боюнча эки стратегиялык документ бекитилген. Документтер Кыргыз Республикасынын экономикасында секторлордун ролун күчөтүүгө жана аларды андан ары өнүктүрүүгө, иш натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого, банк жана микрокаржылоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн арттырууга, финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатууга, кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чендердин төмөндөшүнө өбөлгө түзүүгө, ошондой эле ислам каржылоо принциптерин андан ары өнүктүрүүгө багытталган.



## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 25 коммерциялык банк иштеп турган. Коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 21,9 млрд сом чегинде катталып, анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталында чет өлкө капиталынын үлүшү 49,8 пайызды же 10,9 млрд сомду түзгөн. Жыл ичинде банктардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 2,9 млрд сомго же 15,4 пайызга көбөйгөн.

Банктык мыйзам талаптарына ылайык, иштеп жаткан коммерциялык банктар үчүн (банк-резидент эместердин филиалдарын кошо алганда) 2017-жылдын 1-июлуна чейин уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүн 500 млн сомдон кем эмес өлчөмдө белгилөө талабы, бир банкты кошпогондо, бардык коммерциялык банктар тарабынан аткарылган.

*Лицензияларды берүү*

Жыл ичинде бир банкка финансылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо ишин жүзөгө ашыруу укугуна, үч банкка электрондук акча чыгаруу укугуна уруксат берилсе, дагы эки банк башка эмитенттердин баалуу металлдары менен операцияларды жүргүзүү (нак эмес формада) укугуна уруксат алган. Мындан тышкары, бир банкка “ислам терезеси” аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык, улуттук жана/же чет өлкө валютасында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берилген.

*Филиалдар, аманат кассалары жана көчмө кассалар*

***3.1.1.1-таблица.***
Филиалдар, аманат кассалары жана көчмө касса түйүндөрүнүн өнүгүү динамикасы

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл |
| Бишкек шаары | 65 | 68 | 260 | 265 | 33 | 38 |
| Баткен областы | 26 | 25 | 70 | 72 | 6 | 7 |
| Жалал-Абад областы | 50 | 49 | 164 | 174 | 15 | 15 |
| Ысык-Көл областы | 40 | 39 | 61 | 64 | 15 | 16 |
| Нарынская областы | 21 | 20 | 24 | 23 | 1 | 2 |
| Ош областы | 60 | 59 | 197 | 201 | 19 | 20 |
| Талас областы | 18 | 18 | 23 | 22 | 5 | 5 |
| Чүй областы | 44 | 41 | 75 | 81 | 24 | 26 |
| **Бардыгы болуп** | **324** | **319** | **874** | **902** | **118** | **129** |

Жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан республика боюнча алты филиал, 41 аманат кассасы жана 17 көчмө касса ачылган. Ошону менен бирге эле, коммерциялык банктардын 11 филиалы, 13 аманат кассасы жана алты көчмө касса жабылган.

## 3.1.2. Тышкы көзөмөл

Кароого алынып жаткан жыл ичинде коммерциялык банктардын ишине көзөмөл жүргүзүү стратегиясынын алкагында, алардын финансылык абалына, башкаруу сапатына, экономикалык ченемдердин жана мыйзамдарда белгиленген башка талаптардын аткарылышын эске алуу менен сырттан көзөмөлдүк ишке ашырылган. Жүргүзүлүп жаткан иштер банктардын ишинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди өз убагында аныктоого, банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылууга, аманатчылар жана кредиторлор таламын коргоого багытталган.

Жыл жыйынтыгы боюнча Банк секторун 2014-2017-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган финансылык ортомчулуктун максаттуу көрсөткүчтөрү аткарылган[1]. Финансылык ортомчулук көрсөткүчү (активдердин ИДӨгө карата катышы) 38,0 пайызды түзгөн. Кредиттердин ИДӨгө карата катышы[2] 20,8 пайыз чегинде катталган. Коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[3] ИДӨнүн 23,3 пайызын түзгөн.

*Капитал көрсөткүчү*

Отчеттук жылы “таза” суммардык капитал[4] 3,9 млрд сомго же 13,2 пайызга, ал эми “таза” тобокелдиктүү активдер[5] 18,7 млрд сомго же 15,6 пайызга көбөйгөн.

Суммардык капитал шайкештик көрсөткүчү анын ченемдик деңгээлинен олуттуу ашкан, бул банк тутуму финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жагында потенциалга ээ экендигин тастыктайт.

[1] Банк секторун 2014-2017-жылдарда өнүктүрүүнүн негизги багыттарында каралган финансылык ортомчулуктун максаттуу көрсөткүчтөрү: ИДӨгө карата активдер – 37,0 пайыз, ИДӨгө карата кредиттер – 17,8 пайыз, ИДӨгө карата депозиттер – 18,7 пайыз.

[2] Банктарга жана башка ФКУларга сунушталган кредиттерди эске албаганда.

[3] Банктардан кабыл алынган депозиттерди эске албаганда.

[4] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды эске албаганда, банктын уставдык капиталын, анын отчеттук жана өткөн жылдардагы финансылык иш натыйжаларын камтыган эсептик көрсөткүч. Бул көрсөткүч Улуттук банк белгилеген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[5] Тобокелдүү активдер кардарларга кредитти, лизингди, корпоративдик баалуу кагаздарды, чет өлкө банктарында жайгаштырылган акчалай активдерди, башка активдерди жана аларга мүнөздүү болгон кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча бааланган балансТан тышкаркы милдеттенмелерди камтыйт.

***3.1.2.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын капитал көрсөткүчү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 29,7 | 33,6 |
| Таза тобокелдүү активдер, *млрд сом* | 119,8 | 138,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 24,8 | 24,2 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| “Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны” | 8 | 12 |
| "Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны" | 10 | 7 |
| "Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны" | 7 | 6 |

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдикке активдерди жана балансстан тышкаркы милдеттенмелерди[1] классификациялоонун негизинде баа берилет. Өзүндө кайтарылбай калуу тобокелдигин камтыган классификацияланган кредиттер боюнча атайы камдардын кредит портфелине карата катышы, жыл башынан тартып 0,5 пайыздык пунктка азаюу менен 4,5 пайызды түзгөн. Классификацияланган кредиттер жылдын акырына карата 8,2 млрд сомду же бардык кредиттердин 7,6 пайызы чегинде катталган.

*Валюта тобокелдиги*

Валюта тобокелдигине чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле алардын коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги үлүшүнө жараша баа берилет. Жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 79,6 млрд сомду же суммардык активдердин 40,2 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 75,4 млрд сомду түзгөн же бардык милдеттенмелердин 45,5 пайызын камтыган.

***3.1.2.2-таблица.***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млрд сом* | 77,2 | 79,6 |
| Бардык активдердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы активдердин үлүшү, *пайыздар* | 43,3 | 40,2 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млрд сом* | 73,2 | 75,4 |
| Бардык милдеттенмелердин түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү, пайыздар | 48,9 | 45,5 |

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги, ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин орду активдердин эсебинен жабылышы көз карашынан кароого алынат, мөөнөт аралыгы жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта бул, каражаттарга болгон керектөөгө баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Отчеттук жылдын акырына карата 30 күнгө чейинки жана 91-180 күн мөөнөт аралыгы боюнча активдердин жана милдеттенмелердин ордун жабууда терс ажырым байкалган.

[1] Маалыматтар “Банк сектору” деп аталган 1.4-бөлүктөгү “Активдерди, балансстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо” аталышындагы 1.4.2-таблицада келтирилген.

***3.1.2.3-таблица.***[1]

Активдер жана милдеттенмелер мөөнөттөрү боюнча (бир мезгилдин акырына карата)

*(млрд сом)*

| 2016-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 68,8 | 9,2 | 10,0 | 18,3 | 77,8 | 184,1 |
| Милдеттенмелер | 74,7 | 9,9 | 15,1 | 18,5 | 27,6 | 145,7 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -5,9 | -0,7 | -5,1 | -0,2 | 50,2 | 38,4 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 0,1 | 0,1 | 0,5 | 0,0 | 0,6 | 0,2 |

**- Маалыматтар 2016-жылдын 31-декабрын кошо камтуу менен келтирилген*

| 2017-жыл* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 69,2 | 11,9 | 10,9 | 19,5 | 92,8 | 204,2 |
| Милдеттенмелер | 87,8 | 7,8 | 13,1 | 18,4 | 34,3 | 161,3 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -18,7 | 4,1 | -2,2 | 1,1 | 58,5 | 42,9 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | 27,0 | 34,6 | 20,2 | 5,6 | 63,1 | 21,0 |

**- Маалыматтар 2017-жылдын 31-декабрын кошо камтуу менен келтирилген*

Коммерциялык банктар үчүн ченем 45,0 пайыздан кем эмес деңгээлде белгилениши шартында банк тутумунун ликвиддүүлүк ченеминин мааниси 65,1 пайызды түзгөн. Төрт ири банктын ишинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алдын-алуу максатында дароо ликвиддүүлүк (К3.3) кошумча ченеми белгиленген.

### 3.1.3. Инспектордук текшерүүлөр

2017-жылы Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын ишине инспектордук (жеринде көзөмөлдүктү жүргүзүү), анын ичинде тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк ыкмаларын колдонуу менен текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Текшерүүлөр негизинен капиталдын жеткиликтүүлүгүн, активдердин жана шарттуу милдеттенмелер сапатын, ликвиддүүлүктү, кирешелүүлүктү, банктын операциялык жана рынок тобокелдиктерине дуушарлануусун жана мыйзам талаптарынын, анын ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында белгиленген мыйзам талаптарынын банктар тарабынан сакталышын эске алуу менен банктарда тобокелдиктерди тескөө, корпоративдик башкаруу жана ички контролдук системаларынын жөнгө салынышына баа берүү багыттарын камтыйт. Өзүнчө текшерүүлөр коммерциялык банктардын айрым иш багыттарын жана банк операцияларынын түрлөрүн, анын ичинде финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулар укугунун сакталышы көз карашынан, кылдат иликтөөгө алуу максатында ишке ашырылган.

Коммерциялык банктарга жүргүзүлгөн инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча кемчиликтердин/айрым талаптарды бузууга жол берүүлөрдүн аныкталгандыгына байланыштуу, мыйзам талаптарына шайкеш келтирүү, айрым операцияларды жүргүзүүдө банктар дуушар болгон тобокелдиктерди басаңдатуу жагында жазма буйруктар жөнөтүлгөн. Аныкталган кемчиликтердин олуттуу бөлүгү

[1] Маалыматтар мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик отчеттун 12-бөлүгүнүн негизинде келтирилген.

кредиттик тобокелдикке талаптагыдай баа берилбегендигине, активдердин шайкеш классификацияланбагандыгына, кредиттик администрлөөдөгү, ички контролдук жана операциялык жана валюталык тобокелдиктерди тескөө системасында кемчиликтердин орун алышына, ошондой эле терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагында мыйзам талаптарынын так сакталбагандыгына байланыштуу келип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматы менен келишилген эки тараптуу макулдашуунун алкагында кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүүдө коммерциялык банктар тарабынан мыйзам талаптарынын сакталышы жагында маалымат алмашып туруу иши 2017-жылы да улантылган.

Отчеттук жыл ичинде ушул багытта жөнгө салынган улуттук системанын эл аралык стандарттарга шайкеш келишине өз ара баа берүүнүн 2-баскычынын алкагында баа берүүчү эксперттердин миссиясы иш сапар менен келип кеткен. Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү боюнча улуттук системанын ФАТФнын сунуш-көрсөтмөлөрүнө шайкеш келишин жана аларды ишке ашыруунун натыйжалуулугун талдап-иликтөө – миссиянын негизги максатынан болгон.

*Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк*

Эл аралык тажрыйбага ылайык, көзөмөлдөө ыкмаларын жана инструменттерин өркүндөтүүнүн алкагында 2017-жылы Улуттук банк тобокелдиктерди аныктоого негизденген көзөмөлдүктү жүргүзүү системасын иштеп чыгуу ишин уланткан, анда башкаруу жана ички контролдук системасын кошо алганда, банктын бүтүндөй иш чөйрөсүнө баа берүү иши каралган.

Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктүн усулдук ыкмаларын иштe колдонуп көрүү максатында отчеттук жылы долбоордук топтордун иши улантылган. Аталган топтор тарабынан тышкы көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн алкагында сыяктуу эле, инспектордук текшерүүлөрдүн жүрүшүндө 16 коммерциялык банкка карата тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптери колдонулган.



### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Кароого алынып жаткан жылы тышкы көзөмөлдүктүн алкагында, ошондой эле инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктарга карата таасир этүү чаралары колдонулган. Көрүлгөн чаралар айрыкча эскертүү мүнөзүндө болуп, тиешелүү мыйзамдарга ылайык банк ишинин туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу жана натыйжалуулугун арттыруу максатында колдонулган.

Жыл ичинде Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети (мындан ары – Көзөмөл боюнча комитет) 51 отурум өткөрүп, анда коммерциялык банктардын ишине тиешелүү 129 маселе кароого алынган.

Комитет тарабынан ошондой эле, жөнгө салуу жана айрым коммерциялык банктардын ишине карата чектөөлөрдү белгилөө чаралары да колдонулган.

Коммерциялык банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталынын минималдуу өлчөмүнө тиешелүү мыйзам талаптарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын аткаруунун алкагында Көзөмөл боюнча комитет айрым банктарга уставдык жана/же өздүк регулятивдик капитал өлчөмүн көбөйтүү жагында финансылык чыңдоо чараларын өткөрүү талабын койгон.

Жыл ичинде лицензиялоо боюнча иштин жүрүшүндө коммерциялык банктарга карата таасир этүү чаралары көрүлгөн, негизинен беш банкка “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобо талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн жазма буйруктар жөнөтүлгөн.

Экономикалык ченемди, капитал боюнча мыйзам талаптарын бузууга жол бергендиги, отчетторду туура эмес бергендиги үчүн үч коммерциялык банкка жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Инспектордук текшерүүлөрдүн натыйжасында мыйзам талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн эки коммерциялык банк жана беш кызматкер 144 миң сом өлчөмүндө акчалай айып төлөө түрүндөгү административдик жоопкерчиликке тартылган.

Отчеттук жыл ичинде милдеттүү камдык талаптар ченемин аткарбагандыгы үчүн бир банкка айып салынган.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине көзөмөл

*БФКУларды лицензиялоо*

Отчеттук жыл акырына карата абал боюнча Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктык эмес финансы-кредит уюмдар системасы өзүндө адистештирилген ФКУ – "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсын (КСФК), 110 кредиттик союзду, 150 микрокаржылоо уюмун (анын ичинде жети микрокаржылоо компаниясын, 96 микрокредиттик компанияны жана 47 микрокредиттик агенттикти) жана 396 алмашуу бюросун жана бир кредиттик бюрону камтып турган.

Адистештирилген ФКУ, микрокаржылоо компаниялары, кредиттик союздар жана алмашуу бюролору, кредиттик бюро өз ишин Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырат, ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүктүн негизинде иш алып барып, лицензияда көрсөтүлгөн айрым операцияларды жүргүзүү укугуна ээ.

Отчеттук жыл ичинде алмашуу бюролоруна 94 лицензия (мөөнөтү бүтүшүнөн улам кайрадан берилген лицензияларды кошо алганда), МККларга каттоодон өткөндүгү тууралуу төрт күбөлүк жана МКАнын каттоодон өткөндүгү тууралуу бир күбөлүк, МФКга бир лицензия жана кредиттик бюрого бир лицензия берилген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактабагандыгы үчүн МККлардын каттоодон өткөндүгү жөнүндө үч күбөлүгү, КСтин эки жана алмашуу бюролорунун 12 лицензиясы кайтарылып алынган. Ишин токтотушуна байланыштуу МККлардын каттоодон өткөндүгү жөнүндө сегиз күбөлүгү, МКАлардын жети күбөлүгү, КСтердин төрт лицензиясы, алмашуу бюролорунун 80 лицензиясы, анын ичинде 40 лицензия мөөнөтү бүтүшүнөн улам жокко чыгарылган.

***3.2.1-таблица.***

БФКУ, алмашуу бюролорунун жана кредиттик бюролордун санынын динамикасы

| Аталышы | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|
| Адистештирилген ФКУ | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 162 | 150 |
| Кредиттик союздар | 116 | 110 |
| Алмашуу бюролору | 394 | 396 |
| Кредиттик бюро | - | 1 |
| **Бардыгы болуп БФКУ** | **673** | **658** |

*Тышкы көзөмөл*

Отчеттук жылда банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишине көзөмөлдүк бул сектордун андан ары сапаттуу өнүгүшүн камсыз кылууга, микрокаржылоо кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга жана кредиттик тобокелдиктерди кыскартууга багытталган. Бул түпкүлүгүндө келип, банктык эмес

финансы-кредиттик институттардын финансылык туруктуулугун жана натыйжалуу иш алып баруусун камсыз кылууга өбөлгө түзгөн.

БФКУлардын ишине көзөмөлдүк тышкы (аралыктан) көзөмөл жана инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу жүзөгө ашырылган.

Тышкы көзөмөлдүктүн жыйынтыгында БФКУлардын ишинде мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталгандыктан, аларга карата төмөнкүдөй таасир этүү чаралары колдонулган:

– микрокаржылоо уюмдарына 23 эскертүү, 131 жазма буйрук жөнөтүлүп, экөөнүн күбөлүгүнүн аракети токтотулуп, үчөөсүнүн күбөлүгү кайтарылып алынган жана бирөөсүн айыптык төлөм салынган;
– кредиттик союздарга 23 эскертүү, 90 жазма буйрук жөнөтүлүп, экөөсүнүн лицензиясы кайтарылып алынган;
– алмашуу бюролоруна 21 эскертүү жана 240 жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Бир алмашуу бюросунун лицензиясынын аракети токтотулуп, аныкталган кемчиликтер четтетилгенден кийин анын лицензиясынын аракети калыбына келтирилген, ал эми 11 алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган.

*Инспектордук текшерүүлөр*

Улуттук банк тарабынан 2017-жылдын ичинде ишкердикке таандык тобокелдиктерди тескөө натыйжалуулугун жана сапатын баалоо боюнча, анын ичинде кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү жагында мыйзам талаптарынын сакталышы боюнча МФУларга – 50 максаттуу жана үч комплекстүү текшерүү, КСтерге – 31 максаттуу жана 31 комплекстүү текшерүү, адистештирилген финансы-кредит уюмуна[1] – бир максаттуу текшерүү жана бир кредиттик бюрого текшерүү жүргүзүлгөн.

Аныкталган кемчиликтер боюнча төмөнкүдөй таасир этүү чаралары колдонулган:

– микрокаржылоо уюмдарына 289 жазма буйрук, 24 сунуш-көрсөтмө жөнөтүлүп, бир МФУга айыптык төлөм салынган;
– кредиттик союздарга 530 жазма буйрук, бир эскертүү жана 135 сунуш-көрсөтмө жөнөтүлгөн, ошондой эле үч кредиттик союздун кызматкерлерине айып салуу менен административдик жоопкерчиликке тартылган;
– Адистештирилген финансы-кредит уюмуна сегиз жазма буйрук жана төрт сунуш-көрсөтмө[2] жөнөтүлгөн.

Мындан тышкары, мыйзам талаптарынын, анын ичинде кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштыруу (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү жагында мыйзам талаптарынын сакталышы боюнча 159 алмашуу бюросуна текшерүү жүргүзүлгөн. Мыйзамдардын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол берүү фактылары боюнча 18 эскертүү, 77 жазма буйрук жөнөтүлүп, төрт алмашуу бюросунун лицензиясынын аракети токтотулуп, бир лицензия кайтарылып алынган.

Мыйзам талаптарын, анын ичинде кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракетти каржылоого каршы аракеттенүү жагында мыйзам талабын бузууга жол берилгендиги үчүн бир катар алмашуу бюролору жана алардын айрым жетекчилери административдик жоопкерчиликке тартылып, алардан 720 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөм өндүрүлгөн.

[1] Адистештирилген финансы-кредит уюмунун ишин максаттуу текшерүүнүн алкагында алты КСке утурлама текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

[2] 2016-жылдагы комплекстүү текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча адистештирилген финансы-кредит уюмуна жети жазма буйрук жана эки сунуш-көрсөтмө жөнөтүлгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банктын тиешелүү лицензиясыз чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү фактылары боюнча “Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө” кодексине ылайык 21 укук бузуучудан 2 250 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөм өндүрүлгөн.

## 3.3. Керектөөчүлөр укугун коргоо

Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр укугун коргоо, бул чөйрөдө ченемдик укуктук базага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жана аларды өркүндөтүү Улуттук банктын маанилүү иш багытынан болуп саналат.

*Керектөөчүлөр укугунун коргоону күчөтүү чаралары*

Кыргыз Respбуликасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамынын талабын ишке ашыруу максатында, ченемдик укуктук актыларга финансы-кредит уюмдарынын кардарларынын укуктарын коргоого, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо талаптарынын сакталышын камсыз кылууга, маалыматтардын чечмеленишине, даттанууларды жана өтүнүч каттарды кароо тартибине карата талаптарды жөнгө салууга багытталган ченемдер киргизилген.

Алдыңкы эл аралык тажрыйбаларга таянуу менен финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр укугун коргоо, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча натыйжалуу ыкмаларды иштеп чыгуу ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктарынын Консультативдик кеңешинин финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөр укугун коргоо жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү боюнча 4-отурумунун күн тартибинде да актуалдуу маселеден болгон. Кыргыз Республикасында 2017-жылдын июнунда өткөн бул отурумдун жүрүшүндө катышуучулар керектөөчүлөр укугун коргоо жагында мыйзамдарды шайкеш келтирүү маселесин да кароого алган.

*Керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

Келип түшкөн кайрылууларды карооГо алуу иши мурдагыдай эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуунун негизги инструментинен болуп саналат. Отчеттук жыл ичинде жарандардан келип түшкөн 474 кайрылуу (2016-жылы – 653) карооГо алынып, анын ичинен 448 – борбордук аппаратка (2016-жылы – 577), 26 кайрылуу – областтык башкармалыктарга (2016-жылы – 76)[1] келип түшкөн.

Мындан тышкары, жеке кабыл алуу форматында керектөөчүлөргө консультативдик-укуктук жардам көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Талаш маселелерди чечүүнүн натыйжалуу механизмдерин жана керектөөчүлөрдүн даттанууларынын жана өтүнүч каттарынын адилеттүү жана өз убагында каралышын камсыз кылуу үчүн кайрылууларды кароонун бирдиктүү тажрыйбасын жана механизмдерин жөнгө салуу жагында иштер улантылууда.

## 3.4. Көзөмөлдүккө алуу жана жөнгө салуунун усулдук ыкмалары

КарооГо алынып жактан жылы финансы-кредит уюмдарынын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган уюмдардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, айрыкча банктын ченемдик укуктук актыларын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө” жаңы мыйзам талаптарына шайкеш келтирүүгө байланыштуу ишке ашырылган. Мыйзамдардын чегинде ислам каржылоо принциптери боюнча мындан аркы укуктук мамилелердин негизин түптөө жана аларды кеңири жайылтуу үчүн

[1] Кайрылуулардын олуттуу бөлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы №33-Р буйруусунун алкагында коммерциялык банктар тарабынан турак-жай сатып алууга берилген кредиттерди конвертациялоо маселелерине тиешелүү болгондуктан, 2017-жылы кайрылуулардын саны азайган.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси “Ислам каржылоо принциптерине ылайык каржылоо” аталышындагы жаңы глава менен толукталган.

*Банктардын жана БФКУлардын ишин лицензиялоо*

Банктык мыйзам ченемдерин эске алуу менен коммерциялык банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталдарынын минималдуу өлчөмү боюнча талаптарды белгилөө максатында, иштеп жаткан банктардын (банк-резидент эместердин филиалдарын кошо алганда) минималдуу уставдык жана өздүк капиталды топтоо мөөнөтүнө жана өлчөмүнө карата талаптар бекитилген.

Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо тартибин жөнгө салуучу талаптардын таасирин күчөтүү үчүн “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган, ага ылайык “кынтыксыз ишкердик аброй” жана “кызмат адамдардын фидуциардык милдеттери” деген түшүнүктөр киргизилген. Банкты түзүүгө, аны уюштуруучуларга, Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө жана башка кызмат адамдарына карата талаптар кайра каралып чыккан. Коммерциялык банктардын көчмө кассалары үчүн техникалык жактан чыңдоо талаптары жокко чыгарылган, бул мындан ары калктын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасынын “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында Улуттук банк ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Өзгөртүүлөр банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо, алардын ишине тиешелүү терминдерди бирдейлештирүү, кабыл алынган административдик актыларды тариздетүү, ошондой эле Улуттук банк кабыл алган чечимдерге даттануу мүмкүнчүлүгү жана мөөнөттөрү жагында сунушталган.

*Корпоративдик тескөө системасы*

Банк ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле Директорлор кеңешинин жана Банк Башкармасынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик тескөө жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган. Бул документте Дайындоолор жана сыйлык белгилөө комитети, Тобокелдиктерди тескөө комитети, Аудит боюнча комитет сыяктуу милдеттүү комитеттерди түзүү жана алардын ишине, ошондой эле коммерциялык банктын корпоративдик катчысына карата талаптар белгиленген.

Ички контролдук системасынын натыйжалуулугун арттыруу үчүн Улуттук банктан лицензия алган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктарда жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарында ички контролдук жана ички аудит системаларын жөнгө салуу эрежелери кабыл алынган. Документте Директорлор кеңешинин жана Банк Башкармасынын банк ишине жана анын финансылык абалына натыйжалуу контролдукту жүргүзүүсү боюнча талаптарды белгилөө каралган. Контролдоо иши тобокелдик-менеджменти, комплаенс-контролер жана ички аудит кызматтары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Банктардын тышкы аудитине талаптарды белгилөө алкагында аудитордук уюмдарды тандоо тартиби жана аудитордук кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо аудиторлордун көз карандысыздыгы жана таламдардын каршы келип калышына жол бербөө шарттары бекитилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банктардын иш чөйрөсүн кеңейтүү жана тобокелдиктерди тескөө ишин жакшыртууга байланыштуу “Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган, анда “комплаенс-контролер”, “концентрациялануу тобокелдиги” жана “кылмыш жолу менен алынан кирешелерди легалдаштыруудан (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракетти каржылоодон улам келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдик” сыяктуу жаңы түшүнүктөр каралган.

Микрокаржылоо уюмдары жана кредиттик союздар үчүн кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча талаптар жагында жоопкерчиликтүүлүк менен кредиттөө жагындагы эл аралык принциптерди милдеттүү сактоо боюнча ченем белгиленген.

Мындан тышкары, кредиттерди тариздетип алууда сыяктуу эле, мүлктөн, анын ичинде бирден-бир турак-жайдан өндүрүүнү жүргүзүү жол-жобосунда керектөөчүлөр укугун коргоону камсыз кылууга багытталган ченемдер киргизилген.

Алдыңкы эл аралык тажрыйбаларды колдонуу жана банк активдерин шайкеш классификациялоону жайылтуу максатында "кайра каржыланган активдер" түшүнүгү киргизилип, "реструктуризацияланган активдер" аныктамасы такталган. Банктар тарабынан чет өлкө валютасында берилген кредиттер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам өлчөмү, алар боюнча пайыздык чендер төмөндөтүлгөн учурда төмөндөгөн, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз мөөнөтүнө жараша классификациялоо категориясын колдонуу жагында активдерди классификациялоо боюнча талаптар жеңилдетилген.

Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактарга кыйла жеңилдетилген шарттарда кредиттерди берүү жана/же каражаттарды тартуу боюнча операцияларды/бүтүмдөрдү ишке ашырууда орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди кыскартуу, мындай операцияларга/бүтүмдөргө жол бербөө жагында белгиленген ченемдер "Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоонун жаңы редакциясында каралган. Нускоо талабына ылайык алар боюнча Банктын Директорлор кеңешинин же банк акционерлеринин жалпы чогулушунун жактыруусу талап кылынган операциялардын/бүтүмдөрдүн чектүү өлчөмдөрү өзгөртүлгөн. Банктардын байланыштуу жактар реестрин жүргүзүүсүнө тиешелүү талап да белгиленген. Мындай өзгөртүүлөр "Депозит тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоонун жаңы редакциясында эске алынган.

Баалуу металдар рыногун өнүктүрүү жана баалуу металдар менен операцияларды жүргүзүүдө орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди тескөө максатында Улуттук банк банктардын баалуу металлдар менен операцияларына ички контролдуктун уюштурулушуна карата талаптарды белгилеген, ошондой эле металл эсептери менен операцияларды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн сунуштаган.

Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын системалуу мүнөзгө экендигин аныктоо жана ага баа берүү, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламын коргоо чараларынын топтомун кабыл алуу, банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу зарылчылыгы "Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын системалуулук критерийлери жөнүндө" жобону иштеп чыгууга жана бекитүүгө түрткү берген.

Туунду/караштуу компанияларды түзүү/сатып алуу маселеси боюнча өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошондой эле банктар милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдерди жана талаптарды белгилөө маселелерине тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор да киргизилген.

Айыл чарбасын өнүктүрүү максаттарына берилген кредиттерди пайдаланууда эсептешүүлөрдү жана төлөмдөрдү өткөрүүнү жеңилдетүү үчүн "Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) эсеби менен иш алып баруу жөнүндө" нускоого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Нускоого жаңы түшүнүктөр киргизилип, банк кардарларынын инсандыгын тастыктаган документтердин тизмеси кайрадан каралган.

Коммерциялык банктардын отчетторду берүү, ошондой эле тышкы көзөмөлдүктүн алкагында коммерциялык банктардын ишине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү тартибин оптималдаштыруу максатында, мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун формасы өркүндөтүлгөн. Ошону менен бирге эле, банктардын отчеттордун айрым бөлүктөрүн Улуттук банкка сунуштоо мөөнөтү кыскартылган.

2018-жылдын 1-январынан тартып ФОЭСтин "Финансылык инструменттер" аталышындагы 9-стандартынын колдонууга киргизилишине байланыштуу,

МАЗМУНУ

ФОЭС-9ду колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр кабыл алынган. Документте бухгалтердик эсепке алууда банктардын күтүлүп жаткан чыгымдарына кам түзүүгө тиешелүү минималдуу ченемдер белгиленген, алар ФОЭСке ылайык, күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдарды натыйжалуу жана талаптагыдай тескөөгө алуу жана баа берүү максатында сунушталган.

*Таасир этүү чаралар методологиясы*

Коммерциялык банктардын жана алардын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында таасир этүү чараларынын тизмеги аныкталган, ошондой эле банктарга, микрофинансылык уюмдарга жана алардын кызмат адамдарына карата айыптык төлөм өлчөмү белгиленген.

Мындан тышкары, Улуттук банктын чечимдерине даттануу жол-жоболорун жеңилдетүү үчүн “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана коммерциялык банктар, банк операцияларынын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырган уюмдар жана аларды уюштуруучулары (катышуучулары), юридикалык жактар жана жеке адамдар ортосунда талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө” жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Көйгөйлүү маселелер келип чыккан шартта банк тутумунун туруктуулугун жана банктардын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн атайы иш ыргагын киргизүү (режим) формалары кайрадан каралып чыккан, жаңы документтер бекитилген. Убактылуу администрация режими киргизилип, анда убактылуу администратордун аракеттери жөнгө салынат жана убактылуу жетекчилик жана консервациялоо учурундагы функциялардын кайталанышын жокко чыгарат.

Банктарды ыктыярдуу жана мажбурлап жоюуну ишке ашыруу, жоюучуларга карата квалификациялык талаптарды белгилөө тартибин жана жоюлуучу банктын бухгалтердик эсебин жүргүзүү эрежелерин, жоюучунун отчет берүү жана анын укуктарын жана милдеттерин аныктоо тартибин системага салуу үчүн “Кыргыз Республикасында банктарды жоюу жөнүндө” жобо бекитилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, банк операцияларын жүргүзүү, капиталынын жеткиликтүүлүгүн (шайкештигин) аныктоо, активдерди классификациялоо жана кредиттик тобокелдикти тескөө эрежелерине тиешелүү, анын ичинде “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иштери жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамын колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзам талаптарын эске алуу менен ченемдик укуктук актыларга сунушталган өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Мындан тышкары, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетуна да өзгөртүүлөр киргизилген.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2017-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу режимде иштеген.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу ишин уланткан. Төлөм системаларынын ишенимдүүлүгүн жана иш натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзгөн ченемдик укуктук базаны оптималдаштыруу жана өркүндөтүү; төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун катышуучуларын жана алардын системаларын көзөмөлдөө; нак эмес чекене төлөмдөрдүн камтуу чөйрөсүн кеңейтүү жана инновациялык технологияларды өнүктүрүү төлөм системасын 2017-жылда өнүктүрүүнүн негизги багытынан болгон.

"Элкарт" улуттук төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасынын ишине өз алдынча баа берилип, натыйжада анын эл аралык стандарттарга дал келе тургандыгы аныкталган.

Ошондой эле "Элкарт" улуттук төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасын "Мир" улуттук төлөм системасына интеграциялоо боюнча "жол картасына" кол коюлган.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын иш алкагында, ушул багыт боюнча 2012-2017-жылдарга каралган мамлекеттик программанын (Мамлекеттик программа) иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча жыйынтык чыгарылган.

Улуттук банк 2018-2022-жылдарга төлөм системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын жана Мамлекеттик программанын үчүнчү баскычынын иш-чараларын аныктаган.

Нак акча массасын жөнгө салуу жагында жүгүртүүдөгү акча түзүмү жөнгө салынып, экономиканын керектөөсү канааттандырылган.



## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Төлөм системасы*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасында нак эмес эсептешүүлөр Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (гросс системасы, ГСРРВ), Пакеттик клиринг системасы (клиринг системасы, ПКС), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасы, акча которуулар системасы жана төлөмдөрдү чек ара аркылуу өткөрүү системасы аркылуу ишке ашырылган.

Улуттук банк, филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк, Депозиттерди коргоо агенттиги, Социалдык фонд, Мамлекеттик топтолмо пенсиялык фонду, "Борбордук депозитарий" ЖАК жана атайы катышуучу укугунда "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК банктар аралык төлөм системалардын катышуучусунан болуп саналат.

Каралып жаткан жылы банктар аралык төлөм системалары (гросс жана клиринг) аркылуу 4 937,5 млрд сом суммасында 8,7 млн төлөм өткөрүлгөн. 2016-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн саны 2,1 эсеге көбөйгөн, ал эми көлөмү негизинен, чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу операцияларынын кыскарышынан улам, 5,2 пайызга төмөндөгөн.

***4.1.1.1-график.***

Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөр көлөмү




Отчеттук мезгил ичинде клиринг системасы аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөр көлөмү 51,1 пайызга көбөйгөн. Бул негизинен, 2017-жылдын 1-январынан тартып Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын тике катышуучу катары ПКСке туташуусунан улам, бюджеттик төлөмдөрдүн көбөйүүсүнүн натыйжасында келип чыккан. Гросс аркылуу өткөрүлгөн банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн 6,5 пайызга төмөндөө байкалган.

***4.1.1.2-график.***

Банктар аралык төлөм системалары (ГСРРВ жана ПКС) боюнча өткөрүлгөн төлөмдөр саны




Отчеттук жыл ичинде 2016-жылга салыштырганда, гросс аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 12,4 пайызга, клиринг боюнча – 2,2 эсеге көбөйгөн.

Жыл ичинде чыгарылган төлөм карттарынын саны 22,8 пайызга көбөйүү менен 1,98 млн даанага жеткен, анын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карттары 856,5 миң дааналы түзгөн. Банктык төлөм карттар эмиссиясынын өсүшү эмгек

акы жана пенсиялык долбоорлор алкагында сунушталган карттардын санынын көбөйүүсү менен шартталган.

**4.1.1.3-график.**

Банктык төлөм карттар саны (бир мезгилдин акырына карата)




** - "Алай-Кард" – бул, "Золотая Корона" эл аралык төлөм системасынын карттары эмитирленген жана тейлөөгө алынган товардык белги.*

*Карттар менен ишке ашырылган операциялар*

Жыл ичинде карт аркылуу бардыгы болуп 28,8 млн операция жүргүзүлгөн, бул 2016-жылдагыга караганда (24,8 млн операция) 16,1 пайызга көп.

Карт аркылуу ишке ашырылган операциялардын чогуу алгандагы көлөмү жыл ичинде 146,9 млрд сомду түзгөн жана 2016-жылдагы (120,5 млрд сом) көрсөткүчкө салыштырганда 21,9 пайызга көбөйгөн. Бул жогоруда аталган Мамлекеттик программанын иш-чараларынын алкагында, калктын төлөм карттарын улам жигердүү пайдаланып жаткандыгын жана нак эмес төлөмдөрдү көбөйтүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөндүгүн тастыктайт.

**4.1.1.4-график.**

Банктык төлөм карттар санынын катышы




2017-жыл ичинде соода-тейлөө ишканаларында карттар аркылуу келишилген бүтүмдөр көлөмү 1,9 эсеге: 2016-жылдагы 3,9 млрд сомдон отчеттук жылдагы 7,6 млрд сомго чейин көбөйгөн. Соода-тейлөө ишканаларында карт аркылуу келишилген бүтүмдөр көлөмүнүн кыйла өсүшү Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн “Керектөөчүлөр укугун коргоо чаралары жөнүндө” токтомунун негизинде, аталган ишканаларда товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө үчүн POS-терминалдарды милдеттүү түрдө орнотуу чарасынын жана коммерциялык банктар тарабынан жүргүзүлгөн өбөлгө түзүүчү программалардын натыйжасы болуп саналат.

**_4.1.1.5-график._**

Соода-тейлөө ишканаларында бүтүмдөр көлөмүнүн өсүш динамикасы




*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө инфраструктурасы*

Отчетук жыл акырына карата республиканын жалпы аймагы боюнча банктык төлөм карттар 1 413 банкоматта жана 8 285[1] POS-терминалда (анын ичинен 6 646 POS-терминал соода-тейлөө ишканаларында жана 1 639 POS-терминал – коммерциялык банктардын филиалдарында жана аманат кассаларында орнотулган) тейлөөгө алынган.

Системалар боюнча алып караганда:

– “Элкарт” улуттук системасынын карттары бардык 1 413 банкоматта жана 8 285 POS-терминалда;
– “Золотая Корона” эл аралык системасынын карттары 402 банкоматта жана 1 925 POS-терминалда;
– Visa жана MasterCard эл аралык системаларынын карттары 560 банкоматта жана 3 820 POS-терминалда тейленген.

**_4.1.1.6-график._**

Банкоматтар жана POS-терминалдар саны (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Өзүн-өзү тейлөө автоматташтырылган терминалдарды эске албаганда (төлөм терминалдары же cash in).

### 4.1.2. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

Улуттук банк отчеттук жылда төлөм системаларынын операторлоруна[1] жана төлөм уюмдарына[2] лицензия берүү ишин уланткан. Бүтүндөй алганда, лицензиялоо иши жөнгө салынгандан бери төлөм системасы операторлоруна 21 лицензия жана төлөм уюмдарына 22 лицензия берилген.

Төлөм системалары операторлорунун жана төлөм уюмдарынын финансылык абалына баа берүү жана алар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышына иликтөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле системанын иш үзгүлтүксүздүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында планда каралган төрт жана пландан тышкары төрт инспектордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде юридикалык жактардын уюштуруучуларынын өз ыктыяры менен жоюлуу чечимине байланыштуу, төлөм уюмунун ишин жүргүзүүгө берилген эки лицензиянын жана төлөм системасынын операторунун ишине берилген бир лицензиянын аракети токтотулган. Ошентип, 2017-жылдын акырына карата 20 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болушкан, анын ичинен төлөм системасы операторлоруна – 19 лицензия, төлөм уюмдарына – 19 лицензия берилген.

Төлөм уюмдары өзүн-өзү тейлөө терминалдарын (cash-in), агенттик түйүндөрдү жана электрондук акчаны пайдалануу менен үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алып турган. Жылдын акырына карата төлөм уюмдарынын өзүн-өзү тейлөө терминалдарынын (cash-in) жана агенттеринин саны 4 200 бирдикти, ал эми төлөм уюмдарынын POS-терминалдарынын жана алардын агенттеринин саны – 183 бирдикти түзгөн.

Жалпысынан, 2017-жылы төлөм системасы операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 25,7 млрд сом жалпы суммасында (2016-жылга салыштырганда 7,8 пайызга көбөйгөн) 182,4 млн транзакция (2016-жылга салыштырганда 8,8 пайызга азайган) өткөрүлгөн.

Улуттук банк отчеттук жылда төлөм карттары аркылуу эсептешүүлөрдү жүргүзгөн бир эл аралык системаны, үч эл аралык электрондук акча системасын жана эл аралык акча которуу системасынын эки операторун каттоодон өткөргөн. Натыйжада, 2017-жылдын акырына карата республика боюнча төлөм карттары аркылуу эсептешүүлөрдү жүргүзгөн алты эл аралык система, төрт эл аралык электрондук акча системасы, акча которуу системаларынын 35 оператору, анын ичинен акча которуунун локалдык системасынын 19 оператору, эл аралык акча которуу системаларынын 16 оператору катталган.

### 4.1.3. Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)

*Улуттук төлөм системасынын иши*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт) алкагында, белгиленген маанилүүлүк критерийлерине ылайык, 2017-жылда өлкөнүн финансы системасы үчүн маанилүү роль ойногон жана артыкчылыкка ээ болгон төлөм системалары аныкталган. Ошентип, ГСРРВ жана ПКС – системалуу мааниге ээ төлөм системасы, ал эми ГСРРВ, ПКС жана "Элкарт" улуттук төлөм системасы катары таанылган.

Жүргүзүлгөн мониторинг натыйжасында системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген. ГСРРВда финансылык тобокелдик деңгээли жүгүртүүдөгү каражаттарга караганда, катышуучулардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеринде ликвиддүү каражаттарынын жетиштүү экендигинен

---

[1] Төлөм системасынын катышуучуларынан болгон үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо кызмат көрсөтүүсү (б.а. финансылык маалыматты иштеп чыгуу).

[2] Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү (финансы агымды)кабыл алуу жана жүргүзүү кызмат көрсөтүүсү.

улам (ликвиддүүлүк коэффициенти – 0,79, ал эми жүгүртүү коэффициенти – 1,27 түзгөн), минималдуу чекте катталган.

Калктын олуттуу сандагы утурумдук жана майда төлөмдөрүн (төлөм карттары менен эсептешүүлөр жана акча которуу системалары) иштеп чыккан чекене төлөм системалары, анын ичинде “Элкарт” улуттук төлөм системасынын иш үзгүлтүксүздүгү өлкөнүн финансы системасынын туруктуулугу үчүн маанилүү фактор болуп саналат.

Эл аралык стандарттарга шайкеш иш алып баруунун алкагында “Элкарт” төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасында финансы рыногунун инфраструктурасы үчүн белгиленген принциптердин сакталашына өз алдынча баа берилип жалпысынан, система эл аралык стандарттарга шайкеш иш алып барып жаткандыгы тастыкталган.

*Коопсуздукту камсыз кылуу*

Улуттук банк төлөмдөрдүн жана которуулардын коопсуздук коопсуз шартта ишке ашырылышын жогорулатуу үчүн күтүүсүз жагдайлар келип чыккан учурда төлөм системасына коюлуучу талаптарды кайра иштеп чыккан жана төлөмдөр жана которуулар коопсуздугунун сакталышы эрежелери боюнча коомчулукта түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн.

*Төлөм системаларын интеграциялоо*

ЕАЭБ алкагында улуттук төлөм системасынын натыйжалуу жана коопсуз ишин камсыз кылуу максатында, Улуттук банк улуттук төлөм системасын өнүктүрүү багытындагы иштерди координациялоо боюнча жумушчу топтун курамында төмөнкүдөй төрт артыкчылыктуу багыттар боюнча иш алып барган: улуттук төлөм карттарын интеграциялоо, финансылык маалыматтар форматтары боюнча эл аралык стандарттарды (ISO 20022 стандартын) жайылтуу, финансылык маалыматтарды берүү жолдорун жана финансылык технологияларды өнүктүрүү.

### 4.1.4. Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

2017-жылы нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча Улуттук банк, министрликтер, ведомстволор жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары курамына кирген ведомство аралык комиссиянын алкагында Мамлекеттик программанын иш-чаралар планынын аткарылышын координациялоо жана контролдоо иштери улантылган.

Мамлекеттик программанын иш-чаралар планын жүзөгө ашыруунун натыйжасында төмөнкүлөргө жетишилген:

– 78,5 миң жаран банктык төлөм карттары аркылуу (алуучулардын жалпы санынын 18,6 пайызы) социалдык төлөмдөрдү алган, ал эми 2016-жылы алардын саны 59,1 миң адамды түзгөн эле (алуучулардын жалпы санынын 13,0 пайызы);
– 296,9 миң адам коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу пенсия алган, бул 2016-жылдагы 43,0 пайызга салыштырганда, пенсионерлердин жалпы санынын 47,0 пайызын түзөт;
– бюджеттик уюмдар үчүн “бюджеттик каражаттарды алуучулардын” 2 787 карты жүгүртүүгө чыгарылган. Бул карттар аркылуу 96 788 транзакция өткөрүлүп, алардын көлөмү 11,0 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук жылда банктык жабдууларды сырттан алып келүүнү КНСтен бошотуу шарты каралган “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзамдын, Экономика министрлиги, Улуттук банк жана “Кыргыз банктар бирлиги” юридикалык жактар бирлигин ортосунда өз ара түшүнүшүү меморандумунун, ошондой эле коммерциялык банктар менен түзүлгөн банктык жабдууларды ташып келүү келишиминин талаптарын аткаруу алкагында, коммерциялык банктар өлкөгө 172 банкомат, 1 912 POS-терминал, 347 төлөм терминалын алып келген жана бул пландаштырылган көрсөткүчтөн жогору.

Улуттук валютада нак эмес төлөмдөр үлүшүнүн артышы эсебинен өлкө экономикасынын долларлашуу деңгээлин кыскартуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Керектөөчүлөр укугун коргоо боюнча чаралар жөнүндө" токтомунда каралган соода-тейлөө ишканаларында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн нак эмес төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн POS-терминалдарды милдеттүү түрдө орнотуу талабын аткаруу максатында 2017-жылдын акырына карата ишканаларда орнотулган POS-терминалдардын саны жыл башынан тарта 16,4 пайызга көбөйүү менен 6 646 даанага жеткен.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Экономиканын нак акчага болгон муктаждыгын өз убагында камсыз кылуу Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Бул үчүн ал коммерциялык банктар аркылуу жүгүртүүдөгү акча түзүмүн жөнгө салат.

2017-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы суммасы 21,8 пайызга көбөйүү менен 91,1 млрд сомду түзгөн.

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү жана аларды берүү*

***4.2.1-график.***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2017-жылда коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү 2016-жылга салыштырганда 22,9 пайызга көбөйүү менен 1 441,1 млрд сомду, ал эми банктардын кассаларынан нак акча берүү 22,1 пайызга өсүп, 1 456,9 млрд сомду түзгөн. Отчеттук жылда коммерциялык банктардын кассасына нак акчанын кайтарымдуулугу 2016-жылга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 98,9 пайызды түзгөн.

***4.2.1-таблица.***

Аймактар боюнча коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл |
| **Бардыгы болуп** | **1 173,0** | **1 441,1** | **1 193,5** | **1 456,9** | **98,3** | **98,9** |
| Бишкек шаары | 532,7 | 668,1 | 524,8 | 655,0 | 101,5 | 102,0 |
| Баткен областы | 60,8 | 65,6 | 61,1 | 65,5 | 99,5 | 100,2 |
| Жалал-Абад областы | 123,6 | 154,5 | 134,6 | 167,2 | 91,8 | 92,4 |
| Ысык-Көл областы | 64,6 | 79,2 | 67,9 | 82,9 | 95,1 | 95,5 |
| Нарын областы | 27,1 | 31,5 | 30,5 | 35,0 | 88,9 | 90,0 |
| Ош шаары | 149,4 | 190,7 | 154,7 | 194,8 | 96,6 | 97,9 |
| Ош областы | 63,5 | 82,2 | 63,9 | 81,9 | 99,4 | 100,4 |
| Талас областы | 28,8 | 34,5 | 33,6 | 39,8 | 85,7 | 86,7 |
| Чүй областы | 122,5 | 134,8 | 122,4 | 134,8 | 100,1 | 100,0 |

2017-жылы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, жүгүртүүдөн алуу жана аларды жок кылуу иши улантылган.

Отчеттук жылда нак акча жүгүртүү көлөмүндө 366,5 млн банкнот жана 318,4 млн даана монета катталган. Жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасында банкноттордун үлүшүнө 98,8 пайыз, ал эми монеталардын үлүшүнө – 1,2 пайыз туура келген. Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү 4.2.2-таблицада көрсөтүлгөн.

***4.2.2-таблица.***

Банкноттордун жана монеталардын жүгүртүүдөгү акча суммасына карата салыштырма салмагы

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 2 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2016-жыл | 0,9 | 0,5 | 0,6 | 1,0 | 2,2 | 4,2 | 11,7 | 46,3 | | 32,6 | **100,0** |
| 2017-жыл | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,9 | 1,7 | 3,9 | 11,7 | 45,0 | 1,0 | 34,0 | **100,0** |

2017-жылы аныкталган жасалма банкноттордун (оперативдүү маалыматтар боюнча) саны 26 дааnаны, жалпы суммасы 35,3 миң сомду (2016-жылы – 288 даана, жалпы суммасы 287,7 миң сом) түзгөн. Жасалма акча жасоочулук деңгээли бир миллион анык банкнотто 0,1 жасалма банкнотту түзгөн, бул минималдуу – 1-деңгээл катары классификацияланат (0-10 ф/млн)[1].

*Аффинаждалган алтын куймаларды сатуу*

Кыргыз Республикасында баалуу металлдар рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу алкагында Улуттук банк 1, 2, 5 жана 10, 31,1035 грамм (1 троя унциясы) жана 100 грамм салмагындагы 999,9 сапат белгисине ээ аффинаждалган алтын куймаларды сатууну уланткан. Концепция республика калкы жана ишканалары үчүн жыйым топтоо жана инвестициялоонун жаңы инструменттер рыногун түптөөгө, банк рыногуна инвестиция тартууга, Кыргызстандын алтын өндүрүү тармагынын потенциалын арттырууга багытталган.

[1] Жасалма акча жасоочулук деңгээли жүгүртүүдөгү (ф/млн даана) бир миллион даана анык банкнот ичинен жасалма банкноттордун санынын катышы менен аныкталат. Дүйнөлүк тажрыйбада жасалма акча жасоочулуктун алты деңгээлин ажырата билишет.

***4.2.3-таблица.***

Улуттук банк тарабынан чыгарылган өлчөнгөн алтын куймалардын техникалык параметрлери

| Салмагы, *гр* | Металлы | Сапат белгиси | Туурасы, *мм* | Узундугу, *мм* |
|---|---|---|---|---|
| 1 | алтын | 999,9° | 8 | 13,8 |
| 2 | алтын | 999,9° | 11 | 18,9 |
| 5 | алтын | 999,9° | 14 | 24,1 |
| 10 | алтын | 999,9° | 15 | 25,8 |
| 31,1035 | алтын | 999,9° | 22 | 37,9 |
| 100 | алтын | 999,9° | 26 | 44 |

2017-жылда өлчөнгөн алтын куймалар 172,5 млн сом суммасында 60,7 кг көлөмүндө (2016-жылы – 62,6 кг, 185,7 млн сом суммасында) сатып өткөрүлгөн. Ал эми кайрадан сатылып алынган алтын куймалардын көлөмү 48,4 кг жетип, 139,8 млн сом суммасын (2016-жылы – 40,8 кг, 122,2 млн сом суммасын) түзгөн.

***4.2.4-таблица.***

Сатып өткөрүлгөн жана кайра сатылып алынган алтын куймалар тууралуу маалымат

*(миң сом)*

| Номиналы, *гр* | Сатуу көлөмү | | Кайра сатып алуу | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016-жыл | 2017-жыл | 2016-жыл | 2017-жыл |
| 1 | 642,1 | 603,9 | 226,0 | 397,6 |
| 2 | 1 089,8 | 775,4 | 297,2 | 469,5 |
| 5 | 9 787,7 | 8 842,5 | 7 106,1 | 7 194,7 |
| 10 | 2 629,9 | 2 854,8 | 2 168,7 | 3 038,9 |
| 31,1035 | 11 494,4 | 7 401,1 | 12 088,8 | 7 640,5 |
| 100 | 160 099,4 | 152 061,2 | 100 315,6 | 121 037,6 |



***4.2.2-график.***

Сатып өткөрүлгөн алтын куймалардын саны

*(даана)*

**2016-жыл**




**2017-жыл**



***4.2.3-график***

Кайра сатылып алынган алтын куймалардын саны

*(даана)*




Банктык баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү, кардарлар базасын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү максатында, Улуттук банк жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн 31,1035 жана 100 грамм салмагындагы алтын куймаларды сактоого алуу кызмат көрсөтүүсүн да сунуштап келет.

Кыргыз Республикасынын "Баалуу металлдар жана баалуу таштар жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк алтын куймалар запасын улам толуктап туруу максатында отчеттук жыл ичинде жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан монетардык эмес алтынды улуттук валютага сатып алууга жетишкен.

*IV сериядагы модификацияланган банкнотторду жүгүртүүгө чыгаруу*

Отчеттук жыл ичинде төртүнчү сериядагы 50, 100, 200, 500 жана 1000 сом номиналында модификацияланган банкноттор жүгүртүүгө чыгарылган. Модификацияланган банкнот беттерине түшүрүлгөн тарыхый инсандардын элеси колго гравировкаланып, классикалык ыкмада тартылган, жарыкка салып кароодо гана көрүнгөн кошумча коргоо элементтери камтылган; начар көргөн адамдар үчүн сүрөттөрдүн жана жазуулардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жакшыртылып, рельефи чоңойтулган.

*Эстелик банкноттор жана монеталар*

2017-жылдын ноябрь айында Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгына, Улуттук банктын түптөлүшүнүн 25 жылдыгына жана улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышынын 25 жылдыгына арналып, 2000 сом номиналындагы биринчи эстелик банкнота чыгарылган. Банкнот Борбордук жана Чыгыш Европа, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн ичинде "2018-жылдын мыкты регионалдык банкнотасы" эл аралык сынагынын жеңүүчүсү деп табылган. Мындай сыйлык дизайн жагында мыкты жетишкендиктери, көркөм контексте заманбап коргоо элементтеринин колдонулгандыгы, ошондой эле технологиялык жасалгалоо өзгөчөлүгү жана ишенимдүү коргоого алынгандыгы үчүн ыйгарылат. Ошол эле учурда эмитент өлкөнүн маданий мурасынын, символикасынын чагылдырылышына жана жалпы дизайндын актуалдуулугуна өзгөчө көңүл бурулат.

**<u>*4.2.1-сүрөт*</u>**
2000 сом номиналындагы эстелик банкнота




Отчеттук жылы коллекциялык эстелик монеталарды чыгаруу иши улантылып, коллекциялык монеталардын үч түрү жүгүртүүгө чыгарылган:

- “Кыргызстандын кызыл китеби” сериясынан алтын жалатуу технологиясы менен сүйрү формада “Каркыра” күмүш монетасы;
- “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан кычкылдандыруу технологиясында классикалык тегерек формада жасалган “Кыргыз каганатынын шайма-шай куралданган жоокери” күмүш монетасы;
- “Кыргыз каганатынын доору” сериясынан “Кыргыз каганатынын шайма-шай куралданган жоокери” жез-никель монетасы. Монета акрил кутучасына жайгаштырылган жана чөнөкчө таңылчагына салынган.

**<u>*4.2.2-сүрөт.*</u>**
“Каркыра” күмүш монетасы



***4.2.3-сүрөт.***

"Кыргыз каганатынын шайма-шай куралданган жоокери" күмүш монетасы




***4.2.4-сүрөт.***

"Кыргыз каганатынын шайма-шай куралданган жоокери" жез-никелден жасалган монета



# 5-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУ

## 5.1. Эл аралык кызматташуу

Улуттук банк отчеттук жыл ичинде борбордук (улуттук) банктар, эл аралык уюмдар, финансы институттары жана бирикмелери, интеграциялык жана борбордук банктар менен өз ара иш алып барууну жана кызматташууну уланткан.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

2017-жылы кеңейтилген кредиттик механизми (Extended Credit Facility, ECF) боюнча үч жылдык экономикалык программаны, ошондой эле акча-кредит саясатын өркүндөтүү маселелери боюнча техникалык колдоону ишке ашыруу алкагында ЭВФ менен кызматташуу улантылган. Эл аралык валюта фондусу Кыргыз Республикасында ЭВФ Келишиминин IV беренеси боюнча консультацияларды өткөрүп, 2017-жылдын октябрь айында ийгиликтүү жыйынтыктаган.

Ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча кеңеш (Islamic Financial Services Board, IFSB) менен кызматташуу алкагында ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштаган институттар үчүн стандарттарды иштеп чыгуу аракеттери улантылган. Улуттук банк IFSB менен биргеликте КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын өкүлдөрү үчүн ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча семинарларды өткөргөн.

Азия өнүктүрүү банкы менен Инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча экинчи программаны ишке ашыруу жагында өз ара иш жүргүзүлүп, ал негизинен, төлөм системаларын өркүндөтүүгө багытталган.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Улуттук банк Шанхай кызматташуу уюмунун, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) жогорку жана координациялык органдарынын, Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) интеграциялык процесстерине жана иш-чараларына финансы-банк тематикасы боюнча катышкан.

Улуттук банк Евразия экономикалык комиссиясынын (ЕЭК) алдында түзүлгөн ар түрдүү консультативдик жана жумушчу органдарынын ишине активдүү катышкан. Ошентип, 2017-жылы Макроэкономикалык саясат боюнча консультативдик комитет алкагында макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү иликтөө жана болжолдоо боюнча бирдиктүү позицияны жана саясатты иштеп чыгууга багытталган иштер жүргүзүлгөн.

Статистика боюнча консультациялык комитеттин иши улуттук жана белгилүү бир улуттар деңгээлинде статистикалык ишти координациялоону жакшыртуу аркылуу, ЕАЭБдин финансылык статистикасына эл аралык стандарттардын жайылтылышын тездетүү максатында, маалымат сунуштоо сапатын жана алардын мазмунун жакшыртууга багытталган. Комитет мүчөлөрү статистикалык маалыматтарды берүү сапатын жакшыртуу алкагында, ЕЭКтин 2018-жылга каралган иш-чаралар планын иштеп чыккан.

Консультативдик комитеттин финансы рыногу боюнча ишинин жүрүшүндө ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы, банк иши боюнча мыйзамдарын өз ара шайкеш келтирүү жана баалуу кагаздар рыногу, камсыздандыруу, валюталык жөнгө салуу жана башка маселелер каралган. Аталган комитеттин иш алкагында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук банктары тарабынан банк мыйзамдарын жөнгө салуунун улуттук стандарттары Базель комитетинин негизги принциптерине шайкеш келүүсүнө баа берилген. ЕАЭБдин келишим-укуктук базасын, атап айтканда, Жалпы финансы рыногун калыптандыруу концепциясынын долбоорун, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү боюнча келишим долбоорун өнүктүрүү, ошондой эле Кредиттик таржымал маалыматтары менен алмашуу келишиминин долбоорун иштеп чыгуу

иши улантылган. Ошондой эле Валюталык укуктук мамилелерди жөнгө салуу жана либералдаштыруу чараларын көрүү боюнча макулдашылган ыкмалар жөнүндө келишим долбоорун жактыруу боюнча мамлекеттик ички жол-жоболорду жүргүзүү иштери улантылган. Комитеттин кезектеги отуруму Кыргыз Республикасында 2017-жылдын сентябрь айында өткөрүлгөн.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин алкагында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин макулдашылган валюта саясаты жөнүндө келишим долбоорун иштеп чыгуу иштери жүргүзүлгөн.

Отчеттук жыл ичинде борбордук банктар арасында интеграциялык кызматташууну өнүктүрүү үчүн маанилүү аянтчалардын бири – Борбордук банктардын (улуттук) Евразия кеңеши (Кеңеш) өз ишин уланткан. Кеңештин кезектеги отурумдарынын жүрүшүндө программалык маселелер, ошондой эле борбордук (улуттук) банктар жайгашкан Кеңешке мүчө мамлекеттерде ислам/өнөктөштүк каржылоо принциптери боюнча иштеген банктык жана банктык эмес уюмдардын ишин уюштуруу маселеси каралган. Кеңештин иш жыйынтыгы боюнча 2004-жылдын 29-июнунда ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин резиденттеринин башка мүчө мамлекеттердин банктарында өз өкүлдөрүнүн ишин тейлөө үчүн эсеп ачуу тартибин унификациялоо келишиминин аракетин токтотуу жөнүндө протокол кол коюуга даярдалган.

Улуттук банк 2017-жылы Мамлекеттер аралык банк Кеңешинин кезектеги отурумдарына катышкан, анын алкагында Мамлекеттер аралык банктын эл аралык ишинин негизги багыттары, анын 2016-жылдагы жана 2017-жылдын тогуз айы үчүн иш жыйынтыктары боюнча жана башка уюштуруу маселелери, ошондой эле Мамлекеттер аралык банктын финансылык отчетуна аудит жүргүзүү үчүн аудитордук уюмду тандоо тартибине тиешелүү маселелер каралган.

*Эки тараптуу кызматташуу*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк Армения, Иран, Казакстан, Катар, Кытай, Монголия, Сауд Аравиясы жана Швейцария мамлекеттеринин борбордук (улуттук) банктары менен өз ара иш алып баруу алкагында өкмөт аралык эки тараптуу комиссияларга активдүү катышкан.

*Техникалык кызматташуу*

Ошондой эле Улуттук банк тажрыйба алмашуу, квалификацияны жогорулатуу программалары жана техникалык колдоо алуу чегинде Дойче БундесБанкы, Польша Улуттук банкы, Швейцария Улуттук банкы, Түркия Борбордук банкы, Бириккен Вена институту, башка борбордук банктар жана эл аралык финансы институттар менен кызматташкан.

Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүү боюнча экономикалык маселелер тууралуу ЭВФ менен Швейцария мамлекеттик катчылыгынын (State Secretariat for Economic Affairs, SECO) биргелешкен долбоорун ишке ашыруу алкагында, коммерциялык банктарда тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүктү жана статистикалык маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана иликтөө боюнча автоматташтырылган системаны жайылтуу иштери улантылган.

2017-жылдын октябрь айында Дүйнөлүк банк жана ЭВФ менен биргеликте окутуу курсу уюштурулган, бул Улуттук банктын кызматкерлеринин тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптерине негизделген инструменттерди түшүнүү жана колдонуу жагында билимдерин жогорулатуу үчүн маанилүү кадам болуп саналат. Отчеттук жыл ичинде Дүйнөлүк банк тобу тарабынан улуттук төлөм системасын өнүктүрүүдө, электрондук жана санариптик финансы кызмат көрсөтүүлөрүн илгерилетүүдө, нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттырууда техникалык жактан колдоо көрсөтүлгөн.

Жылдын май айында Швейцария Улуттук банкы менен Дойче Бундесбанктын делегациясы иш сапары менен келип кеткен. Иш сапарынын жыйынтыгында тараптар өнөктөштүк мамилелерди бекемдөө жана өнүктүрүү жөнүндө макулдашууга жетишкен.

## 5.2. Коомчулук менен иш алып баруу жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу

Улуттук банк кароого алынып жаткан жылы өз ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, коомчулукка жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты, борбордук банктын функциялары менен милдеттеринин аткарылышы жөнүндө маалымдоо, ошондой эле калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу ишин уланткан.

Жетекчиликтин катышуусу менен пресс-конференцияларды жана брифингдерди өткөрүү, Улуттук банктын расмий интернет-сайтына, www.finsabat.kg билим берүү интернет-сайтына маалыматтарды жайгаштыруу, жалпыга маалымдоо каражаттарына басылмаларды жарыялоо, теле-радио берүүлөрдү жана башка маалымат-түшүндүрүү иш-чараларын өткөрүү аркылуу коомчулукка маалымдоо иштери жүргүзүлгөн.

*Улуттук банктын 25 жылдыгы*

Отчеттук жылы Улуттук банктын түптөлүшүнүн 25 жылдыгы актуалдуу темалардын бири болуп, жыл ичинде бул юбилейлик датага арналган ар түрдүү иш-чаралар өткөрүлгөн.

2017-жылдын март айында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына 25 жыл” деп аталган илимий-практикалык конференция уюштурулган, анын жүрүшүндө Улуттук банктын чейрек кылым ичиндеги иш натыйжалары жана финансы секторун өнүктүрүүнүн келечеги талкууланган. Конференцияга мамлекеттик органдарынын, финансы-кредит уюмдардын, төлөм уюмдарынын, тармактык ассоциациялардын жана академиялык коомчулуктун өкүлдөрү катышкан.

Айрым жогорку окуу жайларында Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда лекциялар уюштурулган. Мында лекция угуучулар мамлекеттик башкаруу системасында борбордук банктын ролу жана функциялары менен таанышып, финансы-кредит секторунун, төлөм системасынын иши жана бүтүндөй экономика боюнча актуалдуу суроолорго жооп алышкан.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 25 жылдыгын белгилөөгө карата юбилейлик почта маркалары чыгарылган.

***<u>5.2.1-сүрөт.</u>***
“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына – 25 жыл” почта маркасы






МАЗМУНУ

*ЖМК менен кызматташуу*

Жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын ишине тиешелүү маалыматтык, билим берүү жана аналитикалык материалдарды жайгаштыруу коомчулукту маалымдоонун негизги багыттарынын бири болуп саналат. Алсак, отчеттук жылы республикалык жана регионалдык маанидеги басма сөз жана электрондук басылмаларда 1300дөн ашуун жарыялоолор жайгаштырылган. Улуттук банктын өкүлдөрүнүн 160дан ашуун басма сөз жана электрондук жалпыга маалымдоо каражаттарына, радиостанцияларга жана телеканалдарга маалымат берүү чаралары уюштурулган жана өткөрүлгөн.

Улуттук банктын жетекчилиги Улуттук банктын эсептик чени, акча-кредит саясаты, калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу маселелери боюнча 12 пресс-конференцияга катышкан. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн кайрылууларына 200дөн ашуун билдирүү жөнөтүлгөн.

Калктын финансылык сабаттуулук деңгээлин жогорулатуу маселесине коомчулуктун көңүлүн буруу максатында, Улуттук банк электрондук жана басма сөз жалпыга маалымдоо каражаттарынын, телеканалдардын жана радиостанциялардын журналисттери арасында “Окугула. Жыйым топтогула. Акча тапкыла” темасын мыкты чагылдырууга республикалык сынак өткөргөн, анын алкагында 60тан ашуун эмгектер келип түшкөн.

Журналисттер үчүн Улуттук банкта “Улуттук банкты кантип туура “окуса” болот?” темасында окуу семинары болуп өткөн, анда экономика жана финансы чөйрөсүндө адистешкен жалпыга маалымдоо каражаттарынын 20га жакын өкүлдөрү катышкан.

Улуттук банк 2017-жылы коомчулукту маалымдоо каналдарын кеңейткен. Теле жана радиопрограммалар Улуттук банктын ролуна жана милдеттерине, акча-кредит саясатын жүргүзүү, финансы жана валюта рынокторунун, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун ишине, финансылык сабаттуулук маселелерине жана башка актуалдуу темаларга арналган эле.

*Улуттук банктын медиа-продукциясы*

Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (КТРК) телеканалдарында “Финсабат”, “Улуттук банк түшүндүрмө берет” программалары, ошондой эле “Улуттук банк билдирет” рубрикасы ишке киргизилген. “Санжыра” жана “Марал” радиостанцияларынан Улуттук банктын көмөктөшүүсү менен “Санэсеп” (бардыгы болуп 12 программа чыккан) жана “Эколикбез” (бардыгы болуп 40 программа чыккан) программалары эфирге чыккан.

“Биринчи радиодо” “Улуттук банк билдирет” радиопрограммаларынын (бардыгы болуп 92 радиопрограмма чыккан), ошондой эле “Капитал” телепрограммасынан “Финсабат” рубрикасынын чыгарылышы улантылган. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын ишине, банк жана микрофинансы секторунун ишине, финансылык сабаттуулукту жогорулатууга арналган 32 сюжет эфирге чыккан.

Мындан тышкары, чарба жүргүзүүчү субъектерге POS-терминалдарды ишкердик жүргүзүлгөн жерде орнотуу жана карт ээлерине төлөм карттары аркылуу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө укуктары тууралуу маалымдоо максатында мамлекеттик каналдардын телеэфиринде социалдык кыска видео тасмалар көрсөтүлгөн.

Маалымдоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналган Улуттук банктын расмий интернет-сайтын өркүндөтүү боюнча иш улантылган. Жыл ичинде сайттын дизайны алмашып, жаңы бөлүктөр түзүлүп, маалыматтар тизмеги кеңейтилген, ошондой эле сайттын бардык бөлүктөрүн маалымат менен толтуруу жана актуалдаштыруу процесси улантылган.

*Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча 2016-2020-жылдарга каралган программасын (Программа) жүзөгө ашыруу боюнча координатору болуп саналат.

Программаны натыйжалуу жүзөгө ашыруу, ошондой эле ишке тартылган мамлекеттик органдардын жана башка катышуучулардын күч-аракетин бириктирүү

максатында Координациялык кеңеш түзүлгөн. Отчеттук жылы Координациялык кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын улуу курактагы калкы жана жалпы билим берүү мекемелеринин окуучулары үчүн финансылык сабаттуулук боюнча базалык компетенциялардын (билимдин, билгичтиктин, көндүмдөрдүн жана жүрүм-турумдун) стандарттары бекитилген. Бул стандарттар финансылык сабаттуулук боюнча окутуу программаларын иштеп чыгуу, калкка консультация берүү жана аларга маалымдоодо негиз катары кызмат кылат.

2017-жылдын жаз айларында Дүйнөлүк акча жумалыгы (Global Money Week) өткөн, анын максаты балдар менен жаштардын жыйым топтоо маданиятын калыптандырууга жана финансылык сабаттуулук негиздери менен таанышып чыгууга багытталган. Улуттук банктын, министрликтердин жана ведомстволордун, эл аралык жана коомдук уюмдардын, билим берүү мекемелеринин биргелешкен күч-аракеттери менен 40 минден ашуун балдар жана чоңдор катышышкан лекцияларды, интерактивдүү оюндарды, финансы мекемелерине экскурсияларды, сынактарды кошо алганда, 700дөн ашуун иш-чара өткөрүлгөн.

Күз мезгилинде Дүйнөлүк жыйым топтоо күнүнө карата бир катар иш-чаралар өткөрүлгөн, ал жыл сайын дүйнө жүзү боюнча 31-октябрында белгиленет. 5 миңден ашуун балдар жана калктын улуу курактагылары тематикалык лекцияларга, банктын офистерине таанышуу экскурсияларына, интерактивдүү оюндарга жана башка иш-чараларга катышышкан.

Республиканын жалпы билим берүү мекемелеринин “Адам жана коом”, “Экономикага киришүү”, “Математика” сабактары боюнча мугалимдеринин финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жагында окутуулар улантылган. Германия эл аралык кызматташуу боюнча аманат кассаларынын фондусунун колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган окутуу программасынын биринчи баскычында Бишкек жана Ош шаарларынын, ошондой эле Чүй областынын 365 мугалими катышкан.

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча программаны жүзөгө ашыруунун алкагында, Улуттук банк өнөктөштөр менен биргеликте айыл өкмөтүнүн башчылары менен адистери жана башка муниципалдык кызматкерлер үчүн республиканын бардык райондорунда окуу семинарларын өткөргөн.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдар үчүн “Акча алиппеси” көрсөтмө куралынын социалдык камсыздандыруу темасына арналган IV сериясы чыгарылган. Бул көрсөтмө куралы республиканын бардык жалпы билим берүү мекемелерине таркатылган.

Финансылык пландаштыруу, жыйым топтоо, финансылык кызматтардан туура пайдалануу, инвестициялоо, камсыздандыруу, пенсиялык камсыздоо, салык салуу, финансылык коопсуздук сыяктуу калктын финансылык сабаттуулугу маселелери, ошондой эле Улуттук банк менен КТРКнын биргелешкен “Финсабат” теледолбоорунун алкагында чагылдырылган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана Баткен областтык өкүчүлүгүндө иш алып барган коомдук кабылдамалардын иш алкагында, туруктуу негизде жарандардын кат жүзүндөгү кайрылуулары жана өтүнүч каттары менен иш алып барууну, Улуттук банктын жана банк чөйрөсүнүн ишине тиешелүү маселелер боюнча консультацияларды жана маалыматтарды берүүнү жүзөгө ашырат. Бардыгы болуп 2017-жылы Улуттук банкка 1 029 кат жүзүндөгү кайрылуу (анын ичинде областтык башкармалыктарга жана Баткен өкүлчүлүгүнө – 485) келип түшкөн. Аларда негизинен, чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курсу; Улуттук банк тарабынан белгиленген эсептик чен; инфляция көрсөткүчү; банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын иши, Улуттук банктын өлчөнгөн алтын куймаларын жана нумизматикалык монеталарын сатып алуу тартиби ж.б. маселелер козголгон.

“Жарандардын кайрылууларын кароого алуу тартиби жөнүндө” мыйзамына ылайык, жыл ичинде Улуттук банктын жетекчилиги тарабынан жарандарды жеке кабыл алуу өткөрүлгөн. Кайрылуулардын негизги үлүшүн финансы-кредит уюмдары тарабынан банктык жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо тартибине тиешелүү маселелер түзгөн.

*Нумизматикалык музей*

Жыл ичинде орто жана жогорку окуу жайларынын студенттери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн делегацияларынын мүчөлөрү үчүн Улуттук банктын Бишкек жана Ош шаарларындагы нумизматикалык музейлерине экскурсиялар өткөрүлгөн. Экскурсиялардын жүрүшүндө катышуучуларга Кыргызстандын аймагында табылган байыркы акча белгилерине, Улуттук банк тарабынан ар кайсы мезгилде чыгарылып, улуттук валютанын банкнотторунун жана монеталарынын эскиздерине жана үлгүлөрүнө, өлчөнгөн алтын куймаларга, баалуу металлдардан даярдалган коллекциялык монеталарга арналган экспозициялар жана башка нумизматикалык продукциялар сунушталган.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

Улуттук банктын иш өзгөчөлүгү, анын өнүгүү стратегиясы, ал иш алып барган чөйрө жана башка бир катар факторлор коюлган максаттарга жетишүүгө максималдуу ылайык келүүнү көздөгөн анын уюштуруу түзүмүн аныктайт.

2017-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмү өзгөргөн эмес жана отчеттук мезгилдин акырына өзүндө борбордук аппараттын 24 түзүмдүк бөлүмүн, беш областтык башкармалыгын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн камтыган.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Экономика башкармалыгы*** | акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; экономиканын монетардык, реалдуу, финансы, бюджет-салык секторлор чөйрөсүндө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт; макроэкономикалык модель түзүүнү жана болжолдоолорду жүзөгө ашырат; макроэкономика, акча-кредит саясаты, фискалдык саясат, алмашуу курсу, реалдуу сектор маселелери боюнча илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт; |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | акча-кредит саясатын жүзөгө ашырат; финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырып, аларга баа берүүнү жана талдап-иликтөөнү жүргүзөт, ачык рынокто операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүү себептерин аныктайт; |
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | акча-кредит жана финансы рыногуна тиешелүү көрсөткүчтөр статистикасын, банктык сектор жана банктык эмес финансы-кредит уюмдары боюнча статистиканы жүргүзөт; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат; республиканын финансы системасынын туруктуулугун талдап-иликтөөгө алат жана баа берет; Улуттук банктын расмий басылмаларын чыгарат; |
| ***Тышкы көзөмөл башкармалыгы*** | аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, ошондой эле ак ниеттүү атаандаштыкты камсыз кылуу максатында, коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат; |
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын, анын ичинде өз ишин ислам каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырган банктардын жана уюмдардын ишине көзөмөлдүктү жүргүзүү жана жөнгө салуу боюнча методологиялык базаны иштеп чыгат жана лицензиялайт; |

| | |
|---|---|
| ***Инспектрлөө башкармалыгы*** | банк ишине мүнөздүү тобокелдиктерди тескөө жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик иш-аракеттерди каржылоого каршы аракеттенүү чөйрөсүндө да мыйзам талаптарынын сакталышы сапатына жана натыйжалуулугуна баа берүү үчүн коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын ишине инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзөт, банктык жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын укуктарын коргоого жана керектөөчүлөрдүн финансы-кредит уюмдарына карата ишенимин бекемдөөгө көмөк көрсөтөт; |
| ***Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын экономикасынын банкнотторго жана монеталарга, аффинаждалган өлчөнгөн куймаларга, нумизматикалык баалуулуктарга болгон керектөөсүн камсыздайт; алардын оптималдуу запасын колдоого алат; банкноттордун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталышын жана ташып жеткирилишин камсыз кылат; эскилиги жеткен банкнотторду жана монеталарды жок кылуу боюнча чараларды жүзөгө ашырат; |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүү системасынын ишинин уюштурулушун камсыз кылат; финансы рынокторунда операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү ишке ашырат; |
| ***Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы*** | Улуттук банкта маалымат технологиялары жагында сапаттуу жана өз учурунда кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылат, Улуттук банктын иш процессинде операциялык тобокелдиктерге баа берүү ыкмасын иштеп чыгат жана аларды колдонууга киргизет, бизнес-процесстерге баяндама берет жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт, аларды оптималдаштыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат; |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | методологиялык базаны иштеп чыгат, төлөм системаларынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылат, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт, контролдукка алат жана көзөмөлдүктү (оверсайт) жүзөгө ашырат; республиканын төлөм системасынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялайт, жөнгө салат жана көзөмөлдөйт; |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | банктын финансылык абалы, мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсепке алынышы чагылдырылган финансылык отчетту түзүү жана аны пайдалануучуларга сунуштоо максатында, эл аралык эсептик тажрыйбага ылайык банктын операцияларын туруктуу негизде эсепке алат, ошондой эле коммерциялык банктардын жана ЕАЭБ кызматташуусунун алкагында түзүлгөн эл аралык уюмдардын ликвиддүүлүгүн кайра каржылоо жана колдоо үчүн берилген кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоону тариздейт жана аларга мониторинг жүргүзөт; |

| | |
|---|---|
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишин укуктук маселелер боюнча коштоп жүрүүнү, банк мыйзамдарын өнүктүрүү жана өркүндөтүү ишинин аткарылышын камсыз кылат; |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Улуттук банктын ишинин жана анын маалымат ресурстарынын коопсуздугун камсыз кылат; |
| ***Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы*** | банкты материалдык-техникалык жабдуу, жетекчиликти жана түзүмдүк бөлүмдөрдү унаа менен камсыздоо, имараттарды жана курулмаларды күтүү жана аларды үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыздоо маселелерин чечет; |
| ***Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү*** | мамлекеттик тилде документ жүргүзүүнү жайылтууну жана өнүктүрүүнү, борборлоштурулган документ жүгүртүүнү жана Улуттук банктын документтеринин аткарылышына контролдукту, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын ишин камсыз кылат; |
| ***Персонал менен иш алып баруу бөлүмү*** | Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин аткаруу үчүн Улуттук банктын эмгек ресурсуна болгон керектөөсүн камсыз кылат, ошондой эле банк кызматкерлерин окутуу процессин пландаштырат, уюштурат жана контролдойт; |
| ***Финансы жана мониторинг жүргүзүү бөлүмү*** | Улуттук банктын өнүгүү багыты аныкталган стратегияларды финансы ресурстары менен камсыз кылууга, негизги фондуларды, жүгүртүү каражаттарын жана финансы ресурстардын сакталышын жана үнөмдүү пайдаланылышын көздөгөн финансылык иш багытын уюштурат; |
| ***Эл аралык кызматташуу бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы уюмдар, финансылык институттар жана өлкөлөр менен эл аралык кызматташуусун белгилөө, чыңдоо жана өнүктүрүү ишин аткарат; |
| ***Финансылык тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банктын тышкы рыноктордо операцияларын жүргүзүү учурунда финансылык тобокелдиктерди тескейт; |
| ***Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмү*** | банктын коммуникациялык саясатына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу Улуттук банктын иши жана саясаты тууралуу коомчулукка маалымат берүүнү камсыздайт, Кыргыз Республикасында финансылык сабаттуулукту жогорулатууга көмөк көрсөтөт; |
| ***Курулуш жана ремонт иштери бөлүмү*** | Улуттук банктын объекттеринде курулуш-монтаждоо, ремонт жана долбоордук-изилдөө иштеринин аткарылышын уюштурат; |
| ***Ички аудит кызматы*** | Улуттук банктын ишин өркүндөтүүгө багытталган тобокелдиктерди тескөө, контролдоо жана корпоративдик башкаруу процесстеринин натыйжалуулугуна баа берүүгө жана жогорулатууга тутумдаштырылган жана ырааттуу ыкманы пайдалануу менен Улуттук банк Башкармасына көз карандысыз жана объективдүү гарантиялар менен кеп-кеңештерди берет; |

| | |
|---|---|
| ***Сатып алууларды уюштуруу тобу*** | Улуттук банкта колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга ылайык сатып алууларды уюштурат жана жүргүзөт, ошондой эле эл аралык финансы уюмдарынын жана донор-өлкөлөрдүн Улуттук банк тарабынан же анын түздөн-түз катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорун коштоп жүрөт; |
| ***Окуу-ден соолукту чыңдоо борбору (“Толкун” пансионаты)*** | Улуттук банктын кызматкерлеринин катышуусунда семинарлардын, тегерек стол маектердин, башка окутуу жана социалдык-маданий иш-чараларынын өткөрүлүшүн камсыз кылат; |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган финансы-кредит уюмдардын ишине көзөмөлдүктү жүргүзөт, ошондой эле төлөм системасын өнүктүрүүнүн жана калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун алкагында иш-чараларды жүзөгө ашырат. |

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

2017-жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 664 адамды түзгөн, анын ичинде 581 адам – борбордук аппаратта, 83 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенишет. Алардын ичинен аялдардын саны борбордук аппаратта 282 адамды, областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө – 33 адамды түзгөн. Пайыздык катышта аялдардын саны 47,0 пайызды жана эркектердин саны – 53,0 пайызды түзөт.

2016-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин саны 692 адамды түзгөн, анын ичинде 610 адам – борбордук аппаратта жана 82 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө эмгектенип келген. Пайыздык катышта аялдардын саны 47,0 пайызды жана эркектердин саны – 53,0 пайызды түзөт.

*Персоналды окутуу*

Улуттук банк кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында, өз адистерин жыл сайын окутуудан өткөрүп турат. 2017-жылы адистерди окутуу борбордук (улуттук) банктардын персоналын кесиптик окутуу программасынын (2004-жылдын 12-мартында Минск шаарында кол коюлган, борбордук (улуттук) банктардын персоналын окутуу жагында кызматташуу жөнүндө келишимдин алкагында), КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө, ошондой эле Кыргыз Республикасында, анын ичинде Улуттук банктын базасында уюштурулган окуу иш-чараларынын алкагында өткөрүлгөн.

Улуттук банк менен Эл аралык кызматташуу боюнча аманат кассалары фондусу (Германия) ортосунда түзүлгөн узак мөөнөттүү кызматташуу меморандумун жүзөгө ашыруунун алкагында, “Банк иши. Банк кызматкерлерин дуалдык кесиптик окутуу” долбоорун ишке ашыруу улантылган. Окутуунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын кызматкерлеринин ичинен 75 жаш адис даярдалган.

*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкка жаңы кызматкерлерди ишке кабыл алууда ачык-айкындуулук, бирдей жана адилеттүү мамилени жүзөгө ашыруу үчүн сынак өткөрүү аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого жана Улуттук банктын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды талаптагыдай жүзөгө ашыруу деңгээлин камсыз кылууга шарт түзөт.

Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын расмий сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

2017-жылы 21 сынак, анын ичинен 7 сынак – областтык башкармалыктарда өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынакка 170 адам катышкан. Сынактын жыйынтыгы боюнча 13 адам ишке кабыл алынган.

2017-жылы кадрлардын иштен бошонуп кетиши 13,0 пайызды түзгөн, ал эми 2016-жылы ал 14,0 пайыз чегинде катталган эле.

Персоналдын иш стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин иш стажы боюнча курамы




***6.1.2.-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы



Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштеп келет. 2017-жылдын акырына карата жети комитет, 10 комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын алты редакциялык кеңеши жана илимий-эксперттик кеңеш иш алып барган. Комитеттердин, комиссиялардын жана редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат. Комитеттердин жана комиссиялардын иши Улуттук банкта корпоративдик башкарууну өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери**

| | |
|---|---|
| ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | ликвиддүүлүктү күндөлүк негизде тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана аларды ыкчам кабыл алат. Ачык рынокто иш-аракеттер варианттарына баа берүү жана тандоо, тандалып алынган иш-аракеттер варианты боюнча келип чыгуучу кесепеттерге талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү, чечимдерди кабыл алуу жана акча-кредит саясатынын инструменттерин пайдалануу шарттарын белгилөө, ошондой эле Улуттук банк Башкармасына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө акча-кредит саясаты маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу – комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат; |
| ***Инвестициялык комитет*** | белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат. Инвестициялык стратегияны карап чыгуу, жактыруу жана анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, финансы рынокторундагы абалды эске алуу менен инвестициялык ишкердиктин натыйжалуулугуна баа берүү жана бекитилген стратегиянын алкагында тактикалык чечимдерди жана Башкарма үчүн инвестициялык ишкердик маселелери боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү жана сунуштарды иштеп чыгуу комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат; |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдардын ишине белгиленген компетенциянын чегинде жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат; |
| ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта талапка ылайык ички контролдук системасын камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчеттун даярдалышына контролдукту камсыз кылууга көмөк көрсөтөт; |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдүк (оверсайт) чөйрөсүндө, ошондой эле төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу жана пруденциалдык көзөмөлдүк маселелер боюнча өз компетенциясынын чегинде чечимдерди кабыл алат; |

| | |
|---|---|
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча өз учурунда чараларды көрөт; |
| ***Маалымат системалары боюнча координациялык комитет*** | маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт, Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүүнү жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралардын аткарылышын контролдойт жана маалымат технологиялары боюнча пландыштырылып жаткан долбоорлорду, аталган долбоорлорго же маалымат технологияларына катыштыгы бар техникалык чечимдердин жана бизнес-процесстердин өзгөрүүсүн жана алардын жактырылышын координациялайт; |
| ***Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссия*** | коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу Улуттук банкта коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу максатында түзүлгөн; |
| ***Методологиялык комиссия*** | айрым ченемдик актылар долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын кароого алат; Улуттук банктын ченемдик актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет; |
| ***Улуттук банктын ишин уюштуруу боюнча комиссия*** | Улуттук банктын ишин уюштуруу маселелерин кароого алат жана ал боюнча сунуштарды даярдайт.<br>Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштыруу жана уюштуруу түзүмүн өзгөртүү боюнча сунуштарды кароо жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу комиссиянын негизги милдеттеринен болуп саналат; Улуттук банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууга байланыштуу ишин координациялоо жана контролдоо. |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын иши

Улуттук банк Башкармасы жогорку башкаруу органы болуп саналат жана ал банктын негизги иш багыттарын бекитет. Банк Башкармасынын ыйгарым укуктары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамда аныкталган.

Башкарма акча-кредит саясатын, коммерциялык банктардын, банктык эмес финансы-кредит уюмдардын ишине көзөмөлдүктү жүргүзүү жана төлөм системасын өнүктүрүү саясатын аныктайт; жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитет; ошондой эле Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана БФКУлардын негизги өнүгүү багыттарын белгилейт.

Башкарманын иши бекитилген жылдык жана чейректик пландардын негизинде жүзөгө ашырылат. 2017-жылы бардыгы болуп 73 отурум (анын ичинен 19 маалыматтык отурум) өткөрүлгөн, алардын алкагында 463 маселе кароого алынып, 260 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты боюнча маселелерди кароо*

2017-жылга жактырылган отурумдар графигине ылайык, Улуттук банк Башкармасы туруктуу негизде Улуттук банктын эсептик чен өлчөмү тууралуу чечимдерди кабыл алып турган.

Акча-кредит саясаты тууралуу чейрек сайын берилүүчү отчетторду кароого алуунун алкагында, акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары, инфляцияны аныктаган факторлор, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөргө талдап-иликтөөлөр жана орто мөөнөткө каралган болжолдоолор тууралуу маалымат берилген.

Улуттук банк Башкармасы 2017-жылдын декабрь айында Акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттарын бекиткен. Аталган документте саясаттын концептуалдык маселелерине: акча-кредит саясатынын максаттарына, милдеттерине жана негизине өзгөчө көңүл бурулган.

Улуттук банк Башкармасы отчеттук жылдын акырында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылга каралган акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүн жактырган, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын келээрки мезгилге каралган экономика саясатынын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсүнүн бөлүгү болуп саналат. Ошондой эле Башкарманын 2018-жылга каралган эсептик чен өлчөмүнө тиешелүү маселелер каралуучу отурумдар графиги жактырылып, расмий интернет-сайтта жарыяланган.

Улуттук банк Башкармасы жыл сайын эл аралык камдарды тескөө жана камдык активдердин коопсуздугун камсыз кылуу жагында инвестициялык саясатты, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту кароого алып, бекитет.

Финансы системасында түптөлгөн тобокелдиктерди жана алардын бүтүндөй финансы секторунун туруктуулугуна тийгизген таасирине талдап-иликтөөнүн натыйжалары камтылган Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет туруктуу негизде кароого алынып турган. Мониторингдин жана талдап-иликтөөнүн натыйжалары акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда эске алынган.

Акча рыногун өнүктүрүү жана баалуу металлдар менен операцияларды андан ары демилгелөө максатында, Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясатынын инструменттер топтомун кеңейтүү жана өркүндөтүү каралган тиешелүү ченемдик укуктук актыларды бекиткен.

Бардыгы болуп 2017-жылы акча-кредит саясаты жана эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 30 маселе каралып, 28 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес уюмдардын ишине көзөмөлдүк боюнча маселелерди кароо*

Банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын ишин лицензиялоо, көзөмөлдүк жана жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук базаны жаңы банктык мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында, отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан бир катар токтомдор кабыл алынган.

Банктардын жана "Кредиттик союздардын финансылык компаниясы" ААКсы адистештирилген финансы-кредит уюмунун ишин лицензиялоо, корпоративдик башкаруу, ички контролдук жана аудит, банктык тобокелдиктерди тескөө, банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операциялары, көзөмөл органы менен банктар ортосунда талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу, ошондой эле банктарга жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарына карата таасир этүү чараларын колдонуу маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын жаңы редакциясы бекитилген.

Мындан тышкары, таасир этүү чаралар системасын өркүндөтүүнүн алкагында, убактылуу администрацияны, ошондой эле банктарды өз ыктыярдуу жана мажбурлап жоюуга тиешелүү жаңы ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдардын системалуу мааниге ээ критерийлери аныкталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу да жаңылыктардын биринен болгон.

Айрым токтомдор менен банктардын уставдык жана өздүк (жөнгө салуучу) капиталынын минималдуу өлчөмү, активдерди классификациялоо жана башка менчикти эсепке алуу, ички контролдукту, ички жана тышкы аудитти уюштуруу, баалуу металлдар менен операцияларды ишке ашыруу жана баалуу металлдардагы ачык позиция лимиттери, банктык эсептер жана сейфтер менен иштөө боюнча талаптар белгиленген.

Улуттук банк Башкармасы ошондой эле капиталдын жетиштүүлүгүн (шайкештигин) эсептөө, кредиттик тобокелдикти тескөө, ошондой эле ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарынын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетторун түзүү боюнча талаптарга тиешелүү өзгөртүүлөр да кабыл алган.

Мындан тышкары, коммерциялык банктардын иш чөйрөсүн кеңейтүү боюнча маселелер каралган. Жыл ичинде үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо, электрондук акча чыгаруу, башка эмитенттердин баалуу металлдары менен жеке белгилери көрсөтүлбөгөн (нак эмес формада) операцияларды ишке ашыруу укугуна кошумча лицензия, ошондой эле "ислам терезеси" аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык, улуттук жана/же чет өлкө валюталарында банктык операцияларды ишке ашыруу укугуна лицензия берүүгө уруксат берилген.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында банк тутумун жана микрокаржылоо секторун өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттары бекитилген, алар орто мөөнөттүк мезгилге карата банктык жана банктык эмес финансы-кредит секторлорунун алдында турган максаттарды жана милдеттерди чагылдырат. Аталган программаларда каралган иш-чараларды жүзөгө ашыруу туруктуу жана социалдык жактан жоопкерчиликтүү банктык жана банктык эмес финансы-кредит секторун институционалдык өнүктүрүү үчүн алгылыктуу экономикалык, мыйзам чыгаруу жана жөнгө салуу чөйрөсүнүн андан ары калыптанышын камсыз кылат.

Улуттук банк тарабынан лицензияланган айрым коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдардын ишине тиешелүү маселелер боюнча бардыгы болуп 89 маселе каралып, алар боюнча 85 токтом кабыл алынган.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Отчеттук жылы Улуттук банк Башкармасы төлөм системасынын операторлорунун, төлөм уюмдарынын жана эл аралык төлөм системаларынын ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу, ошондой эле финансылык инновациялар боюнча бир катар ченемдик укуктук актыларды бекиткен.

Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны андан ары жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын "Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга каралган мамлекеттик программанын үчүнчү баскычын бекитүү жөнүндө" токтом долбоору жактырылган. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын иш натыйжалуулугун жогорулатуу максатында анын курамына өзгөртүүлөр киргизилген.

Төлөм системасынын иши жана аны жөнгө салуу маселелери боюнча Башкарма тарабынан 28 маселе каралып, 18 токтом кабыл алынган.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан банк ишин уюштуруу жана башка маселелер каралып, алар боюнча 129 токтом кабыл алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

2017-жылдын 22-июнунда Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Респбуликасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу" мыйзамдарынын күчүнө кириши отчеттук мезгилдин негизги окуясынан болгон.

"Кыргыз Респбуликасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамы банк мыйзамдарын реформалоого багытталган жана улуттук мыйзамга жаңы натыйжалуу дүйнөлүк банктык тажрыйбанын интеграцияланышы каралган. Кардарлардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо каралган нормалар олуттуу жөрөлгөлөрдүн бири болуп саналат. Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого жана маалыматты ачып көрсөтүүгө карата негизги талаптар белгиленген. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамында банктарга келишимдик шарттарды, эгерде, бул кардарлардын финансылык абалын начарлатса, бир тараптуу негизде өзгөртүүгө тыюу салуу белгиленет. Бул каражаттар абдан маанилүү, анткени, банктардын кардарлар менен өз ара иш алып баруусунун ак ниеттик, айкындуулук, жеткиликтүүлүк, өнөктөштүк, алардын экономикалык кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу, социалдык жоопкерчилик сыяктуу принциптерге негизденет. Ал эми кардарлар өз кезегинде, банктык кызмат көрсөтүүлөргө кайрылып жаткан учурда ойлонулган жана жоопкерчиликтүү чечим кабыл алууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу" мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамы менен биргеликте иштелип чыккан жана анда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарга (жалпы алганда 23 кодекске жана мыйзамга) тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү каралган.

Банк мыйзамдарынын мамлекеттин жана коомдун, банктардын жана алардын кардарларынын эң эле заманбап керектөөлөрүнө, бүтүндөй өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө дал келгендей кылып аны андан ары модернизациялоо жана жаңыртуу ишинин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин "Заем жана кредит", "Банктык салым", "Банк эсеби" жана "Эсептешүүлөр" деп аталган главалардын нормалары кайра каралып чыккан.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамында каралган принциптерге ылайык, Жарандык кодекс ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин жөнгө салган жана ислам каржылоо принциптери боюнча келишимдердин түрлөрүн жана укуктук негиздерин аныктаган жаңы глава менен толукталган.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу" мыйзам талабын аткаруу максатында, Улуттук банктын 200гө жакын ченемдик укуктук актылары аталган мыйзамдарга ылайык келтирилген.

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө" кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамы кабыл алынган.

"Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзам нормалары "Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" мыйзам талаптарынын үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү жүргүзүү ишин, ошондой эле процессинг жана клиринг боюнча ишти милдеттүү түрдө лицензиялоо талаптарына ылайык келтирилген.

Ошондой эле төмөнкүлөр Кыргыз Республикасында ишти жүзөгө ашыруунун алдында Улуттук банкта милдеттүү түрдө каттоодон өтүү талабы да киргизилген:

– эсеп ачуусуз локалдык жана эл аралык акча которуу операторлору;
– банктык төлөм карттар жана электрондук акча эл аралык операторлору.

Мындан тышкары, "Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө" мыйзамына Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын катышуучуларына карата колдонулуучу таасир этүү чараларына, төлөм кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануучулардын укуктарын коргоо чараларына тиешелүү түзөтүүлөр киргизилген.

"Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө" кодексине киргизилген өзгөртүүлөр мыйзам бузуу орун алган жерде айыптык төлөмдү нак эмес формада төлөө жөнүндө нормаларды чыңдоого багытталган.

*Мыйзам долбоорлору*

Нак эмес төлөмдөр үлүшүн көбөйтүү, республиканын алыскы региондорунда банктык жабдууларды орнотуу, эмгек акыны төлөөнү жана башка мамлекеттик эмес секторго төлөөлөрдү кошо алганда, пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка мамлекеттик төлөөлөрдү өз учурунда банктык карттарга төлөө боюнча иш-чараларды андан ары өркүндөтүүнүн алкагында, "Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоору иштелип чыккан.

Мыйзамдын бул долбоору, нак эмес төлөмдөрдү кабыл алуу жана өткөрүү жабдууларын орнотууну арттыруу аркылуу, өлкөнүн алыскы региондорунда төлөм инфраструктурасын жакшыртууга жана кеңейтүүгө багытталган. Ошондой эле бул долбоор, финансылык агымдын ачык-айкындуулугун жогорулатууга жана көмүскө экономиканын кыскарышына өбөлгө түзөт.

## 6.4. Финансылык маселелер боюнча консультант милдетин аткаруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн финансылык маселелер боюнча консультант милдетин аткаруунун чегинде Улуттук банк 2017-жылы ичинде төмөнкү иш-чараларды жүзөгө ашырган:

– туруктуу негизде акча-кредит саясатын ишке ашыруу, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча маалыматтарды жана аналитикалык материалдарды сунуштап турган;

- мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финансы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- республикалык бюджеттин долбоорун кароого алуу учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган;
- финансы жана банк тутумунун маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү сунуштап турган.

Туруктуу негизде сунушталуучу аналитикалык маалыматтарда акча-кредит саясатынын негизги багыттары, негизги макроэкономикалык көрсөткүч болжолдоолору, экономиканын тышкы секторунда орун алган жагдай, банк тутумунун, банктык эмес финансы-кредит уюмдары системасынын абалы, республиканын валюта рыногундагы жагдай жөнүндө маалыматтар камтылган.

Финансылык консультанттын милдетин аткаруунун алкагында Улуттук банк, мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине бардыгы болуп 700дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк отчеттук жылы 40тан ашуун мыйзам долбооруна экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:

- 2018-жылга республикалык бюджет жана 2019-2020-жылдарга каралган болжолдоолор жөнүндө;
- “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекс”;
- “Бюджет кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө”;
- “Улуттук холдингдик компаниялар жөнүндө”;
- “Товардык кампалар жана кампа күбөлүктөрү жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасынын “Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Кыргыз Республикасынын “Акционердик коомдор жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;
- “Мамлекеттик мүлктү ишенимдүү башкаруу жөнүндө”;
- “Айрым мыйзам актыларына гарантиялык фонддордун ишин жөнгө салуу бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” жана башкалар.

2017-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйрууларынын жана Президенттин актыларынын 70тен ашуун долбоорлоруна экспертиза жүргүзүлүп, алар боюнча сунуштар даярдалган, анын ичинде:

- “Таза коом” санариптик трансформациялоо концепциясын бекитүү жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жаңы доорго – кырк кадам 2018-2023” программасын жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планы жөнүндө;
- “10-кадам: “Жеткиликтүү кредит” долбоору жөнүндө;
- “Айыл чарбаны каржылоо” долбоору жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын регионалдык саясат концепциясын бекитүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2017 жана 2018-жылдарга карата экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү тууралуу;
- 2018-2020-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүүнүн орто мөөнөткө каралган болжолдоосу жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын фискалдык жана инвестициялык саясаты боюнча Өкмөттүн Кеңеши жөнүндө;

- Кыргыз Республикасынын 2017-2019-жылдарга мамлекеттик карызды башкаруу стратегиясын бекитүү жөнүндө;
- 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарын даярдоо боюнча уюштуруу чаралары жөнүндө;
- Кыргыз Республикасын 2018-2022-жылдарда туруктуу өнүктүрүү программасынын долбоору жөнүндө;
- 2017-2040-жылдарга фискалдык саясат концепциясынын долбоору жөнүндө;
- Борбордук Азиядагы 2030-жылга чейин регионалдык экономикалык кызматташуу стратегиясы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын 2018-жылга “Бизнес жүргүзүү” рейтингинде позициясын жакшыртуу боюнча иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жеткиликтүү турак жай 2015-2020” программасын жүзөгө ашырууну улантуу максатында, бюджеттик кредитти “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсына бөлүп берүү жөнүндө;
- Өкмөттүн “Кыргыз Республикасында эл аралык гранттык жана техникалык жардам жана аны пайдалануу тартиби жөнүндө” жобонун долбоору тууралуу;
- Кыргыз Республикасында экспортту өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга каралган программасын бекитүү жөнүндө;
- ишкерлерди мамлекеттик колдоо боюнча чаралар жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын өнүктүрүү жөнүндө;
- Турак жай-сактык кредит компанияларын ж.б. түзүү жөнүндө.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2017-жыл ичинде Улуттук банк бир катар мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылга карата “Жаңы доорго – кырк кадам” программасын жүзөгө ашыруу планын;
- “Таза коом” санариптик трансформациялоо концепциясын жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планын;
- Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга каралган улуттук стратегиясын;
- Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейин социалдык-экономикалык өнүктүрүү стратегиясын;
- Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун 2016-2020-жылдарга каралган программасын;
- Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралардын 2012-2017-жылдарга каралган мамлекеттик программасын;
- Экономика жана финансы саясаты боюнча меморандумду ишке ашыруу жагында 2015-2018-жылдарга каралган иш-чаралар планын;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2017-жылга ишеним жана биримдик” программасын жүзөгө ашыруу боюнча Өкмөттүн иш-аракеттер планын;
- 2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында тамак-аш жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу программасын;
- Өкмөттүн 2015-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын экспортун өнүктүрүү боюнча планын;
- 2016-2020-жылдарга ЕАЭБ статистикасы чөйрөсүндө интеграцияны өнүктүрүү программасын ж.б.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттик уюмдарда катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга экспертиза жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы Кыргыз Республикасынын карызын кечүү жөнүндө протоколун;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн ортосундагы эл аралык салык алуу режиминин сакталышын жакшыртуу жана FATCA ишке киргизүү боюнча макулдашуу долбоорун;
- Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине катышуучу-мамлекеттердин кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга), терроризмди жана массалык жок кылуу куралын каржылоого каршы аракеттенүү жөнүндө келишим долбоорун;
- Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине катышуучу-мамлекеттердин улуттук чарба жүргүзүүчү субъектеринин консолидацияланган финансылык отчету жөнүндө макулдашуу долбоорун;
- ЕАЭБнын финансылык рыноктор чөйрөсүндө жалпы процесстерди ишке ашыруу эрежелеринин долбоорун;
- ЕАЭБнын жалпы финансылык рыногун түзүү концепциясынын долбоорун;
- ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин финансылык чөйрөдөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүү жөнүндө макулдашуу долбоорун;
- ЕАЭБге мүчө-мамлекеттер ортосундагы кредиттик таржымал маалыматтары менен алмашуу жагында өз ара иш алып барууну макулдашуу долбоорун;
- ЕАБГге мүчө-мамлекеттердин валюталык саясаты боюнча Консультациялык кеңеш жөнүндө келишим долбоорун;
- Бирликке мүчө мамлекеттердин валюталык укуктук мамилелерин жөнгө салуу жана либералдаштыруу чараларын кабыл алуу боюнча макулдашылган ыкмалар жөнүндө келишим долбоору;
- Кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү боюнча Евразия тобунун (ЕАГ) эксперт-баа берүүчүлөрү тарабынан даярдалган Кыргыз Республикасынын кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоого каршы аракеттенүү системасына өз ара баа берүү жөнүндө отчеттун биринчи жана экинчи долбоорун.

Өкмөттүн мыйзам долбоорлоруна, токтомдорунун жана буйрууларынын долбоорлоруна, Президенттин актыларына жана эл аралык келишимдерге, макулдашууларга жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертиза жүргүзүүнүн натыйжасында корутунду чыгарылып, Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча сын-пикирлер жана сунуштар берилген.

*Ведомстволор аралык комиссияларда иш алып баруу*

Отчеттук жылы Улуттук банктын өкүлдөрү 25 ведомство аралык жумушчу топтун жана комиссиялардын төмөнкү маселелер боюнча ишине катышышты:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жаңы доорго – кырк кадам” программасынын “10 кадам: “Жеткиликтүү кредит” иш-чаралар планы;
- Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү;
- 2016-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында калктын аярлуу катмарынын жашоо деңгээлин жогорулатуу боюнча иш-чаралар планын аткаруу;
- 2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүү программасынын долбоорун иштеп чыгуу;
- ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугун аныктаган макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн эсептөө ыкмасын өркүндөтүү.

Ведомстволор аралык жумушчу топтордун жана комиссиялардын ишине катышуусунун натыйжасында, Улуттук банк тарабынан анын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат берилип, сунуштар киргизилген.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

*Укуктук негиз*

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банк шайкеш ички контролдук системасына ээ болууга тийиш. Улуттук банк Башкармасы ички контролдуктун талаптагыдай системасын, ошондой эле бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна контролдукту камсыздоо жана Улуттук банктын финансылык отчетун даярдоо максатында Аудит боюнча комитетти дайындайт. Улуттук банктын ички аудити Улуттук банк Башкармасына отчет берүүчү Ички аудит кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*Ишкердикти жүзөгө ашыруу*

Ички аудит кызматынын негизги милдеттеринен болуп, ички контролдук, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасынын шайкештигине жана натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берүү, Улуттук банктын финансылык отчетуна аудит боюнча тышкы аудиторлор жана Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып баруу саналат.

Ички аудит кызматы бул багытта өз ишин эл аралык тажрыйбага таянуу менен алып барат.

Аудитордук текшерүүлөр 2017-жылы Ички аудит кызматынын жылдык иш планына ылайык жүзөгө ашырылган. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын негизги иш багыттары, анын ичинде макроэкономикалык талдап-иликтөө, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү болжолдоо, банктык эсептешүүлөрдү уюштуруу, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелердин изин жашырууга каршы аракеттенүү, эл аралык кызматташуу, банктын мыйзам долбоорлоо иштери, операциялык тобокелдиктерди тескөө, ошондой эле башка багыттар боюнча ички аудитордук текшерүүлөр камсыз кылынган.

Текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча ички аудиторлор тарабынан ички контролдук, тобокелдиктерди тескөө жана корпоративдик башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча тиешелүү отчеттор даярдалып, алар боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Жүргүзүлгөн аудитордук текшерүүлөрдүн жыйынтыктары Улуттук банктын жетекчилигине түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинин аларга жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга шайкеш келүүсү, аныкталган мыйзам бузуулар жана дал келбестиктер, проблемалуу участоктор тууралуу көз карандысыз маалымат түрүндө сунушталган. Ички аудит кызматы түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан аудитордук текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп турган.

*Тышкы аудиторлор менен өз ара иш алып баруу*

Ички аудит кызматы Улуттук банктын тышкы аудиторлору менен өз ара ишин координациялаган. Улуттук банктын 2016-жыл үчүн финансылык отчетуна көз карандысыз тышкы аудит "Делойт и Туш" ЖЧКсы аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн, ал эми 2017-жыл үчүн отчетко аудит тендердин натыйжасында тандалып алынган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан мыйзам талаптарына ылайык бекитилген "Грант Торнтон" ЖЧКсы аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн.

*Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып баруу*

Ички аудит кызматы Улуттук банктын Аудит боюнча комитетинин отурумдарын уюштурган жана өткөргөн. Аудит боюнча комитет үч мүчөдөн куралат: Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү жана Улуттук банктын кызматкерлеринен болуп саналбаган эки көз карандысыз эксперт.

Улуттук банктын Аудит боюнча комитетинин негизги максатына ылайык иши Улуттук банктын финансылык отчетунун толуктугуна жана аныктыгына көзөмөл жүргүзүү, ички контролдук системасынын ишенимдүүлүгүн жана натыйжалуулугун, тышкы жана ички аудиттин көз карандысыз ишин камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын так сакталышы саналат.

*Аудит боюнча комитеттин отчету*

Отчеттук мезгил ичинде комитеттин 18 отуруму өткөрүлгөн, анда комитеттин компетенциясына кирген маселелер кароого алынып, алар боюнча чечимдер кабыл алынган. Ички аудит кызматы ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг боюнча маалыматтарды жана ички контролдук системасына баяндаманы сунуштап турган. Аудит боюнча комитет жарым жылдык негизде өз иши тууралуу маалыматты Улуттук банк Башкармасынын кароосуна сунуштаган.

Аудит боюнча комитеттин көз карандысыз мүчөсү Жогорку Кеңештин депутаттары жана Улуттук банктын өкүлдөрү менен биргеликте тышкы аудиторду тандоо боюнча тендердик комиссиянын курамында катышкан.

Тышкы аудиторлордун көз карандысыздыгы кепилдигин камсыз кылуу максатында Аудит боюнча комитеттин мүчөлөрү “Делойт и Туш” жана “Грант Торнтон” ЖЧКларынын жоопкерчиликтүү өкүлдөрү менен жолугушуу өткөргөн. Жолугушуунун жүрүшүндө “Делойт и Туш” ЖЧКсынын өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлгөн 2016-жыл үчүн финансылык отчетко жүргүзүлгөн тышкы аудиттин жыйынтыктары, ошондой эле 2017-жыл үчүн финансылык отчетко аудитордук текшерүү планы жана “Грант Торнтон” ЖЧКсынын өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлгөн, отчеттук жылдын тогуз айы үчүн Улуттук банктын финансылык отчетуна алдын ала жүргүзүлгөн аудиттин натыйжалары талкууланган.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

# 7-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2017-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНДА БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## МАЗМУНУ


| | Беттери |
|---|---|
| 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн көз карандысыз аудитордун отчету | 97 |
| 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн финансылык отчет: | |
| Финансылык абал жөнүндө отчет | 100 |
| Түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчет | 101 |
| Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет | 102 |
| Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет | 103 |
| Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет | 105 |
| Финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр | 107 |

«Грант Торнтон» ЖЧКсы
И.Раззаков атындагы көчө 15- үй.
720040 Бишкек, Кыргызстан
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

ОсОО Грант Торнтон
ул. Раззакова, д. 15
720040 Бишкек, Кыргызстан
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

Grant Thornton LLC
15 Razzakova str
720040 Bishkek, Kyrgyzstan
T + 996 312 98 60 40
F + 996 312 98 60 40
E info@kg.gt.com

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына:

### Ой-пикир

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2017-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал жөнүндө, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчеттон жана көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттон, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача баяндаманы кошо алганда, финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөрдөн турган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, кароого сунушталган финансылык отчетто банктын 2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилери, ошондой эле көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги финансылык натыйжалар жана акча каражаттарынын жылышы, финансылык отчетко карата 2-түшүндүрмөдө чагылдырылган, финансылык отчетту даярдоо принциптерине ылайык так чагылдырылган.

### Ой-пикирди билдирүү үчүн негиздер

Биз, аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (МСА) ылайык жүргүздүк. Ошол стандарттарга ылайык биздин милдеттер корутундунун “Финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги” аталышындагы бөлүгүндө чагылдырылган. Кыргыз Республикасында финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн каралган талаптарга ылайык, биз Банкка көз каранды эмеспиз. Демек, ошол талаптарга ылайык этикалык башка милдеттерди аткардык. Аудиттин жүрүшүндө алынган далилдер ой-пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай деп болжолдойбуз.

### Башка маалыматтар

Жетекчилик башка маалыматтар үчүн жооп берет. Аудитордук корутунду даярдалган күнгө карата алынган башка маалыматтар Улуттук банктын 2017-жыл үчүн жылдык отчетунда камтылган маалыматтарды түшүндүрөт, бирок финансылык отчетту камтыбайт жана аудитордук корутунду финансылык отчет боюнча даярдалды.

Финансылык отчет боюнча ой-пикирдин башка маалыматтарга тиешеси жок жана биз ошол маалыматтарга карата кандай болбосун формада ишенимдүү айтылган корутунду чыгара албайбыз.

Башка маалыматтар менен таанышып чыгып, ошол маалыматтар менен финансылык отчет же аудиттин жүрүшүндө бизге маалым болгон жагдайлар ортосунда олуттуу дал келбестиктер орун алганбы жана башка маалыматтарда олуттуу бурмалоолорго жол берилгенби деген маселени кароого алуу – финансылык отчетко аудит жүргүзүүгө байланыштуу биздин милдет.

Аудитордук корутундуга чейин алынган башка маалыматтар боюнча жүргүзүлгөн иштердин негизинде ошол маалыматтарда олуттуу бурмалоолор камтылган деген тыянакка келе турган болсок, анда биз ошол фактылар тууралуу маалымдоого милдеттүүбүз. Бирок, ушул корутундуда чагылдыруу зарыл болгон эч кандай фактыларды аныктай алган жокпуз.

**Финансылык отчет үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Финансылык отчетко карата 2-тиркемеде чагылдырылган, финансылык отчетту даярдоо принцибине ылайык финансылык отчеттун даярдалышы жана маалыматтардын так чагылдырылышы үчүн жетекчилик жооптуу болуп саналат. Жетекчилик бул үчүн алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчетту даярдоо үчүн зарыл болгон ички контролдук системасын жөнгө салууга тийиш.

Финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик банктын ишин үзгүлтүксүз улантууга, зарылчылык келип чыккан шартта иш үзгүлтүксүздүгүнө тиешелүү маалыматтарды чечмелеп берүүгө жана жол берүүнү колдонуунун укукка жатпаган учурларын эске албаганда, иш үзгүлтүксүздүгү негизинде отчет түзүүгө баа берүү үчүн жоопкерчиликтүү.

**Финансылык отчетко аудит үчүн аудитордун жоопкерчилиги**

Финансылык отчет алгылыксыз иш-аракеттерге же каталарга жол берүү кесепетинен олуттуу бурмалоону камтыбагандыгына жеткиликтүү ишенимде болуу жана биздин ой-пикирди камтыган аудитордук корутундуну даярдоо - биздин максат. Жеткиликтүү ишенимде болуу дегенден улам, толук ишенимге ээ болууну түшүнүү зарыл. Бирок, бул Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит дайыма эле олуттуу бурмалоолорду аныктоонун гарантиясы болуп саналбайт дегенди билдирет. Бурмалоолор алгылыксыз иш алып баруунун же каталарга жол берүүнүн натыйжасы болушу мүмкүн жана алар өз-өзүнчө же чогуу караганда ушул финансылык отчеттун негизинде кабыл алынган экономикалык чечимдерге таасир этишин негиздүү болжолдогон шартта гана олуттуу катары эсептелинет.

Эл аралык аудиттик стандарттарга ылайык жүргүзүлгөн аудиттин алкагында, биз кесипкөйлүк ой-жүгүртүүлөрдү жана чечмелөөлөрдү кабыл алабыз жана аудит жүргүзүлгөн аралыкта кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз:

а) алгылыксыз иш-аракеттердин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен жылдык финансылык отчетто олуттуу бурмалоолорду аныктап, тобокелдиктерге баа беребиз; ошол тобокелдиктерге жооп иретинде аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгып, аларды жүзөгө ашырабыз; ой-пикир билдирүү үчүн негиз болгон жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алабыз. Жогоруда белгиленген алгылыксыз иш-аракеттердин кесепетинен улам келип чыккан олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдиги, катага жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдигине караганда алда-канча кесепеттүү болуп саналат (жогору турат). Анткени, алгылыксыз иш алып барууда келишип алуу, атайлап жасоо, атайлап калтырып кетүү, маалыматтарды бурмаланган түрдө сунуштоо

же ички контролдук системасына баш ийбестен башка аракеттерди көрүү сыяктуу жагдайлар камтылышы мүмкүн;

б) тиешелүү жагдайларга байланыштуу аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында аудит үчүн мааниге ээ болгон ички контролдук системасы боюнча түшүнүк алабыз, бирок бул банктын ички контролдук системасынын натыйжалуулугу тууралуу ой-пикирди билдирүү максатын көздөбөйт;

в) колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын мүнөзүнө, бухгалтердик баа берүүлөрдүн жана банк жетекчилиги тарабынан даярдалган маалыматтарды чечмелөөнүн негиздүүлүгүнө баа беребиз;

г) банк жетекчилиги тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү боюнча жол берүүнүн укук ченемдүүлүгүнө тиешелүү тыянак чыгарабыз, ал эми алынган аудитордук далилдердин негизинде банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантууга жөндөмдүүлүгүнө карата олуттуу шектенүүнү жараткан жагдайларга же шарттарга байланыштуу белгисиздик жагдайы орун алышы же анын жоктугу тууралуу тыянак чыгарабыз. Эгерде белгисиздик жагдайы бар деген тыянакка келе турган болсок, биз аудитордук корутундуда жылдык финансылык отчетто маалыматтардын чечмеленишине көңүл бурдурууга же маалыматты чечмелөөлөр талаптагыдай болбосо, өз пикирибизди модификациялоого тийишпиз. Биздин ой-пикирибиз келечекте орун алышы мүмкүн болгон жагдайлар же шарттар Банктын өз ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнөн ажырап калышына алып келбеген шартта, аудитордук корутунду чыгарылган күнгө чейин алынган аудитордук далилдерге негизденет;

д) бүтүндөй жылдык финансылык отчеттун, анын түзүмүнүн жана маалыматтардын чечмеленишин кошо алганда, анын мазмунунун чагылдырылышына, ошондой эле жылдык финансылык отчет анда камтылган операциялардын жана иш жагдайынын так берилишин камсыз кыла алгандай сунушталгандыгына баа беребиз.

Биз, Банкты башкарууга жооп берген жактар менен өз ара маалымат алмашып, аларга башка маалыматтар менен бирге эле, пландаштырылган аудит, анын көлөмү жана мөөнөттөрү боюнча маалыматтар, аудиттин жыйынтыгы боюнча олуттуу сын-пикирлер, анын ичинде аудит жүргүзүү процессинде аныкталган ички контролдук системасында олуттуу кемчиликтер тууралуу маалыматтар менен аларды тааныштырабыз.

2018-жылдын 14-марты
“Грант Торнтон” ЖЧКсы

## *7.2. 2017-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал боюнча отчет*

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Алтын | 5 | 19 936 798 | 11 809 886 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 6 | 86 782 689 | 89 974 925 |
| Берилген кредиттер | 7 | 7 519 897 | 7 438 576 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 8 | 43 009 884 | 34 359 544 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 9 | 251 313 | 312 535 |
| Негизги каражаттар | 10 | 1 741 359 | 1 809 043 |
| Материалдык эмес активдер | | 148 836 | 65 284 |
| Башка активдер | 11 | 1 718 734 | 1 945 210 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **161 109 510** | **147 715 003** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 12 | 91 104 265 | 74 838 799 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 13 | 20 609 050 | 25 724 792 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 14 | 9 235 231 | 8 048 904 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 15 | 5 212 268 | 5 243 448 |
| Алынган кредиттер | 16 | 925 499 | 1 718 629 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 17 | 8 311 236 | 7 863 988 |
| Башка милдеттенмелер | | 97 086 | 97 992 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **135 494 635** | **123 536 552** |
| **КАПИТАЛ** | 18 | | |
| Уставдык капитал | | 2 000 000 | 1 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 7 036 083 | 6 902 942 |
| Алтынды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 14 284 368 | 12 502 379 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | (6 425) | (4 007) |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 2 300 849 | 3 777 137 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **25 614 875** | **24 178 451** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **161 109 510** | **147 715 003** |

**Абдыгулов Т.С.**
***Улуттук банктын Төрагасы***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С.К.**
***Башкы бухгалтер***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

### *7.3. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдагы түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчет*

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31- декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 19 | 1 808 795 | 1 746 168 |
| Пайыздык чыгашалар | 19 | (220 564) | (188 833) |
| **Таза пайыздык киреше** | | **1 588 231** | **1 557 335** |
| Комиссиялык кирешелер | | 62 494 | 50 385 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (7 175) | (7 124) |
| **Таза комиссиялык киреше** | | **55 319** | **43 261** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камды (түзүү)/ калыбына келтирүү | 20 | (15 724) | 11 991 |
| Алтын жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 21 | 1 860 747 | 3 250 599 |
| Башка кирешелер | | 270 344 | 335 504 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **2 115 367** | **3 598 094** |
| **Операциялык кирешелер** | | **3 758 917** | **5 198 690** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (308 008) | (277 962) |
| Административдик чыгашалар | 22 | (947 598) | (931 741) |
| Башка чыгашалар | | (202 462) | (211 850) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(1 458 068)** | **(1 421 553)** |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **2 300 849** | **3 777 137** |

**Абдыгулов Т.С.**
***Улуттук банктын Төрагасы***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С.К.**
***Башкы бухгалтер***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат

## *7.4. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жылдагы чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет*

*(миң сом)*

| | 2017-жылдын 31- декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31- декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Жыл ичинде алынган пайда** | **2 300 849** | **3 777 137** |
| **Түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчеттун курамында кайра классификацияланышы мүмкүн болгон статьялар** | | |
| Чет өлкө валюталарын жана алтынды кайра баалоо камы: | | |
| - чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, алтынды кайра баалоодон таза пайда | 3 476 149 | (10 158 958) |
| - чет өлкө валютасы жана алтын менен операциялардан алынган, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | (1 694 160) | (2 815 141) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза пайда (чыгым) | (2 418) | 27 083 |
| **Жыл ичинде башка чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **1 779 571** | **(12 947 016)** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичинде чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **4 080 420** | **(9 169 879)** |



**Абдыгулов Т.С.**
***Улуттук банктын Төрагасы***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С.К.**
***Башкы бухгалтер***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат

### *7.5. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет*

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиялык төлөмдөр | | 1 289 552 | 2 083 518 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиялык төлөмдөр | | (175 630) | (129 495) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча өздөштүрүлгөн (реализацияланган) пайда | | 62 218 | 435 459 |
| Башка кирешелер | | 269 244 | 226 503 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | | (528 708) | (522 226) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (324 094) | (229 198) |
| Административдик чыгашалар | | (459 702) | (439 312) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | | **132 880** | **1 425 249** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/ азаюусу** | | | |
| Алтын | | (6 051 933) | (976 369) |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | | 9 232 838 | (8 341 930) |
| Берилген кредиттер | | (7 364 977) | (1 505 544) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | | (106 821) | (5 179 350) |
| Башка активдер | | (253 978) | (736 129) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү / (азаюусу)** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | | 16 265 465 | 16 440 784 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | | (5 084 688) | 7 372 321 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | | (1 722 130) | (10 993 668) |
| Операциялык иштин жүрүшүндө чыгарылган карыздык балуу кагаздар | | (31 180) | 3 117 419 |
| Башка милдеттенмелер | | (17 727) | (419) |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү** | | **4 997 749** | **622 364** |

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат

МАЗМУНУ

### *7.5. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет (уландысы)*

*(миң сом)*

| | Эскер-түүлөр | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге ээ болуу | | (185 788) | (332 171) |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр | | 64 352 | 1 072 800 |
| Төлөөгө чейин кармалып турган инвестициялардан алынган пайыздар | | 16 140 | 70 718 |
| Алынган дивиденддер | | 1 184 | 1 401 |
| **Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кириши/(агылып чыгышы)** | | **(104 112)** | **812 748** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | | |
| Алынган кредиттердин ордунун жабылышы | | (875 082) | (906 123) |
| **Финансылык иштен акча каражаттардын таза агылып чыгышы** | | **(875 082)** | **(906 123)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү** | | **4 018 555** | **528 989** |
| Чет өлкө валюта курстарынын өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири | | 1 319 383 | (7 359 614) |
| Жыл башына карата акча каражаттар жана алардын эквиваленттери | | 49 144 007 | 55 974 632 |
| **Жылдын акырына карата акча каражаттар жана алардын эквиваленттери** (6-түшүндүрмө) | | **54 481 945** | **49 144 007** |

**Абдыгулов Т.С.**
***Улуттук банктын Төрагасы***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С.К.**
***Башкы бухгалтер***

2018-жылдын 14-марты

Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат

МАЗМУНУ

### *7.6. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет*

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Алтынды жана чет өлкө валютала-рын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестиция-ларды кайра баа-лоо боюнча кам | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2016-жылдын 1-январына карата калдык | 1 000 000 | 4 940 164 | 25 476 478 | (31 090) | 6 542 591 | 37 928 143 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 3 777 137 | 3 777 137 |
| **Башка чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза пайда | - | - | - | 27 083 | - | 27 083 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, алтынды кайра баалоодон чыгым | - | - | (10 158 958) | - | - | (10 158 958) |
| Чет өлкө валютасы жана алтын менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (2 815 141) | - | - | (2 815 141) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы финансылык натыйжа | - | - | (12 974 099) | 27 083 | - | (12 947 016) |
| **Жыйынтыгында, жыл ичинде чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **(12 974 099)** | **27 083** | **3 777 137** | **(9 169 879)** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (4 579 813) | (4 579 813) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 1 962 778 | - | - | (1 962 778) | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **-** | **1 962 778** | **-** | **-** | **(6 542 591)** | **(4 579 813)** |
| **2016-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **1 000 000** | **6 902 942** | **12 502 379** | **(4 007)** | **3 777 137** | **24 178 451** |

## *7.6. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет (уландысы)*

*(миң сом)*

| | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Алтынды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2017-жылдын 1-январына карата калдык | 1 000 000 | 6 902 942 | 12 502 379 | (4 007) | 3 777 137 | 24 178 451 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 2 300 849 | 2 300 849 |
| **Башка чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан таза чыгым | - | - | - | (2 418) | - | (2 418) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, алтынды кайра баалоодон пайда | - | - | 3 476 149 | - | - | 3 476 149 |
| Чет өлкө валютасы жана алтын менен операциялар боюнча, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | (1 694 160) | - | - | (1 694 160) |
| Жыйынтыгында, чогуу алгандагы финансылык натыйжа | - | - | 1 781 989 | (2 418) | - | 1 779 571 |
| **Жыйынтыгында, жыл ичинде чогуу алгандагы финансылык натыйжа** | **-** | **-** | **1 781 989** | **(2 418)** | **2 300 849** | **4 080 420** |
| **Түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (2 643 996) | (2 643 996) |
| Уставдык капиталды толуктоо | 1 000 000 | (1 000 000) | - | - | - | - |
| Милдеттүү камга которуу | - | 1 133 141 | - | - | (1 133 141) | - |
| **Жыйынтыгында, түздөн-түз капитал курамында чагылдырылган операциялар** | **1 000 000** | **133 141** | **-** | **-** | **(3 777 137)** | **(2 643 996)** |
| **2017-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **2 000 000** | **7 036 083** | **14 284 368** | **(6 425)** | **2 300 849** | **25 614 875** |

**Абдыгулов Т.С.**
***Улуттук банктын Төрагасы***
2018-жылдын 14-марты, Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Алыбаева С.К.**
***Башкы бухгалтер***
2018-жылдын 14-марты, Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык отчеттун 107-163-беттеринде чагылдырылган түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат

### *7.7. 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

*(миң сом)*

## 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

### (а) Уюм жана анын негизги иши

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары “Улуттук банк”) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, 1992-жылдын 12-декабрында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аталышына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент) 2016-жылдын 16-декабрында “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамды кабыл алып, учурда Улуттук банктын ишин ал аркылуу жөнгө салып келет.

Кыргыз Республикасында баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн: мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө; мыйзамдарга ылайык банк ишин жана айрым башка финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо милдеттери Улуттук банкка жүктөлгөн. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары да иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Чүй пр. 168.

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын региондорунда Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 664 жана 692 адамды түзгөн.

Улуттук банк анда 100 пайыздык үлүшкө ээ болгон “Кыргыз инкассациясы” ЖАК анын туундуу уюму болуп саналат. Мындан тышкары, Улуттук банк “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАК ассоциацияланган компаниясына инвестицияга ээ. Улуттук банктын отчетуна анчалык деле таасир эте албаганыдктан “Кыргыз инкассациясы” жана “Банктар аралык процессинг борбору” ЖАКтын финансылык отчеттору Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт.

Финансылык отчет Улуттук банк Башкармасында 2018-жылдын 14-мартында бекитилген.

# 1 НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР, УЛАНДЫСЫ

## (б) Операциялык чөйрө

Кыргыз Республикасында акыркы жылдары саясый, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүрүүдө. Рыногу жаңыдан калыптанып келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирген Кыргыз Республикасы азырынча экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөргө мүнөздүү болгон коммерциялык жана жөнгө салуучу өнүккөн инфраструктурага жетиштүү деңгээлде ээ боло албай келет. Ушундан улам, республикада ишке ашырылып жаткан финансылык-чарбалык иштер, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктер менен коштолууда. Республиканын экономикасы эл аралык капитал рынокторунда орун алып турган туруксуз жагдайлардын таасирине да дуушарланууда. Орун алып турган белгисиздик жагдайларынын келечекте аныкталышы натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолор, бул финансылык отчетто камтылбайт. Корректировкалоолор келип чыккан шартта алар Улуттук банктын ошол мезгил үчүн финансылык отчетунда чагылдырылат жана маалым болгон шартта гана аларга баа берүүгө мүмкүн болот.

# 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

## (а) ФОЭСке ылайык келүү жөнүндө билдирүү

Улуттук банк төмөндө баяндалган мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзам талабына ылайык өзү үчүн Финансылык отчеттун эл аралык стандарттары боюнча комитет (КМСФО) тарабынан сунушталган финансылык отчеттун эл аралык стандарттарына жана Финансылык отчеттун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитеттин (КИМСФО) чечмелөөлөрүнө негизденген эсепке алуу саясатын, ошондой эле бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын белгилейт.

Алтын рыноктук наркында эсепке алынат. Ал эми алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) пайда түздөн-түз өздүк капитал курамында таанылат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон өздөштүрүлбөгөн жалпы таза чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, өткөн мезгилдердин таза өздөштүрүлбөгөн пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал түздөн-түз капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени азайтат. Алтынды жана чет өлкө валютасындагы активдерди, милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, аталган активдердин жана милдеттенмелердин колдонуудан калуусунун орточо алынган коэффициентин эске алуу менен таанылат.

Бул финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын 10-декабрында бекитилген, бир катар түзөтүүлөр, анын ичинде акыркы түзөтүү 2017-жылдын 27-декабрында киргизилген, борбордук банктын иш мүнөзүнө ылайыктуу катары каралган эсепке алуу саясатына ылайык, борбордук банктын финансылык абалын, анын иш натыйжаларын так чагылдыруу максатында даярдалган.

## 2 ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Наркты аныктоо базасы

Финансылык отчет, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган 1) алтынды, 2) финансылык инструменттерди жана 3) адилет наркы боюнча чагылдырылган сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принциптерине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта

Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп кыргыз сому саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы катары сом, банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана банктын ишине таасир эткен башка жагдайлардын экономикалык маңызын толук чагылдыра алат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта да болуп эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана миңге чейин тегеректелген.

### (г) Кесипкөйлүк ой-пикирлерге, эсептик баа берүүлөргө жана жол берүүлөргө таянуу

Жетекчилик, активдердин жана милдеттенмелердин чагылдырылышына жана ушул отчетту даярдоодо шарттуу активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата бир катар баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду пайдаланат. Айкын натыйжалар көрсөтүлгөн баа берүүлөрдөн айырмаланышы мүмкүн. Жетекчиликтин пикири боюнча, ушул финансылык отчетту даярдоодо кесипкөйлүк ой-пикирлерди же эсептик баа берүүлөрдү талап кылган олуттуу чөйрө жок.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ

Эсепке алуу саясатынын мындан ары баяндалган жоболору, ушул финансылык отчетто чагылдырылган бардык отчеттук мезгилдерде ырааттуу колдонулат.

### (а) Алтын

Бул жерде чет өлкө банктарындагы эсептерде жайгашкан жана Улуттук банктын сактоо жайындагы good delivery статусуна ээ алтын куйма түрүндөгү баалуу металл (алтын) чагылдырылган. Алтын финансылык отчетто рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан отчеттук күнгө чейинки күнү белгиленген фиксингдин негизинде аныкталат. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда, капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешенин курамында түздөн-түз чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда, капитал эсептериндеги чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга тиешелүү өздөштүрүлгөн пайда же чыгым, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда эске алынат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер, отчеттук күнү күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, натыйжалуу пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизациялык нарк менен бир мезгил ичиндеги төлөөлөрдүн жана отчеттук мезгилдин акырына карата валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизациялык нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда, чогуу алгандагы башка кирешелер курамында таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан өздөштүрүлгөн пайда же чыгым түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

*Алмашуу курстары*

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык отчетторду даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 68,8395 | 69,2301 |
| - Сом/евро | 82,5936 | 72,8439 |
| - Сом/атайы карыз алышуу укугу | 97,9656 | 92,7744 |
| - Сом/канада доллары | 55,0152 | 51,3139 |
| - Сом/австралия доллары | 53,8477 | 49,9703 |
| - Сом/англия фунт стерлинги | 93,1320 | 85,0769 |
| - Сом/кытай юаны | 10,5900 | 9,9647 |
| - Сом/норвегия кронасы | 8,3854 | 8,0189 |
| - Сом/ алтындын трой унциясы | 90 517,0586 | 80 244,6089 |

## (в) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Кассада турган улуттук валютадагы акча каражаттар жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар суммасынан алынып салынат.

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттар жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын, банктардагы бош калдыктарды (“ностро” түрүндөгү эсептерди) камтыйт.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### (г) Финансылык инструменттер

*Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде түшкөн пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган финансылык инструменттер* финансылык активдерди же милдеттенмелерди түшүндүрүп, алар төмөнкү жагдайлардан улам келип чыгат:

- сатылып алынат же эң башкысы, жакынкы келечекте сатуу же сатып алуу максатында келип чыгат;

- биргелешип тескөөгө алынган жана ал боюнча кыска аралыкта пайда алынышы мүмкүндүгү далилденген идентификацияланган финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналат;

- туунду инструмент болуп саналат (хеджирлөө инструменти катары түзүлгөн жана иш жүзүндө колдонулган туунду финансылык инструменттерди эске албаганда); же

- өзгөрүүсү баштапкы таануу учурунда бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныкталгандар болуп саналса.

Улуттук банк финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди, эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында классификациялашы мүмкүн:

- активдерди же милдеттенмелерди тескөө, аларга баа берүү жана ички отчеттордо чагылдыруу адилет нарктын негизинде жүзөгө ашырылат;

- мындай ыкма бухгалтердик эсепке алууга ылайык келбөө учурларын толугу менен же кыйла четтетет, алар башкача да болушу мүмкүн; же

- актив же милдеттенме тизмектелген туунду финансылык инструменттерди камтыйт, алар акча каражаттарынын агымын олуттуу өзгөртөт, эгерде алар орун албаса, келишим боюнча келип чыгышы ыктымал.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

Соода үчүн каралган, алгылыктуу адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто актив катары чагылдырылат. Соода үчүн каралган, терс адилет наркка ээ бардык туунду финансылык инструменттер финансылык отчетто милдеттенмелер катары чагылдырылат. Жетекчилик баштапкы таануу учурунда финансылык инструмент чегерилүүгө тийиш болгон категорияны аныктайт. Туунду финансылык инструменттер жана баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланган категорияга чегерилген финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан реклассификацияланбайт. Эгерде финансылык активдер кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына жооп берсе, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан же Улуттук банк жакынкы келечекте же алардын төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ошол активдерди кармап турууга ниеттенип жана ага мүмкүнчүлүгү болсо, сатуу үчүн колдо болгон активдер категориясынан реклассификацияланышы мүмкүн. Башка финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан айрым учурларда гана реклассификацияланышы мүмкүн. Адаттагыдан башка, бир жолу болуп өтүүчү, жакынкы келечекте кайталанышы арсар болгон жагдайларды, сейрек кездешүүчү учур катары кароо зарыл.

Улуттук банк төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну көздөп жаткандарды эске албаганда, *кредиттер жана дебитордук карыздар, жигердүү иштеп жаткан рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт*:

- дароо же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жаткандарды;

- баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктагандарды;

- баштапкы таануу учурунда сатуу үчүн колдо болгон категорияда аныктагандарды; же

- Улуттук банк алар боюнча кредиттин баасынын түшүүсүнөн башка себептерден улам, алгач ишке ашырылган бардык инвестициялардын ордун жаба албашы мүмкүн.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар,* Улуттук банк төмөндө келтирилген учурларды эске албаганда, аларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон, катталган же аныкталган төлөмдөрү, ошондой эле катталган төлөө мөөнөтү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- Улуттук банк баштапкы таануу учурунда, пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча бааланган категориясында классификациялагандарды;

- Улуттук банк сатуу үчүн колдо болгондор категориясында аныктагандарды; же

- кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына ылайык келгендерди.

*Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, сатуу үчүн колдо болгон категориясында аныкталган же кредиттер жана дебитордук карыздар, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар же алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер аныктамасына кирбеген, туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт.*

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(i) Финансылык инструменттердин финансылык отчетто таанылышы*

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер, Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструменттерге карата тарап катары иш алып барган шартта Улуттук банктын финансылык абал жөнүндө отчетунда чагылдырылат. Улуттук банк, финансылык активдерди жана милдеттенмелерди утурумдук мүнөзгө ээ экендигинен улам, бүтүмгө келишилген күн боюнча чагылдырат.

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо*

*Финансылык актив же милдеттенме алгач адилет наркы боюнча бааланат плюс эгерде алардын* өзгөрүүсү бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча эмес бааланган финансылык активдер же милдеттенмелер, финансылык активдерди же милдеттенмелерди сатып алууга же чыгарууга чегерилген бүтүмдөр боюнча түздөн-түз сарптоолор.

Активдер болуп саналган туунду финансылык инструменттерди кошо алганда, финансылык активдерди баштапкы таануудан кийин алар төмөнкүлөрдү эске албаганда, сатуунун же башка негизде колдонуудан калуунун натыйжасында бүтүмдөр боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир сарптоолорду эсептен алып салуусуз адилет наркы боюнча бааланат:

- натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча бааланган кредиттер жана дебитордук карыздар;

- натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган нарк боюнча бааланган, төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар;

- активдүү иш алып барган рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон, адилет наркын жетиштүү деңгээлде ишеним менен аныктоо мүмкүн болбогон үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган финансылык милдеттенмелерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, таанууну токтотуу критерийлерине жооп бербеген финансылык активди которуу учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелерди эске албаганда, бардык финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

Финансылык активдин же милдеттенменин амортизацияланган наркы, ал боюнча финансылык актив же милдеттенме баштапкы таануу учурунда бааланган, баштапкы таанылган нарк менен натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу аныкталган, төлөө учурундагы нарк ортосундагы айырманын топтолгон амортизациясынын өлчөмүнө корректировкаланган карыздын негизги суммасын төлөөнү, ошондой эле баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы таануу учурунда бааланган наркты түшүндүрөт. Сый акы жана дисконттор өлчөмү, ошондой эле бүтүмдөр боюнча сарптоолордун суммасы тиешелүү инструменттин баланстык наркына кошулуп, ошол инструменттин натыйжалуу пайыздык ченине жараша амортизацияланат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(iii) Адилет нарк боюнча баа берүү принциби*

Адилет нарк, активдерди сатуу учурунда алынышы же рынок катышуучулары ортосунда өз эрки боюнча операцияларды жүргүзүү учурунда баалоо күнүнө карата милдеттенмелерди өткөрүлүп берилиши шартында төлөнүшү мүмкүн болгон бааны түшүндүрөт.

Улуттук банк инструменттин адилет наркын негизги рыноктогу ошол инструменттин котировкаларын пайдалануу менен баалоого аракеттенет, ал эми негизги рынок жок болсо, ошол актив же милдеттенме үчүн эң эле алгылыктуу болгондорду пайдаланат.

Эгерде бааны түздөн-түз байкоого алуу аркылуу аныктоо мүмкүн эмес болсо, Улуттук банк адилет наркты баа берүүнүн башка ыкмасын колдонуу менен аныктайт. Баа берүү ыкмаларында бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз тараптар тарабынан (эгерде болгон болсо) жакында эле ишке ашырылган бүтүмдөргө карата маалыматтарды, маңызы боюнча ушундай эле инструменттердин адилет наркына шилтемелерди, акча каражаттарынын дисконттолгон агымына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдү, ошондой эле опциондордун наркына баа берүү үлгүлөрүн камтыйт. Баа берүүнүн тандалып алынган ыкмаларында рыноктук маалыматтарды мүмкүн болушунча колдонуп, Улуттук банк үчүн мүнөздүү болгон баа берүүлөргө азыраак таянуу менен рынок катышуучулары баа түзүүдө эске алууга тийиш болгон бардык факторлорду камтыйт. Ошондой эле ал, экономикада финансылык инструменттердин баасын түзүүгө карата колдонулган ыкмаларга ылайык келүүгө тийиш. Баа берүү ыкмаларында колдонулган маалыматтар рынокто болжолдонгон жагдайларды жана тобокелдик факторлоруна баа берүүлөрдү, ошондой эле финансылык инструментке мүнөздүү болгон кирешелүүлүктөрдү шайкеш чагылдырат.

Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда адилет нарктын эң мыкты тастыктоосунан болуп бүтүмдүн баасы саналат, башкача айтканда аларга тиешелүү маалыматтар жеткиликтүү болгон же алардын адилет наркы өзгөрүлмөлүүлөрү рыноктук маалыматтарды гана камтыган, баа берүү ыкмасына негизденген инструменттер менен рынокто келишилген башка бүтүмдөргө (эч кандай модификациялоосуз же комбинацияларсыз) салыштыруу аркылуу инструменттин адилет наркы тастыкталган учурларды эске албаганда, төлөнгөн же алынган ордун толтуруп берүүлөрдүн адилет наркы. Эгерде бүтүмдөрдүн баасы баштапкы таануу учурундагы адилет нарктын эң мыкты далилинен боло алса, финансылык инструмент алгач бүтүм баасынын негизинде бааланат жана баалоо үлгүлөрүн колдонуунун натыйжасында алгач алынган нарк менен ошол баа ортосунда келип чыккан кандай болбосун айырма, кийинчерээк инструмент колдонулган мезгил ичиндеги түшкөн пайда же чыгымдын курамында тиешелүү түрдө чагылдырылат, бирок баа берүүлөр жеткиликтүү рыноктук маалыматтар менен толук тастыкталган же бүтүм токтотулган учурдан кеч эмес чагылдырылышы зарыл.

Эгерде, Улуттук банк бирин-бири компенсациялоочу позицияга ээ болсо, мындай позицияларга баа берүү үчүн рыноктук орточо баа колдонулат. Мында, талап же сунуш баасына чейин корректировкалоо түптөлгөн айкын жагдайга ылайык таза ачык позицияга карата гана ишке ашырылат. Адилет нарк инструментке карата кредиттик тобокелдикти чагылдырып, Улуттук банктын курамына кирген уюмдардын жана зарылчылык келип чыкса, контрагенттин кредиттик тобокелдигин эске алуу үчүн корректировкалоолорду камтыйт. Үлгүлөрдү пайдалануу менен алынган адилет наркка баа берүүлөр, эгерде Улуттук банк рынок катышуучусу үчүнчү жак болуп саналат деп болжолдоп, аларды бүтүмгө келишүү учурунда баа түзүү үчүн эске алышы мүмкүн болсо, ликвиддүүлүк тобокелдиги же үлгүлөрдүн аныкталбагандыгы факторлору сыяктуу кандай болбосун башка факторлорго карата корректировкаланат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(iv) Кийинки баа берүү учурунда келип чыккан пайдалар же чыгымдар*

Финансылык активдердин же милдеттенмелердин адилет наркынын өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда же чыгым төмөнкүчө чагылдырылат:

- адилет нарк боюнча баалангандар категориясында классификацияланган, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструмент боюнча пайда же чыгым, пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат;

- сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайда же чыгым, буга чейин капиталдын курамында чагылдырылып келинген топтолгон пайдалар же чыгымдар, пайда же чыгым курамына которулган учурда, активди таануу токтотулган учурга чейин капиталдын курамындагы чогуу алынган башка киреше катары чагылдырылат (баанын түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгымдарды эске албаганда). Сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайыздык кирешелер натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен пайдалар же чыгымдар курамында келип чыккан учурунда чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылган финансылык активдерден жана милдеттенмелерден улам келип чыккан пайда же чыгым, финансылык активди же милдеттенмени таануу токтотулган же алардын нарксызданышы учурунда, ошондой эле тиешелүү амортизацияны чегерүү процессинде пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат.

### *(v) Таанууну токтотуу*

Улуттук банк финансылык активди таанууну, ошол финансылык актив боюнча акча каражаттарынын агымына келишимде каралган укугу токтотулган шартта же анда башка тарапка ошол финансылык активге менчик укугуна байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктер жана пайдалар өткөрүлүп берилген же Улуттук банк анда ошол финансылык активге менчикке укукка байланыштуу бардык тобокелдиктердин жана пайдалардын олуттуу бөлүгүн өткөрүп бербеген, сактап калбаган, ошондой эле ошол финансылык активге контролдукту да сактап кала албаган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруунун натыйжасында ал финансылык активди өткөрүп берген учурда гана таанууну токтотот. Аларга карата таанууну токтотуу үчүн бардык талаптар сакталган, Улуттук банк тарабынан түзүлгөн же анда сакталып калган өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуунун кандай болбосун үлүшү, финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө актив же милдеттенме катары таанылат. Улуттук банк ал боюнча келишимдик милдеттенмелер аткарылып, жокко чыгарылып же токтотулган шартта, финансылык милдеттенмени таанууну токтотот.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

**(г) Финансылык инструменттер, уландысы**

***(v) Таанууну токтотуу, уландысы***

Эгерде Улуттук банк анын шарттарына ылайык финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган активдерди өткөрүп берген бүтүмдөргө келишсе, бирок мында өткөрүлүп берилген активдерге менчикке укуктан улам келип чыккан тобокелдиктердин жана пайданын бардыгын же алардын бөлүгүн өзүндө сактап калган болсо, Улуттук банк өткөрүлүп берилген активдерди таанууну токтотпойт.

Улуттук банк анын шарттарына ылайык, финансылык активге менчикке укуктан келип чыккан дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүндө сактап кала албаган, өткөрүп бере да албаган бүтүмдөргө келишүүдө Улуттук банк ошол активге контролдукту жоготкон болсо, мындай активди таануу токтотулат.

Эгерде, активди өткөрүп берүүдө Улуттук банк ага контролдукту өзүндө сактап калса, ал ошол активге канчалык деңгээлде катышкан болсо, ошол деңгээлде активди таанууну улантат. Мында ал, Улуттук банктын анын наркынын өзгөрүүсүнө дуушарлануусу деңгээли катары аныкталат.

Эгерде Улуттук банк, өзүнүн карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда алар финансылык абал жөнүндө отчеттон алынып салынат, мында милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруп берүүнүн ортосундагы айырма мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн милдеттенмеден алынган пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп таанылган активдерди эсептен алып салат.

***(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер***

Кайтара сатып алуу милдеттенмелери менен сатуу келишимдеринин алкагында сатылган баалуу кагаздар (“репо” бүтүмдөрү), баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыз кылынган каржылоону тартуу боюнча операция катары чагылдырылат. Мында баалуу кагаздарды финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдыруу улантылып, ал эми “репо” бүтүмдөрү боюнча кредитордук карыздардын курамына кирген, контрагенттер алдындагы милдеттенмелер банктардын эсептеринин жана депозиттеринин курамында же жагдайга жараша кардарлардын күндөлүк эсептеринин жана депозиттеринин курамында чагылдырылат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык чыгашаларды түшүндүрүп, натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен репо бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында сатылып алынган (“кайтарым репо” бүтүмдөрү), “кайтарым репо” бүтүмдөрү боюнча дебитордук карыздардын курамына кирген баалуу кагаздар банктарга берилген кредиттер жана аванстар же жагдайга жараша кардарларга берилген кредиттер курамында чагылдырылат. Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык кирешени түшүндүрүп, натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен репо бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында алынган активдер үчүнчү тарапка сатылган болсо, баалуу кагаздарды кайтарып берүү милдеттенмеси соода үчүн каралган милдеттенме катары чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (г) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(vii) Туундуу финансылык инструменттер*

Туундуу финансылык инструменттер өзүндө “своп бүтүмдөрүн”, мөөнөттүү жана фьючерстик бүтүмдөрдү, пайыздык чендерге опциондорду, чет өлкө валюталарын, алтынды жана баалуу кагаздарды, ошондой эле аталган инструменттердин кандай болбосун комбинацияларын камтыйт.

Туунду финансылык инструменттер алгач, бүтүмгө келишкен күнү адилет наркы боюнча чагылдырылып, кийинчерээк адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Бардык туунду финансылык инструменттер, эгерде алардын адилет наркы алгылыктуу болсо актив катары, ал эми адилет наркы терс чыкса милдеттенме катары чагылдырылат.

Туунду финансылык инструменттердин адилет наркынын өзгөрүүсү түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда түздөн-түз таанылат.

## (д) Негизги каражаттар

### *(i) Өздүк активдер*

Негизги каражаттар объекттери финансылык отчетто, топтолгон амортизацияны жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымды эсептен алып салуу менен айкын сарптоолору боюнча чагылдырылат. Эгерде, негизги каражаттардын объектиси ар кандай пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация пайдалуу кызмат өтөөнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектти сатып алган күндөн тартып чегерилет, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттардын объекттери үчүн анын курулушу аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда чегерилет. Жер участкалары боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | |
|---|---|
| - имараттар | 75 жыл |
| - курулмалар | 20 жыл |
| - эмерек жана жабдуулар | 5-7 жыл |
| - компьютердик жабдуулар | 7 жыл |
| - транспорттук каражаттар | 7 жыл |

## (е) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептеп алып салгандан кийин айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайы программалык камсыздоолорго лицензияларды алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында эске алынат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация алардын пайдалуу кызмат өтөшүнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде, бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү 5 жылды түзөт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер эң башкысы, кредиттерден жана башка дебитордук карыздардан турат (мындан ары “кредиттер жана дебитордук карыздар”). Улуттук банк баанын түшүүсүн аныктоо максатында, кредиттерге жана дебитордук карыздарга баа берүүнү туруктуу негизде ишке ашырып турат. Кредит же дебитордук карыз нарксызданат, ушундан улам келип чыккан чыгым, кредитти же дебитордук карызды баштапкы таанудан кийинки бир же бир нече окуялардын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдери орун алса жана ошол жагдайлар (же окуя) кредит боюнча акча каражаттарынын болжолдонуп жаткан болочоктогу агымына таасир этип, анын канчалык деңгээлде ишенимдүү экендигине баа берүү мүмкүн болгон шартта гана келип чыгышы ыктымал.

Финансылык активдин же активдер тобунун баасынын түшүүсүнө түрткү берген объективдүү себептерге байланыштуу Улуттук банкка эмитенттин же карыз алуучунун оор финансылык жагдайга кабылгандыгы, дефолтко дуушар болуп же негизги карыз же пайыздар боюнча төлөмдү кечиктиргендиги сыяктуу келишим шарттарын бузууга жол бериши маалым болсо; Улуттук банк экономикалык себептерден же келишим шарттарынан улам ошол карыз алуучу финансылык кыйынчылыкка дуушар болушу себебинен ага эпке көнүүгө баргандыгы, ошондой эле карыз алуучунун банкрот болушу же башка негизде финансылык жактан өзгөртүлүп түзүлүшү ыктымалдыгы орун алса, финансылык кыйынчылыктардын кесепетинен ошол актив үчүн жигердүү иш алып барган рыноктун жоктугу же аларды баштапкы таануудан кийин финансылык активдер тобу боюнча келечекте түшүүчү акча агымынын суммасынын азайышын тастыктаган маалыматтар орун алса жана алар чыгымга алып келсе, финансылык активдер амортизациялык наркы боюнча чагылдырылат.

Улуттук банк алгач өз-өзүнчө олуттуу болуп саналган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринин бардыгына өзүнчө баа берет жана өз-өзүнчө олуттуу болуп саналбаган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча да өзүнчө же чогуу баа берет. Эгерде Улуттук банк, өз-өзүнчө баа берилген кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдердин олуттуу же жок экендигин аныктаса, кредит кредиттик тобокелдиктин ушундай эле мүнөздөмөсү менен кредиттер жана дебитордук карыздар тобуна кошулат жана ага активдер тобунун курамында баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде бааланат. Баанын түшүүсү көз карашынан өз-өзүнчө бааланган, алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым келип чыгып же ал орун алып турган кредиттер жана дебитордук карыздар баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде баа берүүдө камтылбайт.

Кредит жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдын келип чыккандыгы тууралуу объективдүү далилдер орун алган учурда чыгымдын суммасы, кредиттин же дебитордук карыздардын баланстык наркы жана кредит же дебитордук карыздар боюнча баштапкы натыйжалуу пайыздык ченди колдонуу менен дисконттолгон гарантиялардын жана камсыздоолордун орду толтурулуп берилген наркын кошо алганда, акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айырма катары өлчөнөт. Келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарынын агымы жана ошол учурда орун алып турган экономикалык шарттарды чагылдырган колдо болгон тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган чыгымга учуроонун калыптанган тажрыйбасы, акча каражаттарынын болжолдонгон агымын аныктоонун негизи катары кызмат кылат.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын аныктоо үчүн колдо болгон зарыл маалыматтар бир катар учурларда чектелген мүнөздө болуп, учурда түптөлгөн шарттарга жана жагдайларга анчалык дал келбеши мүмкүн. Мындай жагдай, эгерде карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга туш болуп, ал эми мындай карыз алуучулар боюнча маалыматтар көлөмү чектелүү болгон шартта, орун алышы ыктымал. Мындай учурда Улуттук банк баанын түшүүсүнөн чыгым суммасын аныктоодо өз иш тажрыйбасына таянат.

Кредиттердин жана дебитордук карыздардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, түшкөн пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат, эгерде кийинчерээк орду жабылган нарктын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү негизде байланыштуу болгон шартта гана калыбына келтирилет.

Кредит боюнча карызды өндүрүп алуу мүмкүн болбогон шартта, кредит баанын түшүүсүнө тиешелүү камдын (резервдин) эсебинен алынып салынат. Мындай кредиттер (жана кредиттердин баасынын түшүүсүнө башка тиешелүү камдар) жетекчилик кредиттер боюнча карызды өндүрүү мүмкүн эмес экендигин аныктап, кредиттер боюнча карызды өндүрүүгө тиешелүү бардык зарыл жол-жоболор аяктагандан кийин гана эсептен алынып салынат.

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер сатуу үчүн колдо болгон жана адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык активдердин курамына кирген котировкаланбаган үлүштүк инструменттерди камтыйт. Анткени, алардын адилет наркы жетиштүү ишенимдүүлүктө аныкталышы мүмкүн эмес. Мындай инвестициялардын баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү белгилери орун алган шартта, баанын түшүүсүнөн чыгым, инвестициялардын баланстык наркы менен ушундай эле финансылык активдер боюнча пайданын учурдагы рыноктук нормасын колдонуу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымынын ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айрыма катары эсептелинет.

Ушул инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, пайда же чыгым курамында чагылдырылып, калыбына келтирилбейт.

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

## (ж) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, башка чогуу алгандагы кирешенин курамында таанылган, топтолгон чыгымды кайра классификациялануучу корректировкалоо катары пайданын же чыгымдын курамына которуу аркылуу таанылат. Башка чогуу алгандагы кирешенин курамынан пайда же чыгым курамына кайра классификацияланган топтолгон чыгым, негизги суммаларды жана амортизацияларды кандай болбосун төлөөлөрдү эсептен алып салгандан кийинки сатып алуу наркы менен буга чейин пайда же чыгым курамында таанылган, баанын түшүүсүнөн чыгымды эсептен алып салгандан кийинки учурдагы адилет нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Акчанын убактылуу наркына чегерилген, баанын түшүүсүнө камдын өзгөрүүсү пайыздык кирешенин компоненти катары чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон үлүштүк баалуу кагазга инвестициялардын адилет наркынын олуттуу же ошол баалуу кагаздар боюнча айкын сарптоолордон төмөн наркка чейин узакка созулган төмөндөөсү, баанын түшүүсүнүн объективдүү далилинен болуп саналат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркы кийинчерээк өсүп жана анын көбөйүүсү пайда же чыгым курамында баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым калыбына келтирилип, калыбына келтирилген өлчөм пайда же чыгым курамында таанылат. Бирок, сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркынын кандай болбосун кийинки калыбына келиши, башка чогуу алгандагы киреше курамында таанылат.

### *(iv) Финансылык эмес активдер*

Калтырылган салыктардан айырмаланган башка финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынган баалуулуктарды эсептен алып салгандан кийинки адилет нарктын эң чоң өлчөмү саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, салык алууга чейинки дисконттоо чендерин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына карата дисконттолуп, алар акча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон акча каражаттарынын агымын шарттабаган активдер үчүн орду толтурулуп берилүүчү нарк, актив тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылат.

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар пайда же чыгым курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылган наркты аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин баасынын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгым калыбына келтирилүүгө тийиш, бирок анын шартында активдин баланстык наркы баанын түшүүсүнөн чыгым финансылык отчетто чагылдырылбай калышынан улам келип чыккан мына ошондой эле баланстык нарктан ашпаган көлөмдө калыбына келтирилет (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен).

# 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

**(з) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар**

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө отчетто номиналдык наркы боюнча эсепке алынат. Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар милдеттенмелер катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса түйүндөрүндө турган улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда өзүнчө статья катары чагылдырылат.

**(и) Уставдык капитал жана камдар**

Улуттук банк катталган суммадагы уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам, пайданын бөлүгүн мыйзамда белгиленгендей эле, мамлекеттик бюджетке чегерүүдөн кийинки таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү камдар баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

**(к) Салык алуу**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Улуттук банк жүзөгө ашырган ишке чегерилген, бюджетке бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык ишке ашырылат. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

***(л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы***

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунда, натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу алардын чегерилишине жараша чагылдырылат. Натыйжалуу пайыздык чен ыкмасы дегенден улам, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө, ошондой эле пайыздык кирешелерди же пайыздык чыгашаларды тиешелүү мезгилге чегерүү ыкмасын түшүнүү зарыл. Натыйжалуу пайыздык чен – бул, келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү анын жардамы аркасында финансылык инструменттин таза утурумдук наркына ылайыкташтырылган чен. Мында, дисконттоо финансылык инструменттин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү ичинде же аны колдонуу мүмкүн болсо, кыйла кыска мөөнөткө жүргүзүлөт.

Эгерде финансылык актив, баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдан улам эсептен алынып салынган (жарым жартылай) болсо, пайыздык киреше келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

## 3 ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, УЛАНДЫСЫ

### *(л) Кирешелердин жана чыгашалардын финансылык отчетто таанылышы,* уландысы

Кредиттердин берилиши уюштурулушу үчүн комиссиялык төлөм, кредиттердин тейлөөгө алынышы үчүн комиссиялык төлөм жана кредиттер боюнча жалпы кирешелердин ажырагыс бөлүгү катары каралган башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле бүтүмдөр боюнча тиешелүү сарптоолор келечекте алынуучу киреше катары чагылдырылып, финансылык инструмент колдонулган, болжолдонгон мөөнөт ичиндеги пайыздык киреше катары, натыйжалуу пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланат.

Башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар, тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайда же чыгым курамында чагылдырылат.

Операциялык ижара келишимдери боюнча төлөмдөр, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетунун курамында, ижара аракеттенген мөөнөт аралыгына бирдей ченемде таанылат. Эгерде орун алган болсо, алынган жеңилдиктердин суммасы ижара аракеттенген бүтүндөй мөөнөт ичинде, ал боюнча чыгашалардын жалпы өлчөмүн азайтат.

### (м) Фидуциардык активдер

Улуттук банк, үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан көрүнгөн агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт. Бул активдер жана аларга байланыштуу кирешелер Улуттук банктын активи болуп саналбагандыктан, финансылык отчеттон алынып салынат.

### (н) Өз ара чегеришүү

Финансылык активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилишет, финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылган суммалардын өз ара чегеришүү жүргүзүү юридикалык жактан бекитилген укугу, ошондой эле өз ара чегеришүү жүргүзүү же болбосо бир учурда активди ишке ашыруу жана милдеттенмени аткаруу ниети болгон учурларда гана таза өлчөм чагылдырылат.

Бул ФОЭСке ылайык уруксат берилген учурлардан тышкары, кирешелер жана чыгашалар пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө отчетто өз ара чегерилбейт.

## 4 ЖАҢЫ ЖАНА КАЙРАДАН КАРАЛЫП ЧЫККАН СТАНДАРТТАРДЫ КОЛДОНУУ

### (а) Жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттар

Улуттук банк финансылык отчетту даярдоодо өз ишинде колдонгон жана 2016-жылдын 1-январынан башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген бардык жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттарды кабыл алган. Жаңы стандарттар Улуттук банктын финансылык отчетуна олуттуу деле таасир эткен эмес.

## 4 ЖАҢЫ ЖАНА КАЙРАДАН КАРАЛЫП ЧЫККАН СТАНДАРТТАРДЫ КОЛДОНУУ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Жаңы жана кайрадан каралып чыккан, бирок күчүнө кире элек стандарттар

Жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2017-жылдын 1-январына карата абал боюнча күчүнө кире элек экендигинен улам, алар ушул финансылык отчетту даярдоодо колдонулган эмес.

Ушулардын ичинен төмөндө келтирилген Жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттар, аларга карата түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр, Улуттук банктын ишине потенциалдуу таасир этиши мүмкүн. Улуттук банк бул стандарттарды күчүнө кирген учурдан тартып колдонууну пландаштырууда.

ФОЭСтин (IFRS) “*Финансылык инструменттер”* деп аталган 9-стандарты 2018-жылдын 1-январында же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата күчүнө кирет. Жаңы стандарт баанын түшүүсүнөн чыгымдарды кошо алганда, финансылык активдерди классификациялоо жана баа берүү боюнча кайра каралып чыккан көрсөтмөлөрдү камтыйт жана ал хеджирлөөнү эсепке алуунун жаңы принциптерин толуктайт. Улуттук банк жаңы стандартты 2018-жылдын 1-январынан тартып кабыл алууга ниеттенүүдө. Жаңы стандартын кабыл алынышы ФОЭС (IFRS) 9 стандартынын алкагындагы бизнес-үлгүлөргө (модель) ылайык финансылык инструменттерди классификациялоого жана Улуттук банктын финансылык активдеринин баасынын түшүүсү боюнча 2018-жылдын 1-январына карата кам түзүүгө олуттуу таасир этиши мүмкүн. ФОЭС (IFRS) 9 өтүү иши аяктоо баскычында турууда.

*ФОЭСтеги башка өзгөртүүлөр*

КМСФО төмөнкүдөй жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттарды киргизген, алар жетекчиликтин баа берүүсү боюнча алгачкы колдонуу баскычында Улуттук банктын финансылык отчетуна олуттуу деле таасир этпейт:

- ФОЭСтин (IFRS) “Кардарлар менен келишимдерден түшүүлөр” деп аталган 15-стандарты (жана ФОЭС 15 карата түзөтүүлөр);
- ФОЭСтин (IFRS) “Ижара” деп аталган 16-стандарты;
- ФОЭСтин (IFRS) “Классификация жана акциялардын негизинде төлөөлөр боюнча операцияларга баа берүү” деп аталган 2-стандартына карата түзөтүүлөр;
- ФОЭС (IFRS) 10 жана ФОЭС (IAS) “Инвестор менен анын ассоциацияланган уюму же биргелешкен ишкана ортосунда келишилген бүтүмдөрдө активдерди сатуу же салуу” деп аталган 28-стандартка карата түзөтүүлөр;
- ФОЭСтин (IFRS) “ФОЭСтин (IFRS) “Камсыздандыруу келишимдери” деп аталган 4-стандарты менен бирге ФОЭСтин (IFRS) “Финансылык инструменттер” деп аталган 9-стандартын колдонуу» деп аталган 4-стандартына карата түзөтүүлөр;
- КСМФОнун (IFRIC) “Чет өлкө валютасындагы операциялар жана ордун жабууну алдын ала төлөөлөр” деп аталган 22-стандарты;
- ФОЭСтин (IAS) “Инвестициялык кыймылсыз мүлк объекттерин которуу” деп аталган 40-стандарты;
- КРМФОнун IFRIC) “Пайда салыгынын эсебин жүргүзүүгө карата белгисиздик жагдайы” деп аталган 23-стандарты;
- ФОЭСтин (IAS) “Ассоциацияланган уюмдарга жана биргелешкен ишканаларга узак мөөнөттүү салымдар” деп аталган 28-стандарты;
- ФОЭСтин (IAS) “Камсыздандыруу келишимдери” деп аталган 17-стандарты.

# 5 АЛТЫН

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептерде турган алтын** | | |
| Депозитке салынган алтын | 7 415 975 | 6 667 667 |
| Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймалар | 12 520 823 | 5 142 219 |
| | **19 936 798** | **11 809 886** |

Сактоо жайларындагы алтын куймалар “good delivery” статусуна ээ алтынды түшүндүрөт.

**Алтындын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2017-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банк алтын түрүндөгү бардык депозиттерди АА- жана А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ эки банкка жайгаштырган (2016-жылдын 31-декабрында алтын түрүндөгү депозиттер АА- жана А+ деңгээлиндеги кредиттик рейтингге ээ банктарда жайгаштырылган).

# 6 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 19 483 569 | 21 168 559 |
| - А дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 6 756 189 | 8 537 381 |
| - В- дан ВВВ+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 777 609 | 81 527 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | - | 54 967 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери** | **27 017 367** | **29 842 434** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - АА- дан АА+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 15 180 417 | 28 012 410 |
| - А- дан А+ чейинки кредиттик рейтинги менен | 13 857 394 | 8 660 947 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 266 027 | 267 536 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **29 303 838** | **36 940 893** |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| -Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсептери | 14 796 067 | 5 583 513 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 3 262 933 | 4 157 561 |
| - Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 11 657 336 | 12 706 257 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | **86 037 541** | **89 230 658** |
| Кассада чет өлкө валютасындагы каражаттар | 1 011 175 | 1 011 803 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (266 027) | (267 536) |
| | **86 782 689** | **89 974 925** |

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк тиешелүүлүгүнө жараша, 266 027 миң сом жана 267 536 миң сом өлчөмүндөгү баасы түшкөн мөөнөттүү депозитке кам түзгөн.

# 6 КАССАДАГЫ, БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

**Каражаттардын банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрацияланышы**

2017-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банк, ААА дан А- чейинки кредиттик рейтингге ээ сегиз банкта жана башка финансы мекемелеринде (2016-жылы: он банкта жана башка финансы мекемелери ААА дан А- чейинки кредиттик рейтинги менен) эсептер боюнча калдыктарга ээ болгон, алардын суммалары өздүк капиталдын 10% ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү, 2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 44 973 079 миң сомду (2016-жылы: 59 957 101 миң сом) түзгөн.

Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 20-түшүндүрмөдө берилген.

**Акча каражаттар жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттар жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордун максаттарында төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы “ностро” эсептери | 27 017 367 | 29 842 434 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы “ностро” эсеби | 14 796 067 | 5 583 513 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 11 657 336 | 12 706 257 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттар | 1 011 175 | 1 011 803 |
| **Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттогу акча каражаттар жана алардын эквиваленттери** | **54 481 945** | **49 144 007** |

Акча каражаттардын жана алардын эквиваленттеринин бир да статьясы баасы түшкөн же мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 7 БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга-резиденттерге берилген кредиттер | 5 694 787 | 5 838 757 |
| Эл аралык уюмдарга берилген кредиттер | 1 950 682 | 1 884 317 |
| | **7 645 469** | **7 723 074** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (125 572) | (284 498) |
| **Баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **7 519 897** | **7 438 576** |

Улуттук банк кредиттердин баасынын түшүүсүнө карата кам өлчөмүнө, баасы түшкөн кредиттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алар боюнча баанын түшүүсү аныкталбаган кредит портфелдери боюнча айкын чыгымдарга жол берилген, өткөндөгү тажрыйбанын негизинде баа берет.

Баанын түшүүсүнөн чыгымдарга түзүлгөн камдын жылышы 20-түшүндүрмөдө берилген.

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр**

Кийинки таблицада коммерциялык банктарга-резиденттерге жана эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин камсыздоосу катары кызмат кылган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, 2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча камсыздоо түрлөрүнө жараша, үстөк камсыздоо таасирин эске албастан чагылдырылган.

| | 2017-жылдын 31-декабры | Баасы түшпөгөн кредит портфелинен үлүш, % | 2016-жылдын 31-декабры | Баасы түшпөгөн кредит портфелинен үлүш, % |
|---|---|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 3 041 444 | 40 | 3 798 634 | 51 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 2 800 707 | 37 | 3 156 825 | 42 |
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 1 677 746 | 23 | 483 117 | 7 |
| | **7 519 897** | **100** | **7 438 576** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана камсыздоолордун адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланып, отчеттук күнгө чейинки өзгөрүүлөргө корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордунун жабылышы, камсыздоонун наркына эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк коммерциялык банктарга берилген, алар боюнча калдык өздүк капиталдын 10% ашкан кредиттерге ээ эмес (2016-жылы бир коммерциялык банкка берилген).

# 8 САТУУ ҮЧҮН КОЛДО БОЛГОН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 8 825 030 | 9 981 164 |
| Канада Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 4 939 440 | 5 979 396 |
| АКШнын казына милдеттенмелери | 3 444 476 | - |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 512 134 | - |
| Россия Федерациясынын казына милдеттенмелери | 70 571 | 141 355 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **17 791 651** | 16 101 915 |
| Эл аралык финансы институттарынын карыздык баалуу кагаздары | 16 337 997 | 3 799 644 |
| ААдан АААга чейинки кредиттик рейтингге ээ агенттик баалуу кагаздар | 8 880 236 | 14 457 985 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **43 009 884** | **34 359 544** |

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

# 9 ТӨЛӨӨГӨ ЧЕЙИН КАРМАЛЫП ТУРУУЧУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Улуттук банктын менчигинде тургандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 251 313 | 312 535 |
| | **251 313** | **312 535** |

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгенден болуп саналбайт.

# 10 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2017-жылдын 1-январына карата калдык | **613 359** | **268 715** | **365 032** | **74 078** | **861 754** | **2 182 938** |
| Сатып алуулар | 6 766 | 27 891 | 30 361 | 10 208 | 97 404 | 172 630 |
| Колдонуудан калгандар | (3 704) | (1 177) | (6) | (9 241) | - | (14 128) |
| Ордунан которулгандар | 16 164 | 16 786 | 473 189 | - | (609 760) | (103 621) |
| **2017-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **632 585** | **312 215** | **868 576** | **75 045** | **349 398** | **2 237 819** |
| ***Амортизация*** | | | | | | |
| 2017-жылдын 1-январына карата калдык | **(103 431)** | **(92 632)** | **(151 650)** | **(26 182)** | **-** | **(373 895)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (10 851) | (35 421) | (79 526) | (9 263) | - | (135 062) |
| Колдонуудан калгандар | 3 514 | 1 157 | 5 | 7 820 | - | 12 496 |
| **2017-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(110 768)** | **(126 896)** | **(231 171)** | **(27 625)** | **-** | **(496 460)** |
| ***Балланстык нарк*** | | | | | | |
| **2017-жылдын 31-декабрына карата** | **521 817** | **185 319** | **637 405** | **47 420** | **349 398** | **1 741 359** |

## 10 НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР, УЛАНДЫСЫ

| | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2016-жылдын 1-январына карата калдык | **575 564** | **207 731** | **342 741** | **38 112** | **740 968** | **1 905 116** |
| Сатып алуулар | 23 366 | 54 627 | 12 731 | 36 934 | 248 045 | 375 703 |
| Колдонуудан калгандар | (46 537) | (47 275) | (2 306) | (968) | (100) | (97 186) |
| Ордунан которулгандар | 60 966 | 53 632 | 11 866 | - | (127 159) | (695) |
| **2016-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **613 359** | **268 715** | **365 032** | **74 078** | **861 754** | **2 182 938** |
| ***Амортизация*** | | | | | | |
| 2016-жылдын 1-январына карата калдык | **(97 262)** | **(100 365)** | **(92 447)** | **(18 475)** | **-** | **(308 549)** |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (14 119) | (38 227) | (61 472) | (8 674) | - | (122 492) |
| Колдонуудан калгандар | 7 950 | 45 960 | 2 269 | 967 | - | 57 146 |
| **2016-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **(103 431)** | **(92 632)** | **(151 650)** | **(26 182)** | **-** | **(373 895)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2016-жылдын 31-декабрына карата** | **509 928** | **176 083** | **213 382** | **47 896** | **861 754** | **1 809 043** |

Негизги каражаттар объекттерин сатып алууга же курууга байланыштуу насыялар (займ) боюнча капиталдаштырылган сарптоолорго 2017 жана 2016-жылдары жол берилген эмес.

2017-жыл ичинде 103 621 миң сом суммасындагы негизги каражаттар материалдык эмес активдерге которулган (2016-жылы: 695 миң сом).

МАЗМУНУ

## 11 БАШКА АКТИВДЕР

| | 2017-жылдын 31-декабры | 2016-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Дебитордук карыз | 302 440 | 254 740 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (24 253) | (8 443) |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык активдер** | **278 187** | **246 297** |
| | | |
| Монетардык эмес алтын | 446 658 | 720 648 |
| Запастар | 603 632 | 668 270 |
| Башка инвестициялар | 185 079 | 185 079 |
| Алдын ала төлөө | 98 609 | 16 109 |
| Башка активдер | 106 569 | 108 807 |
| **Жыйынтыгында, башка финансылык эмес активдер** | **1 440 547** | **1 698 913** |
| | **1 718 734** | **1 945 210** |

Баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар боюнча түзүлгөн камдын жылышы 20-түшүндүрмөдө чечмеленген.

Монетардык эмес алтын куйма түрүндө көрсөтүлгөн, алар Баалуу металдар рыногунун Лондон ассоциациясы тарабынан кабыл алынган стандарттарга ылайык келбейт. Монетардык эмес алтын запас болуп саналат жана сатып алуу наркынын эң аз өлчөмү, ошондой эле мүмкүн болуучу таза сатуу баасында эсепке алынат жана кайра бааланбайт.

## 12 ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар төмөнкүлөрдү өзүндө камтыган:

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 93 429 341 | 77 013 316 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкнотторду жана монеталарды эсептен алып салуу менен | (2 325 076) | (2 174 517) |
| | 91 104 265 | 74 838 799 |

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар дегенден улам, жүгүртүүдөгү, калктын колундагы жана финансы мекемелериндеги банкноттордун жана монеталардын номиналдык наркын түшүнүү зарыл.

## 13 БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАРАЖАТТАРЫ

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын эсептери | 18 089 870 | 22 213 517 |
| Башка финансылык мекемелердин эсептери | 2 519 180 | 3 511 275 |
| | **20 609 050** | **25 724 792** |

2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банк бир банкта жана башка финансы мекемелеринин эсептери боюнча өздүк капиталдын 10% ашкан калдыкка ээ (2016-жылы – калдыкка ээ болгон эмес).

## 14 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КАРАЖАТТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин эсептери кирет.

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| Улуттук валютада | 8 120 502 | 7 157 877 |
| Чет өлкө валютасында | 1 114 729 | 891 027 |
| | 9 235 231 | 8 048 904 |

## 15 ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирет:

| Эмиссиялар | Баланстык нарк | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффективдүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD001180103 | 774 820 | 2017-ж. 27-декабры | 2018-ж. 3-январы | 2,87% |
| BD002180103 | 104 974 | 2017-ж. 20-декабры | 2018-ж. 3-январы | 3,09% |
| BD002180110 | 1 148 954 | 2017-ж.27-декабры | 2018-ж. 10-январы | 3,38% |
| BD004180103 | 310 882 | 2017-ж. 6-декабры | 2018-ж. 3-январы | 4,74% |
| BD004180110 | 499 321 | 2017-ж. 13-декабры | 2018-ж. 10-январы | 5,08% |
| BD004180117 | 139 680 | 2017-ж. 20-декабры | 2018-ж. 17-январы | 5,03% |
| BD013180103 | 209 907 | 2017-ж. 4-октябры | 2018-ж. 3-январы | 5,17% |
| BD013180110 | 349 509 | 2017-ж. 11-октябры | 2018-ж. 10-январы | 5,17% |
| BD013180117 | 19 947 | 2017-ж. 18-октябры | 2018-ж. 17-январы | 5,17% |
| BD013180124 | 48 827 | 2017-ж. 25-октябры | 2018-ж. 24-январы | 5,17% |
| BD013180131 | 229 010 | 2017-ж. 1-ноябры | 2018-ж. 30-январы | 5,17% |
| BD013180214 | 131 171 | 2017-ж. 15-ноябры | 2018-ж.14-февралы | 5,17% |
| BD013180221 | 30 773 | 2017-ж. 22-ноябры | 2018-ж. 21-февралы | 5,17% |
| BD013180228 | 230 107 | 2017-ж. 29-ноябры | 2018-ж. 28-февралы | 5,17% |
| BD013180307 | 227 906 | 2017-ж. 6-декабры | 2018-ж. 7-марты | 5,17% |
| BD013180314 | 222 736 | 2017-ж. 13-декабры | 2018-ж. 14-марты | 5,17% |
| BD013180321 | 207 688 | 2017-ж. 20-декабры | 2018-ж. 21-марты | 5,17% |
| BD013180328 | 326 056 | 2017-ж. 27-декабры | 2018-ж. 28-марты | 5,17% |
| | **5 212 268** | | | |

2016-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга (Улуттук банктын ноталары) төмөнкү эмиссиялардагы баалуу кагаздар кирген:

| Эмиссиялар | Баланстык нарк | Эмиссия күнү | Төлөө күнү | Эффективдүү пайыздык чен |
|---|---|---|---|---|
| BD002170111 | 3 999 481 | 2016-ж. 28-декабры | 2017-ж. 11-январы | 0,43% |
| BD001170104 | 1 243 967 | 2016-ж. 28-декабры | 2017-ж. 4-январы | 0,24% |
| | **5 243 448** | | | |

# 16 АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата алынган кредиттер боюнча мөөнөттөрү жана шарттары төмөндө чагылдырылган:

| Эмитент | Валютасы | Пайыздык чен | Берилген күнү | Төлөө күнү | 2017-ж. 31- декабры | 2016-ж. 31- декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЭВФ, ПРГФ (жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү) | АКУ | 0% | 2001-ж. 19-декабры | 2018-ж. 31-майы | 99 435 | 317 845 |
| ЭВФ, ESF (Тышкы таасирлерге карата чара көрүү механизми) | АКУ | 0% | 2008-ж. 24-декабры | 2019-ж. 7-июну | 815 564 | 1 390 224 |
| Чегерилген пайыздар | АКШ доллары | | | | 10 500 | 10 560 |
| | | | | | **925 499** | **1 718 629** |

Жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү программасы (ПРГФ) боюнча карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, финансылык реформаларды жана улуттук валютаны колдоого алуу максатында сунушталган. Бул программа боюнча карыз алуулар нөлдүк пайыздык ченге ээ жана ал өздөштүрүлө баштагандан кийинки 10 жылдан кийин орду жабылууга тийиш. 2016-жылдын 3-октябрында ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2018-жылдын акырына чейин узарткан. ПРГФ кредиттеринин шарттары бардык кредит алуучулар үчүн стандарттуу болуп саналат.

Тышкы таасирлерге каршы аракет көрүү механизминин (ESF) алкагында карыз алуулар АКУ (СПЗ) түрүндө туюндурулуп, Кыргызстандын бийлигинин белгилүү бир тышкы таасирлерди четтетүүгө багытталган аракеттерин колдоо үчүн берилген. Кредит нөлдүк пайыздык ченге ээ жана 2016-жылдын 3-октябрында ЭВФтин Аткаруучу кеңеши пайыздарды төлөөдөн бошотууну 2018-жылдын акырына чейин узарткан. Бул шарт дүйнө жүзү боюнча ESF алкагында кредит алуучулар үчүн жарыяланган.

Улуттук банктын финансылык иш натыйжасында келип чыккан милдеттенмелерин төмөнкүчө классфикациялоого болот:

| | 2017-жылдын 31- декабры |
|---|---|
| **Алынган кредиттер** | |
| 2017-жылдын 1-январы | 1 718 629 |
| Ордун жабуу | (875 082) |
| Курстук айырма | 81 952 |
| **2017-жылдын 31-декабры** | **925 499** |

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрында бүткөн жыл ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттин негизги суммаларын, пайыздарды төлөө боюнча милдеттенмелерди же башка милдеттенмелерди бузууга жол бергендиги учурлары катталган эмес.

# 17 БӨЛҮШТҮРҮҮ ТАРТИБИНДЕ ЭВФТЕН АЛЫНГАН АКУ (СПЗ) БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 8 311 236 | 7 863 988 |

АКУну (СПЗ) суммасын ЭВФ мүчөлөрү ортосунда анын чечими боюнча шартсыз бөлүштүрүү АКУну бөлүштүрүү болуп саналат. АКУну жалпы бөлүштүрүү 2009-жылдын 28-августунда күчүнө кирген. Мындай бөлүштүрүү глобалдуу финансылык каатчылыкка каршы жамааттык монетардык жооп болуп саналат, ал ликвиддүүлүк проблемасын башынан кечирип жаткан өлкөлөргө шарттар менен чектелбеген олуттуу финансылык ресурстарды берүү аркылуу ишке ашырылат. Бул ресурстар жөнгө салууга муктаждыкты азайтууга жана экономикалык өсүш саясатынын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, ошондой эле ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн валюталык запасын толуктоо аркылуу глобалдуу экономикалык системанын ликвиддүүлүгүн камсыз кылууга каралган. ЭВФке мүчө өлкөлөрдүн арасында АКУну жалпы бөлүштүрүү, алардын ЭВФтеги квотасына пропорционалдуу негизде жүзөгө ашырылат (26-түшүндүрмө). 2009-жылдын 10-августунда глобалдуу ликвиддүүлүктү жогорулатуу максатында, АКУну бир жолу атайы бөлүштүрүүнү караган, ЭВФтин Келишимдер статьясына карата Төртүнчү түзөтүү күчүнө кирген. Ушул түзөтүүгө ылайык Кыргызстанды кошо алганда, ЭВФке мүчө өлкөлөргө атайы бөлүштүрүү 2009-жылдын 9-сентябрында ишке ашырылган. Мүчө өлкөлөр жана АКУга ээлик кылуучулар аларды ЭВФ менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонушу мүмкүн. Кыргыз Республикасы 84 737 миң АКУ өлчөмүндө бөлүштүрүлгөн каражатты пайдалануу укугуна ээ болгон. 2017 жана 2016-жылдары бул механизм колдонулган эмес. Анын пайыздык чени жума сайын ЭВФ тарабынан аныкталат жана ал бүткүл дүйнө боюнча бөлүштүрүлгөн АКУну алуучулар үчүн бирдей болуп саналат.

# 18 УСТАВДЫК КАПИТАЛ

**Төлөнгөн капитал**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамын күчүнө киргизүү тууралуу” мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын уставдык капиталы көбөйтүлгөн жана 2017-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча 2 000 000 миң сомду түзөт.

2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча Улуттук банктын уставдык капиталы 1 000 000 миң сомду түзөт.

**Мамлекеттик бюджетке чегерүүлөр жана милдеттүү кам**

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга ылайык, Улуттук банктын пайдасы төмөнкүчө бөлүштүрүлүүгө тийиш:

- эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10% азды түзсө, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 70% чегерилет. Пайданын мамлекеттик бюджетке чегерилгенден кийинки калдыгы Улуттук банктын милдеттүү камдарына которулат;

- эгерде Улуттук банктын уставдык капиталынын жана милдеттүү камдарынын суммасы анын монетардык милдеттенмелеринин 10% барабар же андан ашса, анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине пайданын 100%, ошондой эле милдеттүү камдын каражаттарынын эсебинен көрсөтүлгөн ашып калуунун суммасынын үчтөн бири, бирок камдын калдыгынын чегинде которулат.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамдын 23-беренесинин талабына ылайык, финансы жылынын бүтүшү боюнча көз карандысыз тышкы аудит жүргүзүлүп, жылдык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилгенден кийин гана пайданы чегерүү ишке ашырылат.

2017-жылдын 15-мартында 2016-жыл үчүн 3 777 137 миң сом өлчөмүндө таза пайда бекитилген, анын ичинен 2 643 996 миң сом Кыргыз Республикасынын бюджетине чегерилген (2016-жылы – 4 579 813 миң сом), ал эми 1 133 141 миң сом милдетүү камга которулган (2016-жылы 1 962 778 миң сом).

**Капиталды тескөө**

Улуттук банктын капиталы дегенден улам, анын бардык милдеттенмелерин эсептеп алып салгандан кийинки Улуттук банктын активдеринин калдык наркын түшүнүү зарыл.

Капиталды тескөөгө байланыштуу Улуттук банктын максаттары, банктын өз алдынчалыгын жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн капиталды тиешелүү деңгээлде колдоп туруудан көрүнөт. Улуттук банк анын тескөөсүндө турган жалпы капиталды, финансылык абал жөнүндө отчетто камтылган өздүк капитал катары карайт.

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” мыйзамда каралган, 2 000 000 миң сомду түзгөн уставдык капиталдын өлчөмүн эске албаганда, Улуттук банк үчүн капиталдын деңгээлине карата эч кандай тышкы талаптар жок.

# 19 ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ

| | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер** | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттардан | 939 155 | 574 368 |
| Берилген кредиттерден | 431 776 | 736 205 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардан | 413 587 | 366 599 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан | 19 269 | 54 082 |
| Башкалардан | 5 008 | 14 914 |
| | **1 808 795** | **1 746 168** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар боюнча | (109 966) | (59 606) |
| ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер боюнча | (42 954) | (6 519) |
| Банктардын жана башка финансы мекемелердин каражаттары | (16 642) | (49 471) |
| Башка активдер боюнча дисконтту таануу | (44 734) | (64 673) |
| Башкалар боюнча | (6 268) | (8 564) |
| | **(220 564)** | **(188 833)** |
| | **1 588 231** | **1 557 335** |

Баасы түшкөн активдер боюнча пайыздык кирешелер 2017 жана 2016-жылдары чегерилген эмес.

# 20 БААНЫН ТҮШҮҮСҮНӨ КАМ

| | Банктардын жана башка финансы мекемелердин кассаларындагы каражаттар | Берилген кредиттер | Башка активдер | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| **2015-жылдын 31-декабры** | **293 430** | **526 301** | **19 429** | **839 160** |
| Камды калыбына келтирүү | (109) | (865) | (11 017) | (11 991) |
| Кам эсебинен активди чегерүү | - | (213 161) | - | (213 161) |
| Курстук айырмачылыктардын таасири | (25 785) | (27 777) | 31 | (53 531) |
| **2016-жылдын 31-декабры** | **267 536** | **284 498** | **8 443** | **560 477** |
| Камды түзүү | | | 19 011 | 19 011 |
| Камды калыбына келтирүү | - | (71) | (3 216) | (3 287) |
| Кам эсебинен активди чегерүү | - | (158 443) | - | (158 443) |
| Курстук айырмачылыктардын таасири | (1 509) | (412) | 15 | (1 906) |
| **2017-жылдын 31-декабры** | **266 027** | **125 572** | **24 253** | **415 852** |

## 21 ЧЕТ ӨЛКӨ ВАЛЮТАСЫ ЖАНА АЛТЫН МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР БОЮНЧА ТАЗА ПАЙДА

| | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасы жана алтын менен операциялар боюнча реализацияланган пайда | 1 694 160 | 2 815 141 |
| "Спот" бүтүмүнөн алынган пайда | 166 587 | 435 458 |
| | **1 860 747** | **3 250 599** |

## 22 АДМИНИСТРАТИВДИК ЧЫГАШАЛАР

| | 2017-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл | 2016-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Персоналга кеткен сарптоолор** | | |
| Эмгек акы | 442 498 | 445 158 |
| Социалдык фондго төлөөлөр | 76 947 | 77 073 |
| | **519 445** | **522 231** |
| Амортизация жана эскилиги жеткендер | 161 539 | 147 579 |
| Ремонт иштери жана тейлөөлөр | 134 727 | 125 748 |
| Күзөт иштери | 36 574 | 37 272 |
| Байланыш жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | 23 570 | 22 509 |
| Кесипкөй кызмат көрсөтүүлөр | 15 512 | 8 907 |
| Иш сапарына кеткен чыгашалар | 10 233 | 10 005 |
| Жарыялоолор жана жазылуулар | 9 584 | 9 927 |
| Социалдык иш-чараларга сарптоолор | 9 466 | 9 167 |
| Персоналды окутуу | 7 781 | 15 432 |
| Кеңсе буюмдары | 3 526 | 5 569 |
| Башка чыгашалар | 15 641 | 17 395 |
| | **947 598** | **931 741** |

## 23 СЕГМЕНТТЕР БОЮНЧА ТАЛДАП-ИЛИКТӨӨЛӨР

Улуттук банктын иши, ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн бир отчеттук сегменттен турат. Улуттук банктын аткарган милдетине байланыштуу түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчетторунун берилиши андан талап кылынбайт. Иштин бул түрү ушул финансылык отчеттун максаттары үчүн өзүнчө операциялык сегмент катары каралбайт.

## 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ

Тобокелдиктерди тескөөгө алуу Улуттук банктын ишинде маанилүү роль ойноп, анын операциялык ишинин олуттуу элементи болуп саналат. Банк өз ишин жүзөгө ашыруу процессинде дуушар болуучу негизги тобокелдиктерден болуп, рыноктук тобокелдик, кредиттик тобокелдик жана ликвиддүүлүк тобокелдиги саналат.

### (а) Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболор

Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө саясаты банк дуушар болуучу тобокелдиктерди аныктоого, аларга баа берүүгө, талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жана тескөөгө алууга, ошондой эле тиешелүү чектөөлөрдү жана контролдукту белгилөөгө тобокелдик деңгээлине туруктуу баа берүүгө жана алардын белгиленген лимиттерге ылайык келүүсүнө көз салып турууга багытталган. Тобокелдиктерди тескөө саясаты жана жол-жоболору, рыноктук жагдайлардын өзгөрүүсүн, сунушталып жаткан банктык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, топтолгон алгылыктуу дүйнөлүк тажрыйбаларды чагылдыруу максатында, туруктуу негизде кайрадан каралып турат.

Улуттук банктын жетекчилиги, тобокелдиктерди тескөө боюнча контролдук системасынын, негизги тобокелдиктердин тескөөгө алынышы жана тобокелдиктерди тескөө боюнча саясаттын жана жол-жоболордун жактырылып, кабыл алынышы, ошондой эле ири бүтүмдөрдүн жактырылышы үчүн жоопкерчиликтүү.

Улуттук банк Башкармасы, комитеттер жана комиссиялар банктын монетардык, инвестициялык жана валюта саясаттарына байланыштуу маселелерди дайыма кароого алып, активдерди тескөө алкагында лимиттерди, ошондой эле Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптарды белгилешет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2016-жылдын 21-декабрында бекитилген Улуттук банктын эл аралык камды тескөө боюнча инвестициялык саясатына ылайык (мындан ары “Инвестициялык саясат”), тобокелдиктерди тескөөнүн негизги максатынан болуп, Улуттук банктын ликвиддүүлүгүн жана активдеринин сакталышын камсыз кылуу саналат. Операциялар ушул Инвестициялык саясатта белгиленген лимиттердин чегинде ишке ашырылат.

Ушул максаттарга ылайык Улуттук банктын алтын валюта активдери жумушчу жана инвестициялык портфелдерге бөлүнөт.

### (б) Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик – бул, рыноктук баанын өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдик валюта тобокелдигинен, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинен, ошондой эле башка баа тобокелдиктеринен турат. Рыноктук тобокелдик, рыноктогу жалпы жана мүнөздүү болгон өзгөрүүлөрдүн, рыноктук баанын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасирине туш болгон пайыздык, валюталык жана үлүштүк финансылык инструменттерге карата ачык позициялар боюнча келип чыгат.

Рыноктук тобокелдикке дуушарланууну алгылыктуу параметрлердин чегинен чыкпагандай, ошону менен катар эле кирешелүүлүктү оптималдаштырууну камсыз кыла алгандай тескөөгө алуу жана контролдоо, рыноктук тобокелдикти тескөө милдетинен болуп саналат.

Улуттук банк бардык ачык позицияларга баа берүү жол-жобосун туруктуу ишке ашыруу аркылуу рыноктук тобокелдикти тескейт. Мындан тышкары Улуттук банк, финансылык инструменттер боюнча ачык позицияларга белгиленген лимиттерге, пайыздык чендерге, төлөө мөөнөттөрүнө жана тобокелдик көрсөткүчү/кирешелүүлүгүнүн катышына туруктуу көз салып турат.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рыноктук тобокелдик, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги*

Пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдиги – бул, рыноктук пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам адилет нарктын же финансылык инструмент боюнча келечекте болжолдонуп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Улуттук банк, басымдуулук кылган рыноктук пайыздык чендердин анын финансылык абалына жана акча каражаттарынын агымынын таасирлерине дуушарланышы ыктымал. Мындай өзгөрүүлөр пайыздык маржа деңгээлин көбөйтүшү сыяктуу эле, аны төмөндөтүшү да мүмкүн. Пайыздык чендердин күтүүсүз өзгөрүүсү чыгымдардын келип чыгышын шарттайт.

*Орточо пайыздык чендер*

Төмөндө келтирилген таблицада 2017 жана 2016 жылдардын 31-декабрына карата пайыздык активдер жана милдеттенмелер боюнча орточо натыйжалуу пайыздык чендер чагылдырылган. Бул чендер тиешелүү активдердин жана милдеттенмелердин төлөөгө карата кирешелүүлүгүн чагылдырат.

| | **Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2017-жылдын 31-декабрына** | **Орточо салмактанып алынган натыйжалуу пайыздык чен, % 2016-жылдын 31-декабрына** |
|---|---|---|
| **Пайыздык активдер** | | |
| **Алтын** | | |
| *Чет өлкө банктарындагы депозиттердеги алтын* | 0,1 | 0,03 |
| **Банктарда жана башка финансылык институттардагы эсептер жана депозиттер** | | |
| *“Ностро” түрүндөгү эсептер* | | |
| - АКШ долларында | 1,44 | 0,48 |
| - евродо | (0,40) | (0,40) |
| - канада долларында | 0,60 | 0,09 |
| - австралия долларында | 0,25 | 0,35 |
| - фунт стерлингде | 0,10 | 0,03 |
| - кытай юанында | 0,35 | 0,35 |
| - норвегия кронасында | 0,10 | 0,26 |
| *Мөөнөттүү депозиттер* | | |
| - АКШ долларында | 1,61 | 0,94 |
| - канада долларында | 1,10 | 0,84 |
| - англия фунт стерлингде | 0,48 | 0,39 |
| - австралия долларында | 1,61 | - |
| - орус рублинде | 5,90 | 6,90 |
| - кытай юанында | 3,67 | 3,88 |
| - норвегия кронасында | 0,52 | 0,90 |
| - сингапур долларында | 0,58 | 0,52 |
| **Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар** | | |
| - АКШ долларында | 1,49 | 0,83 |
| - австралия долларында | 1,84 | 1,82 |
| - канада долларында | 1,04 | 0,53 |
| - фунт стерлингде | 0,24 | - |
| **Берилген кредиттер** | | |
| - кыргыз сомунда | 4,97 | 8,76 |
| **Төлөөгө чейин кармалып турууччу инвестициялар** | | |
| - кыргыз сомунда | 6,35 | 6,35 |
| **Пайыздык милдеттенмелер** | | |
| **Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | | |
| - кыргыз сомунда | 4,35 | 0,39 |
| **ЭВФтен бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмелер** | 0,743 | 0,244 |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(i) Пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдиги, уландысы*

***Пайыздык чендердин өзгөрүүсүнүн тийгизген таасирине талдап-иликтөөлөр***

Пайданын же чыгымдын, ошондой эле өздүк капиталдын сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин адилет наркынын өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүнө талдап-иликтөөлөр, 2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча колдонулган позициялардын негизинде калыптанган пайыздык чендердин өзгөрүүсүнөн улам ийкемдүүлүгүнө жана кирешелүүлүк ийрегинин пайыздык чендердин көбөйүүсү же азаюусу жагына 20 базистик пунктка катар жылышынын жөнөкөй сценарийин төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | 2017-жылдын 31-декабры | | 2016-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым | Чогуу алгандагы киреше жана капитал | Пайда же чыгым | Чогуу алгандагы киреше жана капитал |
| Чендердин көбөйүүсү жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | (16 451) | - | (18 484) |
| Чендердин азаюусу жагына 20 базисттик пунктка катар жылышуу | - | 6 743 | - | 27 438 |

Жогоруда келтирилген таблицада негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүү таасири чагылдырылган, ошол эле учурда башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган. Иш жүзүндө жол берилгендер менен башка факторлор ортосундагы корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк линиялык эмес мүнөзгө ээ экендигин белгилеп кетүү зарыл, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасир этүү ушул натыйжалардын негизинде интерполяцияланууга же экстраполяцияланууга тийиш эмес.

Улуттук банк активдерди жана пассивдерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы ийкемдүүлүккө жүргүзүлгөн анализдөөлөрдө эске алынбайт. Буга кошумча, Улуттук банктын финансылык абалы рынокто орун алган өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүшү мүмкүндүгүн да кошумчалап кетүү зарыл.Мисалы, Улуттук банктын финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы, рыноктогу баанын өзгөрүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерди тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин алгылыксыз мүнөздө өзгөрүп кетиши шартында, Улуттук банк өз иш-аракетинде инвестициялык активдерди сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле коргонуунун башка ыкмалары да камтышы мүмкүн. Демек, жол берүүдөгү өзгөрүүлөр милдеттенмелерге айкын таасир этпесе да, финансылык абал жөнүндө отчетто рынок баасы боюнча эсепке алынган активдерге олуттуу таасир этиши мүмкүн. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары капитал өлчөмүнүн өзгөрүүсүнө алып келиши мүмкүн.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги*

Улуттук банк, бир нече чет өлкө валютасында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ.

Валюта тобокелдиги – бул, адилет нарктын же валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам, финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымынын өзгөрүүсү тобокелдиги. Улуттук банк валюта тобокелдиганен коргонуу жагында чараларды көрүп жаткандыгына карабастан, мындай операциялар ФОЭСке ылайык хеджирлөөгө тиешелүү аныктамаларга төп келбейт.

Улуттук банктын 2017-жылдын 31-декабрына карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында 2017-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | | |
| Депозитке салынган алтын | - | 7 415 975 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 7 415 975 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | - | 52 705 932 | 2 239 213 | 1 581 391 | 1 733 339 | 11 657 336 | 2 195 964 | 2 162 941 | 9 659 657 | 2 846 916 | 86 782 689 |
| Берилген кредиттер | 7 519 897 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 7 519 897 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 28 361 123 | - | 4 939 440 | 8 825 030 | - | - | 884 291 | - | - | 43 009 884 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 251 313 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 251 313 |
| Башка финансылык активдер | 278 187 | | | | | | | | | | | 278 187 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **8 049 397** | **7 415 975** | **81 067 055** | **2 239 213** | **6 520 831** | **10 558 369** | **11 657 336** | **2 195 964** | **3 047 232** | **9 659 657** | **2 846 916** | **145 257 945** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында 2017-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 91 104 265 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 91 104 265 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 14 416 114 | - | 6 182 612 | 10 324 | - | - | - | - | - | - | - | 20 609 050 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 8 120 502 | - | 109 197 | 930 899 | - | - | - | - | - | - | 74 633 | 9 235 231 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 5 212 268 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 5 212 268 |
| Алынган кредиттер | - | - | 10 500 | - | - | - | 914 999 | - | - | - | - | 925 499 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | - | - | - | - | - | - | 8 311 236 | - | - | - | - | 8 311 236 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 70 777 | - | 15 843 | 429 | - | - | - | - | - | - | - | 87 049 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | **118 923 926** | **-** | **6 318 152** | **941 652** | **-** | **-** | **9 226 235** | **-** | **-** | **-** | **74 633** | **135 484 598** |
| **Таза балансттык позиция** | **(110 874 529)** | **7 415 975** | **74 748 903** | **1 297 561** | **6 520 831** | **10 558 369** | **2 431 101** | **2 195 964** | **3 047 232** | **9 659 657** | **2 772 283** | **9 773 347** |

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Улуттук банктын 2016-жылдын 31-декабрына карата валюталар боюнча валюта тобокелдигине дуушарлануусу, төмөнкү таблицада чагылдырылган:

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында 2016-ж. 31-декабры |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер** | | | | | | | | | | | | |
| Депозитке салынган алтын | - | 6 667 667 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 6 667 667 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | - | 56 016 905 | 2 606 624 | 1 385 194 | 124 976 | 12 706 257 | 2 086 226 | 3 697 868 | 9 048 569 | 2 302 306 | 89 974 925 |
| Берилген кредиттер | 7 438 576 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 7 438 576 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | 18 398 984 | - | 5 979 396 | 9 981 164 | - | - | - | - | - | 34 359 544 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 312 535 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 312 535 |
| Башка финансылык активдер | 246 297 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 246 297 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | **7 997 408** | **6 667 667** | **74 415 889** | **2 606 624** | **7 364 590** | **10 106 140** | **12 706 257** | **2 086 226** | **3 697 868** | **9 048 569** | **2 302 306** | **138 999 544** |

## 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

### (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

| | Сом | Алтын | АКШ доллары | Евро | Канада доллары | Австралия доллары | АКУ | Норвегия кронасы | Англия фунт стерлинги | Кытай юаны | Башка валюталар | Жыйынтыгында 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | 31-декабры | | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 74 838 799 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 74 838 799 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 18 350 546 | - | 7 374 246 | - | - | - | - | - | - | - | - | 25 724 792 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 7 157 877 | - | 41 068 | 776 782 | - | - | - | - | - | - | 73 177 | 8 048 904 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 5 243 448 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 5 243 448 |
| Алынган кредитер | - | - | 10 560 | - | - | - | 1 708 069 | - | - | - | - | 1 718 729 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ боюнча милдеттенмеллер | - | - | - | - | - | - | 7 863 988 | - | - | - | - | 7 863 988 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 71 968 | - | 15 981 | 803 | - | - | - | - | - | - | - | 88 752 |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер** | **105 662 638** | **-** | **7 441 855** | **777 585** | **-** | **-** | **9 572 057** | **-** | **-** | **-** | **73 177** | **123 527 312** |
| **Таза балanстык позиция** | **(97 665 230)** | **6 667 667** | **66 974 034** | **1 829 039** | **7 364 590** | **10 106 140** | **3 134 200** | **2 086 226** | **3 697 868** | **9 048 569** | **2 229 129** | **15 472 232** |

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(ii) Валюта тобокелдиги, уландысы*

Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөндөй эле, кыргыз сомунун курсунун 2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча төмөндө келтирилген валюталарга карата алсызданышы, өздүк капиталдын жана башка чогуу алгандагы кирешенин төмөндө чагылдырылгандай көбөйүүсүнө (азаюусуна) алып келмек. Бул талдап-иликтөөлөр, Улуттук банктын көз карашы боюнча отчеттук мезгилдин акырына карата орун алышы мүмкүн болгон валюта курстарынын өзгөрүүсүнө негизденген. Ийкемдүүлүктүн бул деңгээли Улуттук банкта валюта тобокелдигине тиешелүү, негизги башкаруу персоналына берилүүчү отчетторду даярдоодо колдонулат. Жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдө калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр, айрыкча пайыздык чендер өзгөрүүсүз калгандыгы болжолдонгон.

| | 2017-жылдын 31-декабры | | 2016-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым | Чогуу алган-дагы киреше жана капитал | Пайда же чыгым | Чогуу алган-дагы киреше жана капитал |
| АКШ доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 7 474 890 | - | 6 697 403 |
| Австралия доллары курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 1 055 837 | - | 1 010 614 |
| Кытай юаны курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 965 966 | - | 904 857 |
| Канада доллары курсунун кыргыз сому-на карата 10% өсүшү | - | 652 083 | - | 736 459 |
| Англия фунт стерлинги курсунун кыр-гыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 304 723 | - | 369 787 |
| Норвегия кронасы курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 219 596 | - | 208 623 |
| Евро курсунун кыргыз сомуна карата 10% өсүшү | - | 129 756 | - | 182 904 |

Сомдун жогоруда келтирилген валюталарга карата курсунун чыңдалуусу, 2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча, эгерде калган бардык өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калган учурда, кайтарым таасирге ээ болмок.

**Талдап-иликтөөлөргө чектөөлөр**

Жогоруда келтирилген таблицада, калган башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган шартта, негизги жол берүүлөрдүн өзгөрүүсүнүн таасири чагылдырылган. Иш жүзүндө, жол берилгендер менен башка факторлор ортосунда корреляция орун алат. Бул жерде ошондой эле, көрсөтүлгөн ийкемдүүлүк бир багыттагы мүнөзгө ээ эмес, ошондуктан көбүрөөк же азыраак таасирлер ушул натыйжалардын негизинде интерполяциялануучга же экстраполяциялануучга тийиш эмес.

Ийкемдүүлүккө жогоруда келтирилген талдап-иликтөөлөрдөгү башка чектөөлөр потенциалдуу тобокелдикти ачып көрсөтүү максатында, рыноктогу гипотетикалык жылыштарды пайдаланууну камтыйт. Алар болгону, кандайдыр бир деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен болжолдоого мүмкүн болбогон, рынокто күтүлүп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу Улуттук банктын пикирин гана түшүндүрөт. Ошондой эле, бардык пайыздык чендер бирдей негизде өзгөрөт деп болжолдоонун өзү да чектөө болуп саналат.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (б) Рынок тобокелдиги, уландысы

### *(iii) Башка баа тобокелдиги*

Башка баа тобокелдиги – бул, ошол айкын инструментке же анын эмитентине мүнөздүү болгон факторлордун же рынокто жүгүртүлгөн ушундай эле бардык финансылык инструменттерге таасир эткен факторлордон улам өзгөрүүлөр болгонбу же жокпу андан көз карандысыз, рыноктук баалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында (мында, пайыздык чендердин өзгөрүүсү тобокелдигинин же валюта тобокелдигинин таасиринен улам келип чыккан өзгөрүүлөрдөн тышкары), финансылык инструменттин адилет наркынын же ал боюнча келечекте күтүлүп жаткан акча каражаттарынын агымынын өзгөрүү тобокелдиги. Башка баа тобокелдиги, Улуттук банк финансылык инструмент боюнча узун же кыска позицияга ээ болгон шартта келип чыгат.

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата Улуттук банк чет өлкө банктарындагы эсептердеги алтынга байланыштуу башка баа тобокелдигине дуушар болгон.

2017 жана 2016-жылдардын 31-декабрына карата абал боюнча алтынга баанын өсүшү же төмөндөшү сомго эквиваленттүү суммада капиталдагы чогуу алгандагы башка кирешени төмөндө көрсөтүлгөн суммаларга көбөйтүүгө же азайтууга алып келмек. Бул талдап-иликтөө, Улуттук банктын көз карашынан алганда алтындын баасынын өзгөрүүсүнө таянуу менен ишке ашырылып, отчеттук мезгилдин акырына карата келип чыгышы мүмкүн экендигине негизденген. Талдап-иликтөө, бардык калган өзгөрүлмөлүүлөр өзгөрүүсүз калаарын болжолдойт.

| | 2017-жылдын 31-декабры | | 2016-жылдын 31-декабры | |
|---|---|---|---|---|
| | Пайда же чыгым | Чогуу алгандагы киреше жана капитал | Пайда же чыгым | Чогуу алгандагы киреше жана капитал |
| Алтынга сом эквивалентиндеги баанын 10% өсүшү | - | 741 598 | - | 666 767 |
| Алтынга сом эквивалентиндеги баанын 10% төмөндөшү | - | (741 598) | - | (666 767) |

## (в) Кредиттик тобокелдик

Кредиттик тобокелдик – бул, карыз алуучулар же Улуттук банктын контрагенти милдеттенмелерин аткарбай коюшунун натыйжасында келип чыккан финансылык жоготуу тобокелдиги. Улуттук банк тарабынан кредит портфелинин концентрацияланышын чектөө боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү кошо алганда, кредиттик тобокелдикти тескөө саясаты жана жол-жоболору иштелип чыгып, эл аралык камдарды тескөөдө орун алышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү болгон Инвестициялык комитет түзүлгөн.

Кредиттик тобокелдикти минималдаштыруу максатында Улуттук банк, тобокелдиктерди тескөө саясатын колдонот, анда Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптар белгиленген. Ушул саясатка ылайык, Moody's Investors Service жана/же дүйнөнүн башка алдыңкы рейтингдик агенттиктеринин (Standard & Poor's Corporation, Fitch IBCA) классификациясы боюнча жогорку рейтингге ээ борбордук банктар, финансылык институттар, коммерциялык банктар гана Улуттук банктын контрагентинен боло алышат.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

Финансылык активдер, Moody's, Fitch ж.б. сыяктуу эл аралык таанымал рейтингдик агенттиктер тарабынан ыйгарылган кредиттик рейтингдерди эске алуу менен классификацияланат. Эң жогорку мүмкүн болгон рейтинг – Ааа. Финансылык активдердин инвестициялык деңгээли Ааа дан Ваа га чейинки рейтингдерге туура келет. Ал эми Moody's Investors Service Ваа дан төмөн рейтингге ээ финансылык активдер алып сатарлык деңгээлге чегерилет. Борбордук банк катары Улуттук банктын статусун эске алуу менен контрагенттер төмөнкүдөй эки топко бөлүнгөн:

**А тобу**

- экономикасы жана саясый абалы туруктуу Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн болбогон суверендүү рейтингге ээ, өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин борбордук банктары;
- ЭВФ, БМР, ЕБРР, АӨБ, KfW сыяктуу эл аралык финансылык уюмдар, институттар жана банктар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

**В тобу**

- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн суверендүү рейтингге ээ мамлекеттердин борбордук банктары;
- Кыргыз Республикасы кол койгон, эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн финансылык институттар;
- Moody's Investors Service классификациясы боюнча А3төн төмөн, бирок Ваа2ден төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

А тобуна кирген контрагенттер менен инвестициялык ишкердикти жүргүзүү, атап айтканда айрым контрагенттер, инвестициялоо инструменттери жана активдердин өлчөмү боюнча чектөөлөргө тиешелүү чечимдер, Улуттук банктын Инвестициялык комитетинин ыйгарым укуктарына ылайык белгиленет. В тобуна кирген ар бир контрагент боюнча инвестициялык ишкердикти жүргүзүү чечими, Улуттук банктын Инвестициялык комитетинин сунушу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат жана бекитилет.

Бир контрагентке, ошондой эле географиялык сегменттер боюнча кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануу, кредиттик тобокелдикти контролдоо критерийлеринин биринен болуп саналат.

Улуттук банктын бир контрагентке карата кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушарлануусу олуттуу өзгөрүлүп турат жана айрым тобокелдиктен сыяктуу эле, рынок экономикасына мүнөздүү болгон жалпы тобокелдиктерден көз каранды болуп саналат. Улуттук банктын кредиттик тобокелдигинин максималдуу деңгээли эрежедегидей эле, финансылык абал жөнүндө отчеттогу финансылык активдердин баланстык наркында чагылдырылат. Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегеришүү мүмкүндүгү потенциалдуу кредиттик тобокелдикти басаңдатуу үчүн олуттуу деле мааниге ээ эмес.

МАЗМУНУ

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

Отчеттук күнгө карата финансылык активдерге карата кредиттик тобокелдиктин максималдуу деңгээлин төмөнкүчө чагылдырууга болот.

| | 2017-жылдын 31- декабры | 2016-жылдын 31- декабры |
|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | |
| Депозитке салынган алтын | 7 415 975 | 6 667 667 |
| Кассадагы, банктардагы жана башка финансылык мекемелердеги каражаттар* | 85 771 514 | 88 963 122 |
| Берилген кредиттер | 7 519 897 | 7 438 576 |
| Үлүштүк инвестицияларды эске албаганда, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 43 009 884 | 34 359 544 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 251 313 | 312 535 |
| Башка финансылык активдер | 278 187 | 246 297 |
| **Бардыгы болуп, тобокелдиктердин максималдуу деңгээли** | **144 246 770** | **137 987 741** |

* Суммада чет өлкө валютасындагы акча каражатынын калдыгы камтылган эмес.

# 24 ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨГӨ АЛУУ, УЛАНДЫСЫ

## (в) Кредиттик тобокелдик, уландысы

### Географиялык концентрациялануу

